германия
кызматташтыгы
DEUTSCHE ZUSAMMENARBEIT

Исполнитель:

giz Deutsche Gesellschaft für Internationale Zusammenarbeit (GIZ) GmbH

Кыргыз Республикасынын
Эмгек жана социалдык
өнүгүү министрлиги



# Кесипке багыт берүү боюнча Кыргызстандагы иш менен камсыз кылууга көмөктөшүү кызматтары тарабынан көрсөтүлгөн тейлөөлөр үчүн системалуу мамиле

## Выходные данные

**Издатель**
Чыгаруучу

Deutsche Gesellschaft für Internationale Zusammenarbeit (GIZ) GmbH Башкы кеңселер Бонн жана Эшборн шаарларында, Германия “Иш менен камсыз кылууга жана кесиптик окутууга көмөктөшүү” программасы
Ул. Исанова 96
720001 Бишкек, Кыргызстан
T +996 312 90 91 47
F +996 312 90 65 58
giz-kirgisistan@giz.de
www.giz.de
www.giz-employment.kg

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги менен кызматташтыкта

**Басылып чыккан**
ОсОО “Printhouse Ltd”

**Дизайн**
ОсОО “Spark Design and Communication”

2018-жылдын декабрь айына
**карата абалы боюнча**

**Фото/Сүрөттөлүштөр**
Архив программы GIZ

**Авторлор**
Маргарета Линдер и Вальтер Бенс

Бул басылманын мазмуну үчүн GIZ жоопкерчиликте болот

Германиянын экономикалык кызматташтык жана өнүктүрүү боюнча Федералдык министрлигинин (BMZ)
**табыштамасы боюнча**

# МАЗМУНУ

Кириш сөз 5

## 1. АНЫКТАМАЛАР 6

1.1. Кесипке багыт берүү терминин аныктамасы 6

1.2. Кесипти тандоодо кесипке багыт берүү терминин аныктамасы 6

1.3. Кесиптик кеп-кеңеш берүү терминин аныктамасы 8

## 2. КЕҢЕШЧИНИН КӨНДҮМДӨРҮ 9

## 3. МАКСАТТАР, МИЛДЕТТЕР ЖАНА КЕСИПКЕ БАГЫТ БЕРҮҮ БОЮНЧА МАКСАТТЫК ТОПТОРУ 11

3.1. Максаттар 11

3.2. Милдеттер 12

3.3. Кардарлар тобу 13

3.3.1. Мектеп окуучулары 13

3.3.2. Жаш курагы 28 жашка чейинки жаштар 14

3.3.3. ЖОЖдордун бүтүрүүчүлөрү жана студенттер 14

3.3.4. 28 жаштан жогорку жумушчулар 15

## 4. КЕСИПКЕ БАГЫТ БЕРҮҮНҮН МЕТОДДОРУ ЖАНА КУРАЛДАРЫ (ИНСТРУМЕНТТЕРИ) 16

4.1. Кесипке багыт берүү жана мектеп окуучуларына кеп-кеңеш берүү 18
4.1.1. Кеп-кеңешти жүргүзүү боюнча колдонмону иште колдонуу 19
4.1.2. Кызыкчылыктар навигатору 20
4.1.3. Кесиптердин тизмеси 21
4.1.4. Компетенцияларды аныктоого карата тест 21
4.1.5. Кесип тандоо күндөлүгү 21
4.1.6. Укмуштуу окуялуу маршрут «Бешти сынап көр» 21
4.1.7. Ийгиликтүү кесипке багыт берүү факторлору 22
4.1.8. Жаштар үчүн идеялардын кутусу 23
4.2. ЖОЖдордун бүтүрүүчүлөрүнө жана студенттерине кесиптик кеп-кеңеш берүү 28
4.3. Жаш курагы жетилген жумушчулар үчүн кесипке багыт берүү 28

## 5. БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАРМАҢКЕЛЕРИ ЖАНА БОШ

# МАЗМУНУ


## ОРУНДАР (ВАКАНСИЯЛАР) ЖАРМАҢКЕЛЕРИ 30

5.1. Кесиптик билим берүү жарманкелери 30
5.2. ЖОЖдордун/карьера жарманкеси 31
5.3. Бош орундар жарманкелери 32
5.4. Текшерүү баракчасы – жарманкелердин ийгилик факторлору 33

## 6. КЕСИП ТАНДОО ПРОЦЕССИНДЕ КЕСИПТИК БАГЫТ БЕРҮҮНҮН БАШКА КАТЫШУУЧУЛАРЫ МЕНЕН КЫЗМАТТАШУУ 34

6.1. Текшерүү баракчасы – кызматташуу үчүн өнөктөштөрдү тандоо 36
6.2. Ата-энелер менен биргелешип иштөө 36
6.2.1. Кызматташуу принциптери 36
6.2.2. «Ата-энелер менен иш алып баруу» идеяларынын кутусу 37
6.3. Жалпы билим берүүчү мектептер менен кызматташуу 39
6.4. Кесиптик лицейлер жана университеттер менен кызматташуу 39
6.5. Жеке/мамлекеттик жумуш берүүчүлөр жана мектептер менен кызматташуу 40

## 7. ТИРКЕМЕ 43

*Колдонмолор*
-Жаштардын кызыгууларынын көрсөткүчү – 4.1.2-бөлүмгө
-Компетенцияларды аныктоого карата тест – 4.1.4-бөлүмгө
-Жаштар үчүн кесип тандоо күндөлүгү – 4.1.5-бөлүмгө
-«Бешти колдонуп көр» укмуштуу окуялуу каттам – 4.1.6-блумгө

*Колдонмо*
-«Бешти колдонуп көр» – 4.1.6-бөлүмгө

*Колдонмо*
Студенттерди/ЖОЖдордун бүтүрүүчүлөрүн ишке орноштуруу – 4.2. - бөлүмгө
«Маектешүүдөгү суроолор» - студенттер/ЖОЖдордун бүтүрүүчүлөрү үчүн маалыматтык баракчалар

ЖОЖдордун бүтүрүүчүлөрүнүн компетенцияларын талдоо үчүн иш баракчалары - 4.2-бөлүмгө.

Ата-энелердин дептери.

# КИРИШ СӨЗ

**Билим берүү жана кесип боюнча кеп-кеңеш өмүр бою окутуу, социалдык интеграция, эмгек базарындагы натыйжалуулук жана экономикалык өнүгүү сыяктуу мамлекеттик төрт максатка жетишүү үчүн алгылыктуу салым кошо ала турган фактысы барган сайын таанылууда. Кесип боюнча кеп-кенеш берүү ишке орношуу жана ыңгайлашуу мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтет, себеби бул учурда эмгек рыногуна алгачкы чыгууга карата, ошондой эле кесиптик өзгөрүүлөргө карата да карьера менен байланышкан чечимдерди кабыл алууда жардам көрсөтөт.**

Бул учурда кесипке багыт берүү эреже катары бир жалгыз органикалык системанын натыйжасы болбостон, жалпы жана кесиптик билим берүүнүн ичиндеги, эмгек тармагындагы, жергиликтүү жумушчу коомчулуктардын жана жеке сектордун ар кыл системаларынын өз ара аракеттеринин жыйынтыгы болуп саналат. Кесиптик билим берүү системасын бекемдөөдө иш-чараларды стратегиялык иштеп чыгуу жана , жайылтуу үчүн, ошондой эле сунуштардын майдаланышынан жана кайталанышынан оолак болуу максатында улуттук жана аймактык деңгээлдерде ар кыл катышуучулардын кызматташуусу зарыл. Катышуучулар катары иш менен камсыз кылууга көмөк көрсөтүү кызматтары, жумуш берүүчүлөр, профсоюздар, билим берүү мекемелери жана кеп-кеңеш боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоочу уюмдар алгылыктуу ролду ойношот.

Баарын камтыган үзгүлтүксүз кесипке багыт берүү системасын иштеп чыгуу үчүн кеңешчилердин жетиштүү потенциалы аркылуу да, ошондой эле алардын сапаты аркылуу жаштарды жана жаш курагы жетилген адамдарды кеп-кеңеш жана багыт берүүнүн талаптарына шайкеш келтирүү зарыл.

Мындан тышкары, кесиптик кеп-кеңеш алуу мүмкүнчүлүктөрүн жакшыртуу, кесиптер боюнча маалыматтардын көлөмүн жана сапатын тизмектөө, ошондой эле кесиптик кеп-кеңештерди каржылоону жөнгө салуу маанилүү.

Улуттук деңгээлде кесиптик багыт берүү тутумун түзүү үчүн жогорку деңгээлдеги максаттар жана милдеттер:

- Өзөктүү министрликтердин ортосундагы координацияны жакшыртуу
- Сунуштардын ачыктыгына жана толук баалуу болушуна өбөлгө түзүү
- Ылайыктуу жана актуалдуу материалдарды иштеп чыгуу
- Эмгек рыногу тууралуу маалыматтарды колдонуу
- Сапаттын стандарттарын иштеп чыгуу
- Тейлөөлөр менен тааныштыруу максатында коомчулук менен байланыш түзүү

Бул сунуштамада айрыкча иш менен камсыз кылууга көмөк көрсөтүү кызматын ролу баяндалган. Бул максат үчүн алгач жалпы аныктамалар баяндалат жана талаптар менен кесиптик кеңешчинин иш-билгилик (компетенцияларынын) профили баяндалат.

Экинчи бөлүмдө иш менен камсыз кылууга көмөк көрсөтүү кызматынын максаттары жана милдеттери кыскача баяндалат, айрыкча кесипке багыт берүү түшүндүрүлөт.

Ошондой эле иш менен камсыз кылууга көмөк көрсөтүү кызматынын кардарларынын топтору айырмаланат. Акырында, үчүнчү бөлүмдө кардарлардын тобу үчүн методдор жана куралдар топтолгон, ошондой эле карьеранын ар кыл баскычтары сүрөттөлөт. Төртүнчү бөлүмдө жарманкелерди уюштурууга өзгөчө көңүл бурулат.

Кесипке багыт берүү социалдык милдет катары башка катышуучулар менен кызматташтыктын алкагында гана жетишилиши мүмкүн болгондуктан, бешинчи бөлүмдө ата-энелер, мектептер, жумуш берүүчүлөр менен кызматташуу идеялары каралат. Бул жерде, бөлүмдөрдөгү так бөлүштүрүү кыйынга турары түшүнүктүү, себеби катышуучулардын ортосундагы ийгиликтүү кызматташуу иш менен камсыз кылууга көмөк көрсөтүү кызматтарынын дээрлик ар бир сунушунун негизи болуп саналат.

Жетекчилик колдонмо карамактагы методдор жана материалдардын жардамы менен ийгиликтүү куралдарды (инструменттерди) системалаштырат жана мектептер, ишканалар жана иш менен камсыз кылууга көмөк көрсөтүү кызматынын ортосундагы кызматташуунун апробацияланган моделдерин көрсөтөт. Сапатты жана карамактагы колдонулуп келген куралдардын (инструменттердин) сапатын камсыздоо тууралуу маалыматтар менен кошумчаланып, алар иш менен камсыз кылууга көмөк көрсөтүү жана кызматташуу боюнча башка өнөктөштөр иштей ала турган, жумушчу баракчалар, формулярлар жана мисалдар менен берилген көмөк маалымат формасында биригишет.

«Идеялар кутусунда» ийгиликтүү кооперациялар жана ийгиликтүү дидактикалык-методикалык концепциялар үчүн эң эле ылайыктуу мисалдар болуп саналган долбоорлор жана демилгелер сунушталган.

Жетекчилик колдонмонун жардамы менен иш менен камсыз кылууга көмөк көрсөтүү кызматынын жаш курагы жетилгендер үчүн кесипке багыт берүүнүн системалык жана туруктуу концепциясын калыптандыруу жана жаштарды кесип тандоого даярдоо үчүн импульстарды жана апробацияланган куралдарды (инструменттерди) алышат.

Бирок, жетекчилик колдонмо аяккы же статистикалык өндүрүм катары кабыл алынбашы керек. Ал андан ары дагы иштелип чыгарылышы, актуалдандырылышы, ошодой эле, апробацияланган мамилелер жана куралдар (инструменттер) менен туруктуу негизде кошумчаланып турушу зарыл.

Бул, айрыкча кесипке багыт берүү, мыйзамдык негизде иш менен камсыз кылууга көмөктөшүүкызматынын туруктуу жана узак мөөнөттүү милдети болуп саналат.

# Аныктамалар

1

## 1.1. КЕСИПКЕ БАГЫТТОО

**Кесиптик багыт берүү** ар кыл жаш курактагы жарандарга жана алардын жашоо-тиричилигинин каалаган мезгилинде билим алуу, кесиптик даярдык жана карьера, ошондой эле алардын жашоосун натыйжалуу пландаштырууга тиешелүү чечимдерди кабыл алуусуна көмөктөшүүчү бардык кызмат көрсөтүүлөрдү жана иш-чараларды билдирет. Мындай түрдөгү кызмат көрсөтүүлөр мектептерде, университеттерде, мамлекеттик кызматтарда жана жеке сектордо сунушталышы ыктымал. Иш-чаралар жеке бир адамга, ошондой эле адамдардын топторуна багытталышы мүмкүн. Ошондой эле кеп-кеңеш жекече түрдө же коммуникациянын ар кыл каражаттарынын жардамы менен өткөрүлүшү ыктымал (мисалы, тынымсыз линия же он-лайн көрсөтүлүүчү кызмат сыяктуу).

Кесипке багыт берүү төмөнкүдөй тейлөөлөрдү сунуш кылат:

- Кесиптер жана кесиптик карьера тууралуу маалыматтар (кагазга басылып чыккан, электрондук жана башка формаларда),
- Баалоонун жана өзүн-өзү баалоонун куралдары (инструменттери), мисалы, тесттер,
- Жеке кеп-кеңештер ,
- Кесиптик окутуу жана кайра окутуу,
- Иш издөө боюнча усулдар

(**Караңыз:** *Карьера боюнча жетекчилик колдонмо – Саясатты иштеп чыгуучулар үчүн жетекчилик колдонмо; ОЭСР, Европалык Комиссия жана Бүткүл дүйнөлүк Банк; 2004)*

Ошентип, кесипке багыт берүү тууралуу сөз болгондо, жашоодогу карьералык өтүүлөрдү кесиптик коштоо тууралуу кеп болот. Мындай учурлар жашоо-турмушунун ар кыл бөлүктөрүндө орун алат. Кеп-кеңеш алууга кайрылган адамдар иш менен камсыз кылууга комөк көрсөтүү кызматына колдоо табуу үчүн келишет. Алар көбүнчө ишенимсиздик, максаттардын ачыктыгы жана жаңы багыт алуунун жана өзгөрүүнүн зарылдыгы менен мүнөздөлгөн, өткөөл жагдайларда болушат.

Жашоо-тиричиликтин аралыгында кайталана турган ар кыл өтүүлөр бар:

| | |
|---|---|
| Жалпы билим берүү | Кесиптик билим берүү/ жогорку билим берүү |
| Кесиптик билим берүү | Иш менен алектенүү |
| Иш менен алектенүү | Жаңы иш менен алектенүү |
| Жумушсуздук | Квалификацияны жогорулатуу /иш менен алектенүү |
| Квалификацияны жогорулатуу | Иш менен алектенүү |

Ошондуктан, кесипке багыт берүү ыңгайлануу , кайра багыт алуу, же жада калса, жаңы багыт алуунун негиздөөчүсү катары жашоо-тиричиликтин бүткүл аралыгында орун алат.

Ар кыл турмуштук өтүүлөрдүн этаптарында карьералык планда коштоонун милдети кеп-кенеш берүү жана максаттык топко жараша методдорду жана иш-чараларды колдонуу жаатындагы кесиптик компетенттүүлүктү талап кылат. (4-бөлүмдү («Методдор») караңыз).

## 1.2. КЕСИП ТАНДООДО КЕСИПКЕ БАГЫТ БЕРҮҮ

Арийне, ар бир адамдын жашоо-турмуш баскычындагы эң маанилүү өтмөгү болуп жалпы билим алуу менен кесиптик билим алуунун, же жогорку билим алуунун ортосундагы биринчи өтмөк саналат.

Жетилүүнүн классикалык милдеттерине кесип тандоо да кирет. Салттуу коомчулуктарда эркек балдардын милдети атасынын кесиби тарабынан так бекитилген эмес, бирок ал негизинен алдын-ала ошондой деп аныкталган болот. Дыйкандын баласы дыйкан, офицердин баласы - болочок офицерлер болушкан. Бирок, бул эрежени четке каккан учурда да, адам баласы тиешелүү социалдык абалдагы кесиптер тармагында калган.

Азыркы коомдо бул пикир түп-тамырынан бери өзгөрбөгөнү менен, баары бир олуттуу өзгөрүүлөр болуп өттү. Буга кыздар өздөрүнүн кесиптик калоолору тууралуу билдире алышы да кирет. Жаңы ачылыштар өзү менен кошо жаштар үчүн кесипке багыт берүүнүн ири кыйынчылыктарына алып келди. Көпчүлүк кесиптер жалпы билим берүүчү мектептердин бүтүрүүчүлөрүнө белгисиз. Көпчүлүк жаш адамдар өздөрүнүн ата-энелеринин кесиптери жана алардын айланасындагылар тууралуу өтө так эмес маалыматтарга ээ.

Ар бир практик адам кесипти биринчи тандоо канчалык татаал экендигин, жана ал жаш адам үчүн канчалык маанилүү экендигин билет. Анткени, кесипти кылдат тандоо төмөнкүлөр үчүн пайдубал түптөйт;

- Жеке канааттануу
- Кесиптик билим алуудагы ийгилик (окууну үзгүлтүккө учуратуунун алдын-алуу)
- Карьерадагы ийгилик

Бирок, ар бир практик адам жаш балдар үчүн чечимдерди кабыл алуу процесси өтө татаал экендигин билет. Алар адистик колдоого муктаж болушат Кеңешчи адис тин ролу чечимдерди кабыл алууну өзүнө ыйгарууда эмес, анын негизги ролу, чечим кабыл алууда коштоп жүрүүчү адам болууда жатат. Жаш адам чечимди өзү кабыл алышы керек, себеби:

- Кесип тандоо процессинде эң маанилүү адам болуп саналат,
- Ал кеп-кенештин жыйынтыктарын жашоодо ишке ашырышы керек,
- Ага кеп-кеңештин жыйынтыгы жана тандаган кесип менен мындан ары жашоого туура келет

### ГЕРМАНИЯДАГЫ ФЕДЕРАЛДЫК КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮ ИНСТИТУТУ КЕСИПКЕ БАГЫТ БЕРҮҮ ТЕРМИНИНЕ ТӨМӨНКҮДӨЙ АНЫКТАМА БЕРЕТ:

Жаштарга кесиптик багыт берүү эки тарап катышкан процессти билдирет: бир жагында өздөрүнө өздөрү багыт берген, өз кызыгуулары, жөндөмдүүлүктөрү жана максаттары менен таанышышкан жаш адамдар. Ал эми экинчи жагында, жумушчу дүйнөнүн жаш адамдарды багыттоого туура келүүчү талаптардан турат. Эки тарап тең дайыма макулдашып турушу керек. Кесип боюнча багыт берүү жаш адамдарга өзүнүн күчтүү жактарын жана кызыгууларын таанууга, кесиптик келечегин иштеп чыгууга жана ошентип мектептен кесипке карай өтүүнү жеңилдетүүгө көмөк көрсөтүүнү көздөйт.

***(ФКББИ (орусчасы: ФИПО)*** *– Федералдык Кесиптик Билим берүү Институту)*

Азыркы кесипке багыт берүү, жекече коштоп жүрүү жана кесип тандоо процессинде жаш балдарга колдоо көрсөтүү максатын көздөйт. Кесипке багыт берүү боюнча сунуштар окуучулардын жекече (окуу) өбөлгөлөрүн эске алышы керек, ошондой эле алардын күчтүү жактарын жана потенциалын пайдалануу менен, кызыкчылыктарын жана керектөөлөрүн канааттандырышы керек, ата-энелер маанилүү өнөктөш катары, кесипке багыт берүү процессине тартылышы кажет.

Эмнени кабыл алышы керектигин жана жыйынтыгында кайда болууну каалагандыгын билген адамга, алдына коюлган максатка жетишүү оңой. Кесип боюнча эрте багыт берүү жана дисциплиналар аралык өзөктүү иш- билгиликти (компетенцияларды) алга жылдыруу мектептен кесипке карай ийкемдүү өтүүнү камсыз кылууга жардам берет. Ийгиликтүү өтүүнү камсыздоо жана жаштар менен бирге туура жолду издөө, ушунун өзү, натыйжада жаштар өз иштеринде жана карьерасында да ийгиликтүү болушу үчүн, ар бир кеп-кеңештин маңызы жана максаты болуп саналат.

Негизинде, иш менен камсыз кылууа көмөк көрсөтүү кызматы, мектептер, ишканалар жана ата-энелер биргелешип аракеттенишет.

Иш менен камсыз кылууга көмөктөшүү кызматтары катышуучу катары, кесипке багыт берүүнүн алкагында өзгөчө орунду ээлешет. Алар бизнес, мектептер жана кесиптик билим берүү институттарынын ортосундагы маанилүү байланыштыруучу тогоо (звено) болуп саналат, ошол эле учурда ата-энелер жана жаштар, же бардык мектептердин окуучулары үчүн байланыш тарап болушат. Мектептерде кесипке багыт берүү концепциясынан тышкары, иш менен камсыз кылууга көмөктөшүү кызматы эмгек рыногунун өнүгүшүнө, алардын кеп-кеңеш берүү иш-билгилигине (компетенцияларына) жана аймактык өнөктөштөргө өз салымдарын кошо алышат.

Билим берүү системасы ар дайым кыймылда болуп турат. Ошентип, маалыматтык технологиялар сыяктуу, тармактарда барган сайын жаңы кесиптер пайда болууда, жана тескерисинче, мындан бир нече жыл мурда, мисалы, верстальщик же сүрөт тартуучу сыяктуу кесиптерге жана өтө керек болгон ишмердүүлүктүн айрым түрлөрүнө суроо-талаптын төмөндөшү байкалууда. Мектептер жана ата-энелер үчүн өсүп келе жаткан муунду билим алуу жана кесип тууралуу чечимдерди кабыл алууда коштоо үчүн азыркы замандын талабы тууралуу кабардар болуп туруу маанилүү. Иш менен камсыз кылууга көмөктөшүү кызматы бул учурда кесипке багыт берүү, маалымдоо, кеп-кеңеш берүү жана ортомчу болуу менен жардам беришет.

Кесип тандоо процесси узак процесс болуп саналат жана ар тараптуу багыт берүүнү талап кылат. Жаштар иш менен камсыз кылууга көмөктөшүү кызматынан төмөнкү учурларда жардам алышат:

- Каалаган кесип боюнча суроолор бар болгон учурда
- Кайсыл кесипке ээ болгусу келгендигин так тандай албаган учурда, иш менен камсыз кылууга көмөктөшүү кызматы маалыматты жана кесипке багыт берүүдө жардамды сунушташат
- Тажрыйба өтүү үчүн орундарды издеген учурда
- Документтерин тапшырууда же аңгемелешүүнүн алдында жардамга муктаж болгондо
- Окуунун мүмкүнчүлүктөрү тууралуу маалыматтарды алууну каалаганда

# 1.3. КЕП-КЕҢЕШ БЕРҮҮ ТЕРМИНИНИН АНЫКТАМАСЫ

Кесипке багыт берүүнүн алкагындагы борбордук кызмат көрсөтүү болуп жеке кеп-кеңеш берүү саналат. Кесип боюнча кеп-кеңеш берүү жаштарга жана жаш курагы жетилген адамдарды алардын жөндөмдүүлүктөрүнө, кызыгууларына жана өзгөчөлүгүнө ылайык кеп-кеңеш берүү, ошондой эле алардын кесипти же карьерадагы өзгөрүүлөрдү тандоосуна колдоо көрсөтүүгө багытталган. Иш менен камсыз кылууга көмөктөшүү кызматынын кызматкерлери кесип жана эмгек рыногуна тиешелүү бардык суроолор боюнча байланыштыруучу тарап болуп саналышат. Иш менен камсыз кылууга көмөктөшүү кызматынын кеп-кеңеш өткөрүүсү акысыз болуп саналат жана колдоо издегендердин бардыгы үчүн ачык.

Кеп-кеңеш берүү – бул көйгөйлүү жагдайды чечүүгө натыйжалуу жана максаттуу көмөктөшүү үчүн «кеңешке кайрылуучунун» активдүү катышуусундагы кеңешчинин кесипкөй аракеттери. Мунун негизи болуп кеңешчи менен «кеңешке кайрылуучунун» ортосундагы ийгиликтүү жана калыптанган коммуникация саналат.

*(**Караңыз:** МакЛеод, Джон – Консультациялоого киришүү (Введение в консультирование) - 1998)*

| Консультациянын форматы | Максаттык топтор |
|---|---|
| Багыттама кеп-кеңеш | жаштар, жумушчу |
| Интеграциялык кеп-кеңеш | жумушсуздар, жумушчулар өзгөчө максаттык топтор: мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар, эмгек ишмердүүлүгүнө кайтып келип жаткан, жаш курагы улуу жумушчулар |
| Иш берүүчүлөргө кеп-кеңеш берүү | Жумуш берүүчүлөр |

# Кеңешчинин көндүмдөрү 2

**Карьера боюнча кеп-кеңеш колдонуу жаатына багытталган, тажрыйбалык милдет болуп саналат. Кеңешчи бул учурда ар кыл, мисалы, психология, социология, педагогика жана теория жана тажрыйбадагы ар кыл аспекттер сыяктуу дисциплиналарды эске алат.**

Кеп-кеңеш берүү контекстинде түшүнүлөт, ал дайыма системанын ичинде жүрөт, жана ошол эле учурда ар кыл катышуучулар кеп-кеңешке таасир тийгизишет –кеңешчи,«кеңешке кайрылуучу», мекеме/институт, коомчулук.

Кесипке багыт берүүнү уюштуруу үчүн эл аралык деңгээлдеги таанылган аракеттердин принциптерине жана сапаттын стандарттарына төмөнкүлөр кирет:

- адам баласынын жашоо-тиричилиги үчүн маанилүү тармактар катары билим алууну жана жумушту таанууга көмөктөшүү;
- «кеңешке кайрылуучунун» суранычына ачыктык менен жооп кайтаруу;
- жардамдын эң мыкты вариантын сунуштоо;
- активдүү өнөктөш катары «кеңешке кайрылуучуну» түшүнүү жана колдоо;
- «кеңешке кайрылуучунун» ресурстарын эске алуу менен көңүл буруу;
- кеңеш берүү процессинин айкындуулугун камсыздоо;
- жыйынтыктарга багытталууну камсыздоо;
- макулдашуулар жана келишимдер жолу менен милдеттемелерди орнотуу;
- маалыматтардын корголушун камсыздоо;
- өз кеп-кеңеш берүү аракеттерди талдоо.

*(**Караңыз:** Эл аралык Билим берүүчүлүк жана кесиптик кеп-кеңеш берүү ассоциациясы; Кеп-кеңеш боюнча Улуттук форум)*

Кесиптик кеңешчинин көндүмдөрүнүн профили өтө кеңири жана өзүнө спецификалык, методологиялык, социалдык жана кадрдык көндүмдөрдү камтыйт.

## Кесиптик билимдер

- Психология, педагогика, социология илимдеринен өздөштүрүлгөн билимдер;
- Экономика, укук, медицина тармактарынан өздөштүрүлгөн билимдер;
- Кесиптик билим алуунун жолдору жана аны өнүктүрүү мүмкүнчүлүктөрү тууралуу атайын билимдер;
- Карьеранын, карьералык перспективалардын, ишмердүүлүктөрдүн квалификациянын ар кыл деңгээлдериндеги мүмкүнчүлүктөрү тууралуу негиздүү билимдер;
- Эмгек рыногунун аймактык жана улуттук түзүмдөрү тууралуу билимдер;
- Тиешелүү маалыматтар базасы жана издөө стратегиялары тууралуу билимдер;
- Башка өлкөлөрдүн билим берүү системасынын жана эмгек рыногунун негиздери;

## Социалдык көндүмдөр

- Коммуникативдик көндүмдөр, мисалы, баарлашуу үчүн ишенимдүү жагдайды түзүү;
- Эмпатия, сый-урмат жана чынчылдык;
- Мамиле-катышты түзүү жөндөмдүүлүгү: бирок жакындык менен дистанциянын ортосундагы тең-салмактуулукту сактоо;
- Чыр-чатакты (конфликтти) чечүү көндүмдөрү;
- Мотивациялоо жөндөмдүүлүгү

**КЕСИПТИК ЖАРАМДУУЛУК/ АРАКЕТТЕРГЕ ЖӨНДӨМДҮҮЛҮК**

## Методикалык көндүмдөр

- Вербалдык жана вербалдык эмес коммуникациянын дифференцияланган көндүмдөрү. Мисалы: уга билүү, вербалдык эмес коммуникацияны жана кеп-кеңеш жүргүзүүнүн ар кыл методдорун түшүнүү;
- Мисалы: түшүнүктүү тилди колдонуу, жагдайга ыктуу келген суроолорду берүү, кийлигишүү жолу менен импульстарды берүү көндүмү;
- Конфронтация, кайтма байланыш, маалыматтарды берүү;
- Концептуалдык көндүмдөр
- Көйгөйдү түшүнүү, көйгөйдү чечүү көндүмү, ачык ой жүгүртүүнүн ийкемдүүлүгү жана шыктуулугу;
- Тиешелүү ыкмада маалыматты кайра иштеп чыгуу жөндөмдүүлүгү;
- Социалдык системадагы абалды түшүнүү, мисалы: үй-бүлөлүк жана жумушчу мамиле-катыштар тууралуу билимдер, өнөктөштөр менен мамиле-байланыштарды жөндөө билгичтиги;
- Топтор менен иштөө методдору.

## Жеке сапаттар

- Өзүнүн инсандыгына карата сый мамиле – өзүнүн кадыр-баркын сезе билүү сезими;
- Жекече бүтүндүк жана жеке баалуулуктардын өздүк ишмердүүлүк менен шайкеш келүүсү;
- Өздүк баалуулуктар жана ченемдердин үстүндө иштөө – социалдык адатка айланган көз карашсыз;
- Аутенттүүлүк, бекемдик, ишенимдүүлүк;
- Системалык өзүн-өзү талдоого жана өзүнүн кеңешчи катары ролун талдоого жөндөмдүүлүк;
- Андан ары өнүгүүгө даярдык.

# Максаттар, милдеттер жана кесипке багыт берүүнүн максаттык топтору 3

**Кыргыз Республикасынын эмгек жана социалдык өнүгүү министрлиги өзүнүн бөлүмдөрү менен эмгек рыногу үчүн жана жарандарды окутуу үчүн, ошондой эле ишканалар жана мекемелер үчүн кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо боюнча комплекстүү милдеттерди аткарат. Бул кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо үчүн министрликтин карамагында аймактардагы жумуш менен камсыздоо бөлүмдөрү бар. Бул бөлүмдөрдө иш менен камсыз кылууга көмөк көрсөтүү кызматтарынын экономикалык-саясий максаттары, милдеттери жана кардарлардын айкын топтору сүрөттөлөт.**

## 3.1. МАКСАТТАР

Эмгек рыногундагы саясаттын иш-чараларынын жогору турган максаты өзөктүү экономикалык жана социалдык көйгөй катары жумушсуздуктун алдын- алуу, кыскартуу жана бардык жарандардын социалдык катышуусун жакшыртуу болушу керек. Бул үчүн кеп-кеңеш берүүнү туруктуу жакшыртуунун жана «кеңешке кайрылуучуну» иш менен камсыз кылууга көмөк көрсөтүү кызматтарына интеграциялоонун үстүндө, ошону менен коомдун жумуш менен камсыз болушунун деңгээлин жогорулатуунун үстүндө дайыма иштөө керек. Максат жумушчу орундарын кепилдөөдө жана экономикалык өнүгүүгө көмөктөшүүдө жатат.

Эмгек рыногундагы саясаттын, иш менен камсыз кылууга көмөк көрсөтүү кызматтарынын жардамы менен жетишиле турган максаттар болуп, биринчи кезекте, төмөнкүлөр саналат:

- Жумушсуздуктун жаралышына каршы аракет көрсөтүү;
- Жумушсуздуктун узактыгын кыскартуу;
- Эмгек рыногундагы суроо-талап менен сунуштардын жана билим берүүнүн ортосундагы тең салмактуулукту кармап туруу, б.а. эмгек рыногуна шайкеш келүү процессин жакшыртуу.

Иш менен камсыз кылууга көмөк көрсөтүү кызматтарынын жардамы менен узак мөөнөттүү келечекте эмгек рыногундагы саясаттын кийинки максаттары жетишилиши керек:

- Эмгек рыногунда жана билим берүү системасында айкындуулукту жогорулатуу;
- Кесиптик жана аймактык мобилдүүлүктү колдоо жана бош орундарга (вакансияларга) ыкчам жумушка орноштурууну камсыздоо;
- Көндүмдөрдү, билимдерди жана жөндөмдүүлүктөрдү колдоо жана өнүктүрүү жолу менен жумушка жеке орноштурууга көмөк көрсөтүү;
- Адамдардын социалдык обочолонуусунан алыс болуу жана тең мүмкүнчүлүктөрдү жакшыртуу;
- Бааланбай калган ишке орношууга каршы аракет көрсөтүү;
- Аялдардын кесиптик абалын жакшыртуу;
- Четке кагууга (баш тартууга) же квалификацияны жоготууга каршы аракеттенүү.

Кесиптик чечимдерге көп учурда өмүр бою муктаж болгондуктан, бүткүл жашоо-турмуш аралыгында коштоп жүрүү үчүн кесипке багыт берүүнүн көп кырдуу системасын иштеп чыгуу барган сайын өтө маанилүү болууда. Максат керектөөгө багытталган кесиптик кызмат көрсөтүүлөр үчүн адамдык жана финансылык ресурстарды сунуштоодо жатышы керек. Кесиптик кеп-кеңеш алууга болгон мүмкүндүктү кеңейтүү зарыл, ал эми кесиптик маалыматтын сапаты жана көлөмү системалуу жана дайыма жакшырып турушу кажет.

Кардарлардын бардык топтору үчүн кесиптик кеп-кеңеш жана кесипке багыт берүү кесиптик интеграцияга, ишканаларды жаш адистер менен камсыздоо жана натыйжада, эмгек рыногундагы суроо-талап менен сунушту теңдештирүүдө алгылыктуу салым кошушат. Жумушчу кызматкерлер өздөрүнүн кардарлары үчүн багыт берүүчү сунуштары менен жана массалык маалымат каражаттары аркылуу төмөнкүдөй максаттарды көздөшөт:

- **Жаштар** «Кесип тандоо» темасына өз убагында тартылышы жана окуу жана кесип тууралуу өз алдынча жана компетенттүү чечимдерди кабыл алууга даяр болушу керек. Билим алууну жана кесипти чыныгы тандоо алдын-ала сактоочу мүнөздөгү иш-чаралардын жардамы менен колдоого ээ болуп турат, мунун негизинде туура эмес чечимдерди алдын-алуу болот. Мындан тышкары, кесип тандоодо жеке демилге жана жеке жоопкерчилик күчтөндүрүлүшү керек.
- Багыт берүүнүн жаңы этаптарында **иштегендерге** жана жумуш издегендерге алардын билим алууну, жумушту өз алдынча издөөсүндө жана алардын көндүмдөрүндө жана жеке маркетингинде көмөк көрсөтүү зарыл.

- **Мугалимдер, ата-энелер** жана башка кызматташуу боюнча өнөктөштөр кесиптик консультациялоо боюнча иш-чараларга катышышы жана кесип тандоо даярдыгына жардам бериши керек.
- **Жумуш берүүчүлөр** билим берүү системасындагы, жогорку билим берүү жаатындагы маанилүү өнүгүүлөр тууралуу жана кесиптик кеп-кеңеш берүү сунуштар тууралуу кабардар болушу кажет. Ошол эле учурда алар кесип тандоого карата жаштарды даярдоо үчүн кызматташуу боюнча өнөктөш болууга тийиш.

## 3.2. МИЛДЕТТЕР

Иш менен камсыз кылууга көмөк көрсөтүү кызматтарынын негизги милдеттери төмөнкүлөр болуп саналат:

- Ишке орноштурууга жана иш менен камсыз кылууга көмөк көрсөтүү;
- Окуу жана жумушчу орундарында иштөө;
- Карьера маселелери боюнча кеп-кеңеш берүү;
- Иш берүүчүлөргө кеп-кеңеш берүү;
- Кесиптик билим берүүнү алга жылдыруу (илгерилетүү);
- Кесип боюнча квалификацияны жогорулатууну алга жылдыруу (илгерилетүү);
- Ден-соолук мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарды кесиптик интеграциялоого көмөк көрсөтүү;
- Жумуш орундарын кармап туруу жана түзүү боюнча тейлөөлөр;
- Жумушсуздук боюнча жөлөк пулдарды төлөө.

Мындан тышкары, иш менен камсыз кылууга көмөк көрсөтүү кызматтары эмгек рыногун жана кесиптерди изилдөөнү, эмгек рыногунун жана отчеттуулуктун мониторингин ошондой эле, эмгек рыногунун статистикасын жүргүзүшөт.

Жогоруда сөз кылынган милдеттерди ишке ашыруу максатында иш менен камсыз кылууга көмөк көрсөтүү кызматтары тиешелүү кызыкдар тараптар менен кызматташат жана өздөрүнүн ишинин натыйжалуулугун жана жыйынтыктуулугун камсыздоо үчүн өз кызмат көрсөтүүлөрүн керектөөгө ылайык жөнгө салышат. Иш менен камсыздоого көмөктөшүү кызматтары өз сунуштарынын ачыктуулугун камсыздайт, маалымдоо үчүн кулактандырууларды жарыялашат жана коомчулук менен байланыш түзүү боюнча натыйжалуу иштөөнү көздөшөт. Иш менен камсыз кылууга көмөк көрсөтүү кызматтары өз ишинин кесипкөйлүгүн камсыздоо үчүн сапат чен-өлчөмдөрүн (критерийлерин) иштеп чыгышат.

Кесипке багыт берүү жаатында ишмердүүлүктү кеңейтүү иш менен камсыз кылууга көмөк көрсөтүү кызматтарынын өнөктөштөр менен кызматташуусун өнүктүрүүнү талап кылат. Кызматташуунун максаты бардык катышуучулар үчүн кесипке багыт берүү кызмат көрсөтүүлөрүн жүзөгө ашыруу болуп саналат.

Натыйжалуу координациядан улам иштин сырларын жайылтууга жана дал келүүлөрдөн оолак болуу үчүн ресурстарды жана өз ара аракеттенишүү таасирин пайдаланууга болот.

Мамлекеттик мыйзамдарга ылайык иш менен камсыз кылууга көмөк көрсөтүү кызматтары бардык максаттык топтор үчүн кесипке-багыт берүүчүлүк иш-чаралар боюнча сунуштардын милдеттүү диапазонун сунушташат.

Иш менен камсыз кылууга көмөк көрсөтүү кызматтарынын алдында өз иш-чараларын сунуштоо милдети гана турбастан, ошондой эле жергиликтүү, аймактык жана борбордук, улуттук деңгээлдердеги координациялоого жана кызматташууга умтулуу да турат.

Иш менен камсыз кылууга көмөк көрсөтүү кызматтарынын кесипке багыт берүү жаатындагы милдеттерине узак мөөнөттүү перспективага төмөнкүлөр кирет:

- жергиликтүү деңгээлде катышуучулардын өз ара аракеттерин жана координациясын демилгелөө жана колдоо;
- кесиптер боюнча маалыматтардын толуктугуна, нейтралдуулугуна, объективдүүлүгүнө жана актуалдуулугуна карата сапаттын минималдык стандартын камсыздоо;
- аймактык жана жергиликтүү деңгээлдерде иш менен камсыз кылууга көмөк көрсөтүү кызматы тарабынан кесипке багыт берүү кызмат көрсөтүүлөрүн сунуштоо;
- кесиптик маалыматтык борбор менен биргеликте өнөктөштөр менен кызматташуу үчүн ылайыктуу бөлмөлөрдү сунуштоо.

Ар бир кеңешчинин милдети карьералык өтүүлөрдө жардам берүүдө жана жеке демилгелерди колдоодо жатат. Кеңешчилер чечимдерди табууда жана аларды ишке ашырууда колдоо көрсөтүшөт.

Төмөнкү учурларда кеңешчи«кеңешке кайрылуучуга» жардам бере алышат :

- Кесиптик максаттарды иштеп чыгууда;
- Ишенимди жана адекваттуу өзүн-өзү баалоону өнүктүрүүдө
- Мүмкүндүктөрдү (шанстарды) жана чечимдердин кесепеттерин таразалоодо;

- Маалыматтын релеванттык булактарын аныктап таанууда;
- Аракеттердин стратегияларын иштеп чыгууда;
- Үй-бүлө мүчөлөрүн процесске тартууда.

Жаш балдарга кесипке багыт берүү алардын жөндөмдүүлүктөрүнө, кызыгууларына жана мүнөзүнө же алардын инсандык сапаттарына ылайык кеп-кеңеш берүү жана кесип тандоодо колдоо көрсөтүүгө багытталышы керек. Бул учурда айрыкча туура эмес чечимдерди кабыл алуу бөгөттөлөт, ал эми окуусун токтоткондордун саны тыкыр кесиптик коштоонун жана кеп-кеңеш берүүнүн аркасында кыскарат. Жаштар өз чечимдерин тыкыр жана ишенимдүү кабыл алышы үчүн эмгек рыногундагы маалыматтар аларга жеткиликтүү болушу керек.

## 3.3. КАРДАРЛАР ТОБУ

Иш менен камсыз кылууга көмөк көрсөтүү кызматтары тейлөөлөрдү сунуш кылышат, ошондуктан алардын кызматкерлери ар кыл максаттык топтор менен же кардарлардын топтору менен иштегенди билиши керек, себеби алардын ишмердүүлүгүнүн борборунда кеңеш алууга кайрылган адам турат. Кардарлардын эки негизги тобу бар – жумуш берүүчүлөр жана жумушчулар, ошол эле учурда кардарлардын жумушчулар тобу өтө ар кошкон адамдар болушат. Аларга, мисалы, жумушка орноштурулган ар кыл мүнөздөмөдөгү жана өзгөчөлүктөгү жумушсуздар, студенттер, жаш балдар жана жогорку окуу жайлардын бүтүрүүчүлөрү кирет.

Бул учурда кардарлардын ар кыл топтору ар кыл жол- жоболорду (процедураларды) жана атайын сунуштарды да талап кылат. Иш берүүчүлөр менен жумушчулардын сурамдары, керектөөлөрү жана талаптары ар башка болот. Иш менен камсыз кылууга көмөк көрсөтүү кызматынын коом тарабынан таанылуусу жана ишинин натыйжалуулугу көп жагынан кардарлардын тиешелүү топтору менен иштөөдөгү адискөйлүктөн көз каранды.

Сегментациялоо же кардарлардын тобун бөлүштүрүү үчүн ар кыл чен-өлчөмдөр (критерийлер) бар. Бир жагынан, адамдардын тобун бирдей мүнөздөмөлөргө, чектөөлөргө же турмуштук жагдайларга ылайык дифференциялоого болот. А бирок кошумча, анын ичинде квалификациянын же активациянын зарылдыгы сыяктуу аспекттер кошулушу мүмкүн. Мына ушундай жол менен гана ресурстарды натыйжалуу жана ылайыктуу колдонууга мүмкүн (Караңыз: Эмгек рыногунун кызмат көрсөтүүлөрү боюнча көмөк маалымат).

Кесиптик кеп-кеңеш кардарлардын тобуна жараша анын мазмунун, убактысын, методун жана концепциясын ийкем колдонууну керек болгон сунуштардын кең спектрин камтыйт.

### 3.3.1 Мектеп окуучулары

Кардарлардын биринчи маанилүү тобу болуп мектеп окуучулары саналышат. Бул топко өзгөчө көңүл буруу зарыл, себеби ал коомду түзө турган жана анын экономикалык өнүгүшүнө таасирин тийгизе турган келечек муунун билдирет.

Азыркы учурда Кыргызстандын жаштарынын арасында мурункудай эле, адвокат, экономист же банкир сыяктуу жогорку абройлуу делген, коомдогу популярдуу кесиптерди тандоо тенденциясы бар. Бул кесиптер боюнча кадрлар ашыгы менен даярдалууда, ал эми бүтүрүүчүлөрдүн саны эмгек рыногундагы учурдагы суроо-талапка дал келбейт. Анын аркасында бүтүрүүчүлөр үчүн тиешелүү кесепеттер да турат – аргасыз жумушсуздук, окууну токтотуу жана көңүл калуу. Көпчүлүк жаш балдар окуусун алмаштырышат, таптакыр башка тармакта иштешет же алардын адистигинен өтө алыс болгон, кесиптик кайра даярдоого катышышат. Ошондой эле экономикалык коромжулар (чыгымдар) жана социалдык наразычылыктар социалдык деңгээлдеги мүмкүн болуучу кесепеттер болуп саналышат. Жаш балдардын бул «каталарынын» себептери болуп, бир жагынан, чыныгы өзүн-өзү баалоонун жоктугу жана, экинчи жагынан, эмгек рыногунун өнүгүүсүн жана айрым секторлордогу суроо- талапты билбегендик саналат.

Жаш балдар таптакыр жаңы көйгөйлөргө туш болушат – үзгүлтүксүз билим алуу, ааламдык (глобалдык) окуялар, өзүнүн бүтүндөй жашоо-турмушунун аралыгында туруктуу жумушка орношуу ж.б. Ошондуктан алар үчүн кесипти тыкыр тандоо жана туруктуу карьераны камсыздоого мүмкүндүк берүүчү билим берүү учурундагы көндүмдөрдү өнүктүрүү маанилүү. Кесип тандоо процессине келгенде, жаш балдарга (жеке жоопкерчилик алуусуна колдоо көрсөтүү жана өзүнүн кесиптик карьерасынын түзүүчүсү (конструктору) катары түшүнүү маанилүү.

Жаш балдарга кесиптик кеп-кеңеш берүү бүтүндөй коом үчүн чакырыкты билдирет жана бүтүндүк мамилени жана эмгек рыногунун ар кыл катышуучуларынын, мисалы, мектептердин, кесиптик билим берүүнүн, ЖОЖдордун өкүлдөрүнүн, жумуш берүүчүлөрдүн, иш менен камсыз кылууга көмөк көрсөтүү кызматтарынын кызматташуусун талап кылат.

Кесип тандоо – ар бир мектеп окуучусу үчүн эң маанилүү чечим. Өзүнүн кесиптик өмүр жолунун башталышында жаш балдар ээ болгон тажрыйба алардын жумушка карата мамилесин, алардын үзгүлтүксүз билим алууга карата даярдыгын жана жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү үчүн негиз түзүүчү мааниге ээ.

Көптөгөн төмөнкүдөй сыяктуу суроолор жаш балдарды алардын тандоо жасоо процессинде жетелеп турат:

- Кандай кесип мага ылайыктуу?
- Кайсыл тармактар мени кызыктырат жана алар келечекке карата багытталганбы?
- Кайсыл карьералык жол үчүн кандай билим алуу зарыл?
- Кандай инсандык жана социалдык иш-билгилик (компетенциялар) талап кылынат?
- Менин күчтүү жактарым жана кызыгууларым кандай?

Бул учурда кеңешчилер жаштарга өздөрүнүн күчтүү жактарын жана кызыгууларын баалоодо жетиштүү колдоо көрсөтүшөт, ошондой эле кесиптер жана аларга карата талаптар жана перспективалар, кесиптик билим алуунун жолдору жана колдоо көрсөтүүнүн мүмкүнчүлүктөрү, ошондой эле ишканалардагы, администрациялардагы жана эмгек рыногундагы кесиптик маанилүү өнүгүүлөр тууралуу маалымдап турушат.

Мектептен кесипке карай өтүүдө, билимдерди берүүдөн тышкары, ишканалардагы тажрыйбанын тажрыйбасы жана өзүнүн ойлоруна жана өзүнүн окууга жана иштөөгө болгон каалоосуна сынчыл мамиленин болуусу зарыл.

Кесипке багыт берүүнүн интенсивдүүлүгү үчүн ар бир жаш адам үчүн керектүүжана пайдалуу төмөнкүдөй кадамдар зарыл:

- кызыгууларды, күчтүү жана алсыз жактарды түшүндүрүү, ошондой эле чыныгы өзүн-өзү баалоону башка тараптарды кабылдоонун негизинде иштеп чыгуу;
- жеке жана социалдык көндүмдөрдү бекемдөө;
- потенциалды талдоо же жөндөмдүүлүктөрдү баалоо;
- карьераны пландоо, жекече кеп-кеңеш берүү жана керектөөлөргө багытталган коштоо;
- тажрыйбалык тажрыйба жана тажрыйба жүзүндө окутуу жана/же мектептен тышкаркы окуу жайлар.

## 3.3.2 Жаш курагы 28 жашка чейинки жаштар

Жаш курагы 28 жашка чейинки жаштар – бул куррактык алкактар жана өзүнүн коомдогу статусу: балалыктан жана өспүрүм курактан социалдык жоопкерчиликке өтүүсү менен айырмаланган өзгөчө социалдык-курактык топ. Жаштар деп, социалдык калыптануу үчүн аларга коом мүмкүнчүлүктөрдү сунуштаган жаш балдардын топтому түшүнүлөт. Бул топ калктын башка топторунан ири даражада ыкчамдуулук (мобилдүүлүгү), интеллектуалдык активдүүлүк жана саламаттыкка ээ болуу деңгээли менен пайдалуу айырмаланып турушат.

Негизги мүнөздүү белгилер:

- Узак эмгек жолу;
- Квалификациянын жоктугу же төмөнкү квалификация;
- Ишке орношуунун жогорку мүмкүнчүлүктөрү;
- Эмгек миграциясына болгон муктаждык жана каалоо;
- Квалификациядан кайра өткөрүү;
- Эмгек миграциясынын тажрыйбасы.

## 3.3.3. ЖОЖдордун бүтүрүүчүлөрү жана студенттер

Кыргызстандын университеттеринин бүтүрүүчүлөрү үчүн эмгек рыногундагы мүмкүнчүлүктөр анчейин жакшы эмес. Мындан тышкары, бул максаттык топ үчүн айкын тейлөөлөр дагы деле аз. Эч качан көз жаздымда калтырбай турган өзгөчө топ –бул жаш адистер же ЖОЖдордун бүтүрүүчүлөрү. Алардын билим алуусуна көп инвестиция жумшалган жана бул жетиштүү даражадагы билимдүү адамдар, дал ошондуктан алар өлкөнүн экономикалык өнүгүүсү үчүн маанилүү.

Кыргызстандагы ЖОЖдордун бүтүрүүчүлөрү көп учурда жогорку билимге ээ болушкандыгы жана ошол эле убакта рыноктун мүмкүнчүлүктөрү чектелгендиги менен айырмаланышат. Бир жагынан алганда, бул академиялык билим берүүнүн деңгээлинен, тандалган адистиктерден, ошондой эле жаш балдардын потенциалынан жана мотивациясынан, алардын эмгек рыногуна кирүүдөгү бийик күтүүлөрүнөн көз каранды. Адистикти тандоодо жаш балдар кеп-кеңешти сейрек алышат жана ошондон улам үзгүлтүккө учураган кесиптик чечимдер көп жолугат, бул жумушсуз юристтердин жана экономисттердин ири саны боюнча ачык байкалууда.

Бул жерде аракеттердин зарылдыгы көрүнүп турат. Бир жагынан алганда, квалификация посткалификация аркылуу, мисалы, белгилүү бир максаттык топ үчүн ылайыктуу жана эмгек рыногуна багытталган, квалификацияны жогорулатуу курстары аркылуу керектүү деңгээлге чейин жогорулатылышы мүмкүн.

Мындан тышкары, бош орундарга (вакансияларга) өтүнмөлөрдү компетенттүү жана кесипкөй форматта берүү процессин колдоо зарыл. Ээ болгон дипломдорду кантип альтернативдүү колдонууга боло тургандыгын, окшош тармактарга кирүүнүн башка мүмкүнчүлүктөрү кандай болоорун, кийинки квалификация канчалык жардам бере тургандыгын же кантип кесиптик жана аймактык мобилдүүлүктү жогорулатууга мүмкүн экендигин өздөштүрүү зарыл.

Позицияны изденип алуу үчүн документтерди тапшыруу процесси маалыматтарды толук топтоо жана жеке кеп-кеңеш менен колдоого ээ болушу мүмкүн. Маалыматтык материал жана

университеттердеги белгилүү бир топтор үчүн, мисалы, кыска семинарлар же атайын университеттин бүтүрүүчүлөрү үчүн бош орундар жарманкеси сыяктуу иш-чаралар пайдалуу болушу ыктымал.

Бул контексттен алганда университеттер менен конструктивдик жана маал-маалы менен кызматташуу иш менен камсыз кылууга көмөк көрсөтүү кызматы үчүн милдеттүү талап болуп саналат.

Орто мөөнөттүү максат катары иш менен камсыз кылууга көмөк көрсөтүү кызматы университет менен бизнестин ортосундагы эң маанилүү байланыштыруучу тогоо (звено) катары университеттик кызматты түзүү саналат. Университеттерде иштеген кеңешчилер студенттер жана бүтүрүүчүлөр үчүн эң ылайыктуу тейлөөлөрдү иштеп чыга алышмак. Бул учурда максат кеп-кеңеш берүү кызматтарды жакшыртууну жана жумуш менен камсыздоону же максаттык интеграциялоону көздөйт.

## 3.3.4. 28 жаштан жогорку жумушчулар

Жаш курагы жетилген жумушчу кадарлардын тобу билиминин квалификациясы, турмуштук жагдайлары, кесиптик тажрыйбасы, жаш курагы, саламаттыгы ж.б. көз карашынан алганда өтө ар кыл келет, бул саясатты аныктоочу тараптар, жана жумуш менен камсыздоо кызматынын кызматкерлери үчүн өзгөчө кыйынчылыктарды жаратышы ыктымал.


Жаш курагы жетилген адамдарга кеп-кеңеш берүүгө келгенде кардарлардын мүнөздөмөлөрүнүн бир кылка эместигинен улам толук профилдөө жүргүзүү өтө маанилүү. Профилдөө деген, кеп-кеңеш берүү учурунда кызматкердин/ жумушсуздун тиешелүү кесиптик жана жеке маалыматтарын топтоону жана баалоону билдирет.

Ачык профилди сүрөттөө жана толук ылайык келген чечимди кабыл алуу үчүн, мисалы, квалификация, кесиптик тажрыйба, көндүмдөр жана иш-билгилик (компетенциялар) сыяктуу маалыматтар топтолот.

Эң эле ылайыктуу жумушту же квалификацияны жогорулатууну табуу үчүн, жана ага кайра багыт берүүдө жана жумушка документтерди тапшыруу процессинде компетенттүү кеп-кеңеш көрсөтүү үчүн жөндөмдүүлүктөр жана тажрыйба, билимдер жана квалификация боюнча маалыматтарды ар тараптуу топтоо зарыл. Бул максат үчүн өмүр баянды жашоонун жана окуунун тарыхы катары түшүнүү, ошондой эле үй-бүлөлүк жумуш, жумушчу процесстер же коомдук ишмердүүлүк сыяктуу формалдык эмес окуу орундарын камтуу маанилүү. Адам баласынын окуу процесстери болжол менен 80% окуу жайлардан тышкары, мисалы, жумуш иштөө процессинде, үй-бүлөлүк жумушта же волонтерлук жүргүзүү учурунда жүрөт, жана бул жерде, эң алды менен, жумуш жана жумуш берүүчүлөр үчүн барган сайын маанилүү болуп келе жаткан социалдык жана жеке иш-билгилик (компетенциялар) өнүгөт.

Өзөктүү фактор болуп, кеңешчи кемчиликтерге гана багыттама жасап кеп-кеңеш бербестен, ресурстарды жана күчтүү жактарды аңдагандыгы, аларды баса белгилөө менен кеп-кеңеш үчүн ортосун тапкандыгы саналат.

Изденүүчү да, жана жумуш берүүчү да бири-бирин табышы жана ошол эле убакта канаттанышы үчүн так маалыматтарды топтоо жолу менен гана профилди аныктоого жана ылайыктуу бош орунду (вакансияны) табууга мүмкүн. Так дал келүү принцибине карай умтулуу зарыл.



# Кесипке багыт берүүнүн методдору жана куралдары (инструменттери) 4

**Бул бөлүмдө иш менен камсыз кылууга көмөк көрсөтүү кызматына жардам берип жана алардын ишин жеңилдеткен усулдары жана куралдар топтолгон.**

Окурманга колдонуудагы көп сандаган кайталоолор бар болгондугу, ал эми кардарлардын тобун аныктоо же аларды кесипке багыт берүүнүн төмөндө келтирилген тарамдарына бекитүү анчейин так жана бир кылка эместиги тез эле түшүнүктүү болот.


Бул бөлүмдө эң алды менен кардарлардын тобун белгилөө үчүн мурда иштелип чыккан материалдар сунушталган, ошондой эле “идеялар кутусунда” келечекте колдонула турган жаңы методдор үчүн кеңештер берилген.

Алгач бир нече көрсөтмөлөргө көңүл буралы:

| Эмгектин эл аралык уюму (орусча аббревиатурасы: МОТ - Международная Организация Труда) кесиптик багыт берүүнү – career guidance – беш компонентке бөлүштүрөт: | |
|---|---|
| Career education | Кесиптик көндүмдөрдү өнүктүрүү |
| Career information | Кесип тууралуу маалымат (эмгек рыногу,билим берүү) |
| Career counselling | Кесиптик багыт берүү/кеп-кеңеш |
| Employment counselling | Иш боюнча кеп-кеңеш |
| Job placement | Ишке орноштуруудагы ортомчулук |

*(Хансен, Эллен, 2006: Карьера боюнча жетекчилик колдонмо - Кирешеси төмөн жана ортočо өлкөлөр үчүн ресурстук китеп*
*(Руководство по карьере– Ресурсная книга для стран с низким и средним доходом)*

Демек, кесипке багыт берүүгө багытталган бардык тейлөөлөрдү ушул беш компонентке киргизүүгө болот. Классификация ошондой эле эмгек рыногунун ар кыл катышуучулары менен зарыл кызматташууну да көрсөтөт.




Кесипке багыт берүү иш-чараларын Эл аралык эмгек уюму тарабынан бөлүштүрүү көрсөткөндөй, иш менен камсыз кылууга көмөк көрсөтүү кызматы кызматташуу боюнча өнөктөш катары бардык тармактарда маанилүү роль ойношот. Алар олуттуу салымын жер-жерлерде кошо алышат, себеби алар ишканалар, кесиптик окуу жайлар/ университеттер менен жалпы билим берүүнүн ортосундагы көпүрө жана өмүрүнүн ар кыл баскычтарында «сунуштамаларга муктаж болгондор» үчүн «келип токтоочу жай» болуп саналат.

## КЕСИПТИК ШЫКТАРДЫ ЖАНА КӨНДҮМДӨРДҮ ӨНҮКТҮРҮҮ

Кесиптик багыт берүү боюнча мындай иш-чараларга эң алды менен башка катышуучулар жана окуучулар тарабынан кесипти тандоо процессине кызыкдар болгон тараптар менен кызматташтыктагы жалпы мектептер керектелет. Кеп жаш адамдарды кесиптик жолго киргүүгө даярдоо тууралуу болуп жатат. Айрыкча, окуучуларга дисциплиналар аралык сабакта өзүнүн өздүк кызыгууларын жана жөндөмдөрүн талкуулоо, чыныгы жумушчу

дүйнөнүн жана кесиптердин картинасын иштеп чыгууну жана ошону менен, өздүк профилди салыштыруу сунушталат. Бир жагынан, бул өзүн-өзү таануу процесси, экинчи жагынан – жумушчу дүйнө тууралуу маалымат алуу. Өзүн-өзү талдоонун айкын көнүгүүлөрүнөн улам окуучулар өздөрүнүн өздүк кызыкчылыктары, жөндөмдүүлүктөрү жана инсандык сапаттары тууралуу биле алышат, ошондой эле аларды ар кыл тармактардагы жана кесиптердеги талаптары менен салыштырышат. Стажировкалар, ишканаларга баруу же адис-байланыштыруучу адамдар окуучуларга жумушчу дүйнөгө жакындоого көмөк көрсөтүшөт.

## КЕСИПТЕР БОЮНЧА МААЛЫМАТТАР – ЭМГЕК РЫНОГУ ЖАНА КЕСИПТЕР

Кесиптер тууралуу актуалдуу жана толук маалымат кеп-кеңеш берүү кызматтар үчүн маанилүү пайдубал болуп саналат. Алар бүтүндөй карьера жолунун аралыгында билим алуу жана кесипке тиешелүү чечимдерди кабыл алууда адамдарга жардам берүү үчүн бардык керектүү маалыматтарды камтыйт.

Маалыматтар төмөнкүлөрдү камтышы кажет:

- Экономика тармактары жана эмгек рыногундагы тренддер;
- Кесип тууралуу маалыматтар жана талаптар;
- Квалификацияны жогорулатуу мүмкүнчүлүктөрү;
- Формалдык жумушчу орундар;
- Өздүк бизнести түзүүнүн жолдору;
- Иш миграциясы боюнча маалыматтар.

Карьера тууралуу мазмундуу жана кызыктуу маалыматтарды өнүктүрүү олуттуу чакырык болуп саналат жана көпчүлүк өлкөлөрдө көп кездешкен көйгөйдү, маалыматтарга жана статистикага ээ болгон өзүнчө министрликтердин же мекемелердин ортосундагы координациянын жоктугун билдирет. Бул маалыматтардагы боштуктарга, ошондой эле кардардын түшүнүүсүнө багытталган жана жеткиликтүү басылмалар үчүн маалыматтарды байланыштырууда кыйынчылыктарга алып келет.

Эмгек рыногу жана билим берүү рыногу боюнча басылмалар белгилүү бир чен-өлчөмдөргө (критерийлерге) төп келиши керек:

- Маалыматтын актуалдуулугу;
- Оңой жетишимдүүлүк;
- Өзүн-өзү маалымдоо куралдары аркылуу маалыматтарды сунуштоо;
- Чыгымдардын катышы – репродукциялоо үчүн жарамдуулук;
- Максаттык топтун сабаттуулугун, тил деңгээлин карап чыгуу;
- Кеңешчилер тарабынан колдонуу үчүн эскертүүлөр/ маалыматтар.

Ошондой эле билим берүү жармаңкелери жана бош орундар (вакансиялар) жармаңкелери маалыматтарды сунуштоодогу өзгөчө формат болуп саналат, алар тажрыйбага жакындаштырылган жана коммуникативдик планда жеткиликтүү формада кесиптер жана эмгек рыногу боюнча ар кыл сунуштар менен таанышуунун кызыктуу мүмкүнчүлүгүн бере алат.

## КЕСИПТИК КОНСУЛЬТАЦИЯ

Башка үч категорияны: кесип боюнча кеп-кеңеш, жумуш боюнча кеп-кеңеш жана жумушка орношуудагы ортомчулукту чындыгында бири-биринен чектөөгө мүмкүн эмес, бирок алар тар маанидеги кеп-кеңеш болуп саналат.

Жеке кеп-кеңеште кызыкдар тараптар кеңешчи менен алардын учурдагы жагдайын, алардын көйгөйлөрүн, суроолорун жана мүмкүн болгон кийинки кадамдарын талкуулашат. Кызыгуулар, жөндөмдүүлүктөр жана баалулуктар, ошондой эле аларды билим алууда жана кесипте колдонуунун мүмкүнчүлүктөрү талкууланат. Кеп-кеңеш кардарлардын керектөөлөрүнө багытталат. Кеңешчилер өзүн-өзү таанууга жардам берген жана чечимдерди кабыл алууда жеке жоопкерчиликти жогорулаткан кеп-кеңештин, маалыматтардын, тесттердин жана жумушчу куралдардын (инструменттердин) жардамы менен колдоо көрсөтүшөт.

**КАЙТАЛОО ҮЧҮН:**
Кеп-кеңеш берүү – бул көйгөйлүү жагдайды чечүүгө натыйжалуу жана максаттуу көмөк көрсөтүү үчүн «кеңешке кайрылуучунун» активдүү катышуусундагы кеңешчинин кесипкөй аракеттери.
Кенешчи менен «кеңешке кайрылуучунун» ортосундагы ойдогудай коммуникация негиз болуп саналат.

*(Караңыз: МакЛеод, Джон – Консультациялоого киришүү (Введение в консультирование) - 1998)*

Кесип боюнча кеп-кеңеш, жумуш боюнча кеп-кеңеш жана жумушка орноштурууда ортомчулук категорияларында тажрыйбада ири дал келүүлөр бар. Көп учурда кеп-кеңеш боюнча иш-чаралар, мисалы, жашоо фазасы, жумушту табуунун ыкчамдыгы же жумуш менен камсыздоо үчүн жеңип чыгуу керек болгон, жумушка орноштурууга ортомчулук кылуудагы тоскоолдуктар сыяктуу ар кыл факторлор аркылуу аныкталат.

Ошондуктан, карьеранын өнүгүүсүнө багыт алуу менен, кээде кеп-кеңештер боюнча сунуштарды үч баскычка бөлүштүрүү максатка ылайыктуу:

Кесипти алгачкы тандоо учурундагы кеп-кеңеш:
Биринчи кесипти тандоо процесс болуп саналат. Кеп-кеңеш учурунда кесипти алгачкы тандоодо жаш балага жеке кызыгууларды жана көндүмдөрдү алгачкы баалоо үчүн, кесиптер жана эмгек дүйнөсү менен таанышуу жана келечекти чыныгы пландаштырууну иштеп чыгуу үчүн колдоо көрсөтүлөт.

Жаш балдар кесип боюнча кеңешчи менен алардын кесип тандоо боюнча жагдайын талкуулашат жана ошону менен чечимди кабыл алууга даярданышат. Керектөөгө багыт алуу менен, кээде бир эле кеп-кеңеш жетиштүү болот, же кеп-кеңеш үчүн бир нече жолугушуу өткөрүү тууралуу сүйлөшүлөт.

Ата-энелер да алгачкы кеп-кеңешке катышуусу көп учурда мааниге ээ.

Иш издөө учурундагы кеп-кеңеш:

Иш издөө кесиптик өмүр жол аралыгында көп жолу мүмкүн болот. Бул фазадагы кеп-кеңеш жумуш издеген адамга жумуш ордун аныктоо үчүн, жумуш издөө боюнча натыйжалуу стратегияларды аныктап табуу, бош орунга (вакансияга) документтерди тапшырууда колдоо көрсөтүү, ошондой эле жеке демилгенин жана чечкиндүүлүк байкалган учурда колдоо көрсөтүү үчүн толук профилдөөнү шарттайт.

Карьера боюнча кеп-кеңеш:


Карьералык өзгөрүүлөрдүн мүмкүнчүлүктөрүн дайыма текшерүү азыркы коомдогу жумушчулар үчүн туруктуу чакырык болуп саналат. Эмгек рыногу техникалык жана ааламдык (глобалдык) өзгөрүүлөрдөн улам өтө тез өзгөрүп турат, өздүк профиль тажрыйбаны жана дасыгын жогорулатуудан улам өнүгөт, ал эми жашоонун шарттары ар кыл баскычтарда алмашып турат жана кесиптик чечимдерди кабыл алууда көңүлгө алынышы кажет. Карьерага тиешелүү кеп-кеңештин негизги максаты адамдарга алардын карьерасын туруктуу жакшыртууга алып келген чыныгы карьералык мүмкүнчүлүктөргө жетишүүгө жардам берүүдө болот. Ошол эле учурда эмгек рыногундагы өзгөрүүлөрдү эске алуу керек. Жаш курагы жетилген адамдар өздөрүнүн кесиптик жагдайын кеңешчи менен талкуулашат. Кеңешчи алардын жеке мүмкүнчүлүктөрү жана шанстары тууралуу билет. Ошол эле учурда алар зарыл болгон өбөлгөлөрдү иштеп чыгышат жана өздөрүнүн кесиптик көндүмдөрүн ишке ашыруу үчүн керектүү кадамдарды мерчемдешет.

# 4.1. КЕСИПКЕ БАГЫТ БЕРҮҮ ЖАНА МЕКТЕП ОКУУЧУЛАРЫНА КЕП- КЕҢЕШ БЕРҮҮ

Мектептен кесиптик дүйнөгө өтүү жаштар өмүр баянындагы чечүүчү кадам болуп саналат.

Натыйжада, жаштар үчүн «туура» чечимди кабыл алуу кыйынчылык туудурат. Дал ушул жерде иш менен камсыз кылууга көмөк кызматы үчүн маанилүү милдет жаралат. Кесиптик кеңешчилер баарлашуу учурунда билим алууну улантуу жана карьералык өсүү үчүн чечүүчү импульстарды берет, жекече жана максаттуу багытталган кеп-кеңеш берүү жолу менен туура эмес чечимдерден оолак болууга жардам бере алат. Ошону менен катар алар жаштарга кесипке багыт берүүдө көмөк көрсөтүшкөн башка катышуучулардын кызматташуу боюнча өнөктөштөрү болуп саналат.

Бул бөлүмдө иш менен камсыз кылууга көмөк көрсөтүү кызматынын мектеп окуучуларынын кесип тандоо процессине кошкон салымы чагылдырылат.



**КЕСИП БОЮНЧА КЕП-КЕҢЕШ БЕРҮҮ**

Иш менен камсыз кылууга көмөк көрсөтүү кызматынын кесиптер боюнча кеңешчилери мектептен кесиптик даярдоого же окууга өтүүдө колдоо көрсөтүшөт. Сунуштар акысыз, баарлашуулардын мазмуну, арийне, конфиденциалдуу. Кеңешчилер жаш балдарга чечим кабыл алуу үчүн керектелүүчү зарыл убакытты кеңири сунушташат. Кеп-кеңеш берүүдө  жеке максаттар, каалоолор, күтүүлөр же жада калса көйгөйлөр талкууланат, ал эми жумуш «өзүнө-өзү жардам берүү үчүн жардам» катары түшүнүлөт. Жаш бала ал эмнени талкуулагысы келгендигин өзү аныктайт, жана белгилүү бир окууга карата ооба же жок чечимин өзү кабыл алат

Кесип кеңешчилери кесиптик лицейлердеги жана университеттердеги билим алуунун ар кыл жолдорун билишет жана окуу жайлар менен тыгыз кызматташышат. Алар каттоонун мөөнөттөрүн, кирүүгө карата талаптарды жана тиешелүү эмгек рыногун билишет жана ошондуктан пайдалуу кеңештерди бере алышат.

**СИМВОЛДОР**

✓ иштелип чыккан

✓ аягына чейин иштеп чыгуу же кайрадан иштеп чыгуу зарыл

### Кесиптер тизмеси

Кесиптердин тогуз тармагынан турган кесиптер тизмеси GIZ «Иш менен камсыз кылууга жана кесиптик окутууга көмөк көрсөтүү» программасы жана иш менен камсыз кылууга көмөк көрсөтүү бөлүмдөрүнүн кызматкерлери менен биргеликте иштелип чыккан.

### Кесиптердин сүрөттөлүшү

Кызыкчылыктар тестинде бөлүнүп көрсөтүлгөн, ишмердүүлүктүн тогуз тармагынан 125 кесиптин кыскача сүрөттөлүшү иштелип чыккан. Бул сүрөттөлүш “Кесиптер боюнча энциклопедия” катары жаш балдарга кесип тандоонун ар түрдүү мүмкүнчүлүктөрү тууралуу алгачкы серепти алууга мүмкүнчүлүк берет.

## ✓ 4.1.1 Кеп-кеңешти жүргүзүү боюнча колдонмону иште колдонуу

Кесипке багыттоодо маектешүүнү өткөрүү боюнча колдонмо пайдалуу курал боло алат. Мында кесипке багыттоо боюнча кеңешчиге маектешүүнүн курамын түзүүгө көмөктөшүүчү жана кесип тандоо үчүн керектүү маалыматтарды топтоого жардам берүүчү болжолдуу суроолор келтирилет.

Көпчүлүк жаштар үчүн кесип тандоо тууралуу чечим кабыл алуу кыйынга турат, жана ошондуктан алар жалпы билим берүүчү мектептердеги кесиптерди өздөштүрүү боюнча сунуштар менен катар жекече кеп-кеңеш түрүндөгү кошумча колдоого муктаж болушат.

Кеңешчи менен өзүнүн кесиби тууралуу акыркы чечимди кабыл ала элек жаш баланын ортосундагы жеке баарлашуу ага маанилүү импульстарды бериши мүмкүн. Жаш балдар кеп-кеңешке көп сандаган суроолор менен келишет:

- Билим алуунун кандай жолдору бар?
- Кандай кесиптер мага туура келет?
- Суроолор жаралган учурда мен үчүн ким байланыштыруучу тарап боло алат?
- Мен кайсыл жерде жакшы эмгек маяна табам?
- ж.б.у.с...

Кеңешчилер алгач жаш баланын жашаган орду тууралуу толук маалыматтарды топтошот, кызыгуулары, күчтүү жактары жана күтүүлөрү же болбосо алгачкы пикирлери тууралуу суроолорду беришет. Кеңешчилер кесип тандоо, кесиптер, алардын талаптары жана мүмкүнчүлүктөрү боюнча, ошондой эле кесиптик билим алуунун жолдору жана мүмкүнчүлүктөрү тууралуу, ошондой эле ишканалардагы, администрациялардагы жана эмгек рыногундагы карьера үчүн маанилүү окуялар тууралуу толук маалыматтарды сунуш кылышат.

Кесип боюнча кеп-кеңеш берүү процесс болуп саналат, ал эми кесип тандоо боюнча чечим негиздүү болушу кажет. Кесип тандоо боюнча чечим эч качан кеңешчи тарабынан кабыл алынбайт!

Кеп-кеңештин башында терең сүйлөшүү фазасына кирүү үчүн кызыкчылыктар боюнча тест колдонулушу мүмкүн. Тесттин жыйынтыктары кийинки кеп-кеңештердин жүрүшүндө каралышы жана кошумча иштетилиши ыктымал.

Иш менен камсыз кылууга көмөк көрсөтүү кызматтарынын кесиптик кенешчилердин артыкчылыктары алардын эмгек рыногундагы жана аймактык окуу жайлардагы өзгөрүүлөрдүн чордонунда болгондугунда жататат.

Алар кесиптик маалыматтардын сунуштары тууралуу, кийинки боло турган билим берүү жармаңкелери тууралуу билишет жана башка катышуучулар менен байланыштарды түзө алышат.

## 4.1.2. Кызыкчылыктар навигатору – колдонуу

Кызыкчылыктар навигатору – бул мазмуну боюнча бир типтүү элементтердин блокторунан куралган, кесиптерди тогуз кесиптик тармакка бөлүштүргөн тест. Ал жеке кызыгууларды кесиптик чөйрөнүн талаптары жана реалиялары менен айкалыштырат жана ошол эле учурда өзүнө бош убакытты жана окуучунун өзүн- өзү баалоосунун негизиндеги мектептик тажрыйбаны камтыйт.

Жаштар үчүн кызыкчылыктар навигатору кызыкчылыктардын тогуз тармагын аныктайт:

1. Жаратылыш
2. Тамактануу
3. Конструкциялоо
4. Курулуш, тиричилик техникасы, ички жасалгалоо, жыгач иштетүү
5. Өнөр жай, техникалык чеберчилик
6. Пландоо, эсептешүү, чийүү, информатика, изилдөөлөр
7. Соода, башкаруу, сатуу, транспорт, экономика, информатика
8. Тилдер, адабият, жаңылыктар, театр, музыка, искусство, гуманитардык илимдер
9. Адамдар менен карым-катыш, билим берүү, саламаттык сактоо, кеп-кеңеш берүү, кызмат көрсөтүү (тейлөө)

Белгилей кетүүчү нерсе, тест кийинки консультацияларды жүргүзүү үчүн базаны (гана) билдирет!

Мектеп окуучусун кандай жагдай болгон күндө да тесттин жыйынтыктары менен жалгыз калтырууга болбойт. Эреже катары, ал андан кийинки кеп-кеңешке жана колдоого муктаж!

### ЖОЛ-ЖОБО (ПРОЦЕДУРА)

Кесип боюнча кеңешчи алгач окуучуларга тестти кантип өтүү керектигин түшүндүрөт жана кызыгуулар бул адам баласы чын дили менен көңүл бурган жана жасаганды жактырган иштердин баяндамасы экендигин көрсөтөт. Мектеп окуучусу көп ойлонбостон жана тез чечип жооп бериши керек, б.а. "нейтралдык" деген белгиче койбошу керек. Жооптордо туура же туура эмес жооптор болбойт, бирок жаш балдар аларга сунуштаган ырастамалар алар үчүн туура келеби же жокпу, белгиленген аракеттер аларга кубаныч тартуулайбы же жокпу, ошону өздөрүнөн сурашы керек.

Бул жеке кызыгуулар тесттин жардамы менен кесиптик чөйрөнүн талаптары жана реалиялары менен салыштырылат. Жыйынтыктар кызыкчылыктар навигаторунун кайсыл кесиптик тармагына өзгөчө кызыгуу болгондугун көрсөтүп турат, жана ошону менен ал кесиптик кызыгуулардын багытын көрсөтөт. Балким, эң жогорку балл жана/же пайыздык дал келүү менен ылайыктуу кесиптерди кызыкчылыктар жаатынан табууга болот.

Бул жерде тиешелүү түрдө тогуз кесиптер тармагына бөлүштүрүлгөн кесиптердин тизмесин колдонуу зарыл, анда ошол кесиптерге окутуунун мүмкүн болгон жолдору көрсөтүлгөн. Жаш баланын кызыкчылыктар профилине туура келген жана аны кызыктырган кесип боюнча билим алуу жолун табууга сабактардын тизмеси жардам бере алат.

Ар бир кесиптик тармак үчүн кесиптик билим берүүнүн же ошол тармактагы жогорку билим берүүнүн адистигинин мүмкүнчүлүктөрү саналып өткөн флайер же маалыматтык брошюра иштелип чыгышы керек.

Жаш балдар эң жогорку балл алышкан үч кесиптик тармак боюнча маалыматтык брошюралар аларга алгачкы сереп (обзор) жана андан кийинки багыт алуу мүмкүнчүлүктөрү болушу үчүн тесттен кийин берилет.

Жаш бала менен, ата-энелер менен баарлашуу жана кесиптер, окутуу жана мүмкүнчүлүктөр боюнча кошумча маалыматтар кесип тандоодо жардам көрсөтүшү керек!

### ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨР

- Эгер бир нече тармакка чоң кызыгууңуз бар болсо, сиз аларды айкалыштыра аласыз. Көпчүлүк кесиптер кызыгууну билдирген бирден ашык тармакка шайкеш келишет. Мисалы, сатуулар – ар дайым тил табууга карата шыктуулук жана жаңы байланыштарга карата кызыгуу дегенди билдирет.
- Эгер эч бир тармакта чоң кызыгуу жок болсо, тестти кайталоого болот, жана окуучу суроолорго жооп берүүдө өзүнүн жоопторунда "чечкиндүү" болушу кажет. Бул ошондой эле бир да кызыгуу тармагы өзгөчө чагылдырылбагандыгынан билдирет.

Кызыкчылыктар боюнча тест менен шайкеш, аягына чейин иштеп чыгуу керек.

### КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮНҮН МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРҮ БОЮНЧА МААЛЫМАТТЫК БАРАКЧАЛАР

Кесиптик билим берүү, кесиптер жана андан ары өнүгүүнүн мүмкүнчүлүктөрү тууралуу толук маалыматтар камтылган кесиптик билим берүүнүн ар бир мүмкүнчүлүгү тууралуу маалымат берүү маанилүү болмок.

### ОКУТУУ ТАРМАКТАРЫ БОЮНЧА АДИСТИКТЕР ТУУРАЛУУ МААЛЫМАТ

Узак мөөнөттүү перспективада кесиптер тууралуу толук, стандартташтырылган маалымат зарыл. Бул студент тиешелүү кесиптик тармактагы кесиптер тууралуу алгачкы пикир ала турган жана ошонун аркасында алгачкы чектерди жасай ала турган жалгыз ыкма.

## 4.1.3. Кесиптердин тизмеси

Узак мөөнөттүү перспективада кесиптер тууралуу толук, стандартташтырылган маалымат зарыл. Бул студент тиешелүү кесиптик тармактагы кесиптер тууралуу алгачкы пикир ала турган жана ошонун аркасында алгачкы чектерди жасай ала турган жалгыз ыкма

## 4.1.4. Компетенцияларды аныктоого карата тест

## 4.1.5. Кесип тандоо күндөлүгү

Кесип тандоо күндөлүгү Эглофф жана Юнго тарабынан Швейцарияда иштелип чыккан жумушчу дептерге негизделет, ал окуучулар жана мугалимдер менен биргеликте түзүлгөн жана бир канча ирет сыналган.

- Жаштар үчүн кесип тандоо боюнча жетекчилик колдонмо;
- Жумушчу баракчалар жана талдоо үчүн материалдар;
- Кесип тандоо баскычтары (фазалары) боюнча кеп-кеңеш берүүнүн негиздери.

Кесип тандоо күндөлүгү түздөн-түз жаш өспүрүмгө багытталган болушу керек жана аны кесип тандоо жолунда коштоп жүрүүгө тийиш. Жаш балдар ошентип багыттама жана нускама алышат. Алар жумушчу баракчалардын жардамы менен ар бир кадамын иштеп көрүшөт жана өз жыйынтыктарын документтешет.

- Жаштар өз кызыгуулары жана жөндөмдүүлүктөрү менен таанышышат.
- Кесиптер тууралуу кабардар болушат.
- Өзүнүн инсандыгын ар кыл кесиптердин талаптары менен салыштырышат.
- Кесиптерди таанышат.
- Чечимдерди кабыл алышат.
- Жумушчу дептерди ар кандайча колдонууга мүмкүн:
- Ал жеке иш үчүн ылайыктуу.
- Сабакта колдонуу үчүн же
- Кесип боюнча кеп-кеңештин негизи катары, анын жүрүшүндөгү өзүнчө жумушчу кадамдардын жыйынтыктары биргелешип талкууланат, талданат жана бааланат.

## 4.1.6. Укмуштуу окуялуу маршрут «Бешти сынап көр»

**(СЕНИН КЕЛЕЧЕГИҢ ҮЧҮН БЕШ СЕЗИМ)**

Долбоордук мисал – Федералдык Билим берүү жана изилдөө министрлигинин JOBSTARTER окуу программасы.

Паркур кесипке багыт берүү темасына киришүү катары кызмат кылат. Куралды (инструментти) билим берүү жармаңкелеринде, маалыматтык иш-чараларда колдонууга мүмкүн, жана, ошентип, кесипке багыт берүүнүн башка куралдарына (инструменттерине) карата көңүл бурдурууга болот.

Мектеп окуучулары өздөрүнүн дисциплиналар аралык, мисалы, иштин ылдамдыгы; , эс-тутумдун көлөмү жана жалпылоо жөндөмү сыяктуу жөндөмдүүлүктөрүн таба алышат. Катышуу өтө оңой, ал үчүн төмөнкүлөрдү аткаруу гана керек: көңүл буруп кароо, туюу, сезүү, даамдап көрүү, жана угуу. Ар бир станция физикалык маанисинде сезим үчүн жооп берет. Беш станцияда катышуучулар оюн формасында кызыктуу тапшырмаларды чечүү үчүн өздөрүнүн беш сезимин колдонушат.

«Угуу»: станцияда келген коноктор өз эс-тутумдарын сынап көрүшөт. Столдун үстүндө ичинде ар кандай нерселер салынган кичинекей банкалар жайгашкан. Банкаларды колго алып, аларды чайкап көрүү керек. Аягында бирдей добуш чыгарган банкалардын жубу туура жайгаштырылууга тийиш.



*Угуу станциясы - «Добушу боюнча жуптарды» аныктап табуу*

Ар бир станциядан кийин катышуучулар кайсыл жөндөмдүүлүктөрү өзгөчө жакшы болгондугу боюнча кайтма байланыш алышат. Аягында аларды окутуунун предмети жана кесип тууралуу маалыматтар, ошондой эле чакан белек салынган шык-жөндөмдүүлүктөрдүн жаркыраган жашыл баштыкчасы күтөт.

Укмуштуу окуялуу маршрут потенциалды талдоо көнүгүүлөрүнө негизделген. Мында жаш балдар өздөрүнүн жөндөмдүүлүктөрүн, күчтүү жактарын оюн түрүндө кантип көрсөтө ала тургандыгын көрсөтүшү керек.

Максат: окуучуларга мектептен кесиптик билим алууга эрте этапта өтүүдө колдоо көрсөтүү. Иш-билгилик (компетенциялар) паркуру түзүмдөлгөн кесипке багыт берүүгө киришүү катары жана ошол эле убакта колдоо көрсөтүүнүн биринчи куралы (инструменти) катары иштелип чыккан.

«Бешти сынап көр!» укмуштуу окуялуу маршрутунун идеясы Федералдык Билим берүү жана изилдөөлөр министрлигинин JOBSTARTER окуу программасынан алынган, ал 2013-жылдагы Лейпцигде кесиптер боюнча өткөн дүйнөлүк мелдеште ийгиликтүү көрсөтүүлгөн.

## 4.1.7. Иш менен камсыз кылууга көмөк көрсөтүү кызматтарында кесипке багыт берүү үчүн ийгилик факторлору - Текшерүү баракчасы

**Мазмундук чен-өлчөмдөр (критерийлер)**

- ☐ Кесипке багыт берүүнүн убактылуу жана мазмундук түзүмүн бекитүү.
- ☐ Максаттык топтордун өзгөчөлүгү.
- ☐ Мектептик өнөктөштөр, ЖОЖдор, жумуш берүүчүлөр жана кесипке багыт берүүнүн башка катышуучулары менен кызматташуу.
- ☐ Кесип тандоо күндөлүгү, кеп-кеңештерди жүргүзүү боюнча-колдонмо, тесттер, маалыматтык материалдар сыяктуу материалдарды колдонуу.
- ☐ Долбоорлук идеяларды иштеп чыгуу – жарманкелердеги маршруттар, кесипке багыт берүү боюнча лагерлер ж.б.
- ☐ Кесиптер боюнча маалыматтык борборлор – көндүмдөрдү өнүктүрүү.
- ☐ Кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу.

**Уюштуруучулук чен-өлчөмдөр**

- ☐ Кесипке багыт берүү боюнча жоопкерчиликтерди Эмгек агенттигинин ичинде бекитүү.
- ☐ Координациялоо үчүн ресурстарды ачык көрсөтүү.
- ☐ Кызматташуу үчүн модераторду белгилөө.
- ☐ Башка катышуучулар үчүн байланыштыра турган адамдарды белгилөө.

**Жол-жоболордун чен-өлчөмдөрү**

- ☐ Ички жана тышкы айкындуулук.
- ☐ Кесипке багыт берүү концепциясын мектептер, кесиптик лицейлер жана ЖОЖдор менен макулдашуу.
- ☐ Коммуникациянын стратегияларын жана жоопкерчиликтерин бекитүү (Сунуш: өнөктөштөр менен жазуу түрүндөгү макулдашуулар).
- ☐ Баалоо процесси.

**Кесипке багыт берүү боюнча иш кагаздар**

*Мисалы: жылдык отчет*

**Кесипке багыт берүүнү баалоо**

- ☐ Бардык катышуучулардын: мектеп окуучуларынын, ата-энелердин, консультанттардын ж.б. катйма байланышы
- ☐ Өтүү квоталарын кармануу
- ☐ Конкурс: «Жаштар – Жумуш менен камсыздоо агенттиктери» - инновация үчүн сыйлык

# 4.1.8. Идеялар кутусу Мектеп окуучуларын кесипке багыттоо

## МЕКТЕП ОКУУЧУЛАРЫН КЕСИПКЕ БАГЫТТОО

### СЕРЕП

- Билим берүү жармаңкелери - андан ары өнүктүрүү
- Кесиптер боюнча маалыматтык борбор - андан ары өнүктүрүү
- Кесиптер боюнча маалыматтар
- Жөндөмдүүлүктөрдү аныктоого карата тест
- Кесипке багыт берүү боюнча лагерь Укмуштуу окуялуу маршрут – «Турга баралы»/«Бешти сынап көр»
- Билим берүү боюнча кутулар – мисалы, Райнхессендеги устачылык палатасы
- Жалпы папка катары жаштар үчүн кесип тандоо боюнча папка

### БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАРМАНКЕЛЕРИ

Билим берүү жарманкелери бош орундар жарманкелеринин алкагында ар кыл формаларда уюштурулат.

*(Караңыз: пункт 4. Билим берүү жармаңкелери жана бош орундар жармаңкелери)*

### КЕСИПТЕР БОЮНЧА МААЛЫМАТТЫК БОРБОРЛОР

Бишкекте кесиптер боюнча маалыматтык борборлор бар. Алар мектептик класстар үчүн көп сандаган маалыматтык иш-чараларды сунушташат. Мектеп окуучулары бул борборлорго барышат, алар жеринен кызыкчылыктар тестин электрондук формада өтө алышат жана кесиптер боюнча окуунун мүмкүнчүлүктөрү жана жолдору боюнча маалыматтарды ала алышат.

#### Кийинки өнүгүү

Маалыматтык борбор билим алуу, кесип жана эмгек рыногу тууралуу маалыматтарды алууну каалаган бардык жарандар үчүн кайрыла турган дарек болууга тийиш. Ал жарандардын өзүн-өзү калыптандыруу үчүн кызмат кылышы жана он-лайн порталдар, он-лайн кызматтар же смартфондор үчүн тиркемелер сыяктуу азыркы жалпыга маалымдоо каражаттарындагы келечектеги потенциалдуу колдонуучулардын жүрүм-турумуна карата ыңгайланышы керек.

Маалыматтык борборлордогу маалыматтар темалар боюнча түзүмдөлүшү жана ар кандай, мисалы, кесиптик билим берүү жана жогорку билим берүү, жумуш жана кесип сыяктуу тематикалык блокторго бөлүштүрүлүшү мүмкүн.

#### Кесиптик билим берүү жана жогорку билим берүү

Ар бир адам өздүк жолун табышы керек. Бирөөнүн тажрыйбалык шык-жөндөмдүүлүгү болот, экинчиси теорияны жакшы көрүшү мүмкүн. Айрым кесиптерге киришүү үчүн баштапкы кесиптик даярдык керектелет, ал эми айрым кесиптер академиялык жолду тандоону талап кылат. Маалыматтык борбордо жаш балдар окутуунун типтери, жогорку окуу жайлар, билим алуунун жолдору, адистиктер тууралуу жана алар кантип кесиптик лицейди же университетти биле тургандыгы тууралуу маалыматтарды таба алышат.

Кызматкерлер бардык мектептердеги окуучуларды, студенттерди жана университеттин бүтүрүүчүлөрүн, ошондой эле биринчи жолу кесиптик билим алууну же кесиптик кайра багыт алууну каалагандарга кеп-кеңеш беришет.

#### Кесип жана эмгек рыногу

Эмгек дүйнө ар дайым өнүгүп турат. Ошондуктан өзгөрүүлөрдүн натыйжасында кызматкерлердин квалификациясына карата талаптар да жогорулайт. Кесиптер боюнча маалыматтык борбордо жарандар алардын кесиптериндеги жаңы талаптар тууралуу, карьераны пландоонун жолдору жана жумушка кайра келүүнүн мүмкүнчүлүктөрү тууралуу же жумуш менен камсыз кылуунун, мисалы, өзүн-өзү жумуш менен камсыздоо сыяктуу альтернативалуу формалары тууралуу маалыматтарды ала алышат.

Жарандар жумушту өз алдынча издөө боюнча, бош орундар жарманкеси тууралуу, жумуш жана кесип темасына тиешелүү маселелер боюнча кеңештерди алышат.

Маалыматтык борбор өз тейлөөлөрүн колдонуучуларга акысыз негизде, алдын-ала каттоосуз эле, кайрылган адам тууралуу маалыматтарсыз, жумуш убактысында, кайрылуучу каалаган көлөмдө көрсөтүп келет.

Мектептер менен белгиленген жолугушуулардан тышкары, ал кызыкдар студенттер, өспүрүмдөр жана жаш курагы жетилгендер үчүн жеткиликтүү болууга тийиш.

Кесиптер боюнча маалыматтык борборлор аларды жарандар бардык жерден оңой табышы үчүн бүткүл өлкө боюнча бирдиктүү тышкы келбетке ээ болушу керек.

Кесиптер боюнча маалыматтык борбордун кызматкерлери кайрылган адамдарга кесипке багыт берүү менен жардам көрсөтүшөт жана конкреттүү темалар боюнча материалдарды сунушташат.

Алар өзүн-өзү маалымдоонун мүмкүнчүлүктөрүн сунушташат, тесттерди өтүүдө жана аларды баалоодо колдоо көрсөтүшөт. Ошону менен бирге иш менен камсыз кылууга көмөк көрсөтүү кызматтар тарабынан сунушталган кеп-кеңештик кызмат көрсөтүүлөр тууралуу маалыматтарды беришет.

Кесиптик маалымат борборлорундагы **кызматкерлердин милдеттерине** иш-чараларды пландаштыруу, уюштуруу жана жыйынтыктарды чыгаруу да кирет:

- Кесиптер боюнча маалыматтык борборлордогу экскурсиялар (мисалы, мектеп класстары, мугалимдер үчүн).
- Бир катар иш-чаралар, мисалы, бекитилген күндөр боюнча «Төртүнчү (бейшемби) күндөрү баарыбыз маалыматтык борборго…».
- Тышкы жана ички тренерлерди тартуу.
- Баяндамалар үчүн темаларды тандоо, мисалы:
- Кесип тандоо – ата-энелердин мааниси.
- Кесиптер тармактары боюнча маалыматтык иш-чаралар, мисалы, атайын кийимди талап кылган кесиптер, социалдык кесиптер, айыл чарбасындагы кесиптер ж.б.
- Документтерди тапшыруу боюнча маалыматтар, тажрыйба.

Маалыматтык борборлордун милдеттерине борбор тарабынан сунушталып жаткан маалыматтык материалдарды уюштуруу, администрациялоо жана алардын сапатын башкаруу кирет.

Борбор колдонуучуларга он-лайн-издегичтердин жардамы менен окуу же жумуш үчүн ылайыктуу жерлерди табуу, ошондой эле документтерди тапшыруу үчүн документтерди өз алдынча түзүү (мисалы, жумуш издеген жана өздүк компьютери жок болгондор үчүн) мүмкүнчүлүктөрүн сунуштай алмак.

## КЕСИПТЕР ТУУРАЛУУ МААЛЫМАТТАР

- Кесиптик тармактар боюнча маалыматтар жана кесиптик тармактарга ылайык өзүнчө кесиптер боюнча маалыматтык баракчалар;
- Окуу багыттары жана адистиктер тууралуу маалымат;
- Кесиптик образдардын видеороликтери;
- Жалпыга маалымдоо каражаттарынын ар кыл типтери.

## КЕСИПКЕ БАГЫТ БЕРҮҮ БОЮНЧА ЛАГЕРЬ

Жаштар үчүн кесипке багыт берүү жаатында иш менен камсыз кылууга көмөк көрсөтүү кызматы башка катышуучулар менен кызматташтыкта тышкы башка мекемелер тарабынан өткөрүлө турган кесипке багыт берүү боюнча лагерлерди уюштура алат. (мисалы: кесиптик лицейлер, эс алуу үйлөрү, жаштар уюмдары). Кызыгуусу бар окуучулар өз катышууларын ыктыярдуу негизде каттай алышат.

Бул лагерлер үч-беш күнгө созулат жана оюн түрүндө мектеп окуучуларын төмөнкүдөй маанилүү суроолордун тегерегинде ой жүгүртүүгө алып келишет: «Менин жеке күчтүү жактарым кайсылар?», «Мен үчүн ылайыктуу кесип кайсы?», «Иш берүүчүлөрдүн талаптары кандай?».

Мүмкүн болгон элементтер:


- Өздүк кызыгууларды жана күчтүү жактарды изилдөө – эс алуу, мектеп, кесип тандоо боюнча күндөлүктүн жумушчу формулярлары.
- Өздүк күчтүү жактарды тажрыйбалуу педагогиканын жана топтук оюндардын методдору аркылуу аныктоо.
- Ар кыл кесиптер тармактарынан алынган ар кыл тапшырмаларды аткаруу үчүн станцияларга бөлүнгөн тажрыйбалык маршруттар.
- Өзүн-өзү презентациялоо: « Өзүмө күчтүү жактарым, кызыгууларым, хоббим жана кыялдарым тууралуу айткым келгендер».
- Кызыгуулар боюнча тест жана жөндөмдүүлүктөрдү аныктоо боюнча тест (өзүн-өзү баалоо жана башка адамдын баалоосу).
- Теория жана практикада кесиптер тармактары менен тааныштыруу.
- Чакан топтордогу тапшырма катары кесиптердин тогуз тармагын сүрөттөө.
- Кесиптик лицейлердин окуучулары өздөрүнүн тажрыйбасы менен бөлүшүшөт.
- Тажрыйбалуу кызматкерлер, экономика же башкаруу тармактарындагы эксперттер ар кыл темалар боюнча айтып беришет, мисалы, кесиптик турмуштагы жүрүм-турум, кесиптердин талаптары.



## УКМУШТУУ ОКУЯЛУУ МАРШРУТ– «ТУРГА БАРАЛЫ»

Федералдык эмгек агенттиги менен Федералдык медициналык агартуу борборунун кызматташуу долбоору – Германиядан мисал.

*Короткий фильм - http://www.komm-auf-tour.de/projekt/beschreibung/imagefilm/*




Жаштар үчүн башкы сунуш укмуштуу окуялуу маршрут болуп саналат. Маршруттун станциялары боюнча сейилдөө көңүл ачтырат жана аларды көңүлү менен, эркин жана коркуусуз кесиптик багыт берүүнүн жана карьераны пландоонун аспекттерин карап чыгууга түрткү берет.

Төрт топко бөлүнгөн жаш балдар укмуштуу окуялуу маршрутка жөнөшөт. Алар темп менен алты станция аркылуу өтүшөт: саякаттоо терминалынан тартып убакыт туннели аркылуу лабиринтке чейин жана чабуулдан эркин болгон будкадан тартып сахнага чейин.

Станциянын тапшырмаларын жана алардын чечимдерин тандоого жараша модератор окуучуларга “күчтүү жактардын” жети ар кыл стикерлерин ыйгарат.

Катышуучулар үчүн тапшырмалар көбүнчө жашоо-турмуштан алынган. Алар төмөнкүлөрдү талап кылат:

- Практикалык таңгактоо билгичтиги,
- Кыял чабыттары (фантазия),
- Акча же сандар менен иш алып барууга үйрөнүү,
- «Жашыл же жаныбардык чоң манжа»,
- Кеп-кеңеш берүү, сатуу же соода кылуу,
- Тартипке келтирүү жана тартипти уюштуруу,
- Жана/же башка адамдарга жардам берүү.

Ар бир 20 мүнөттөн кийин топтор станцияларды алмаштырышат.

Аягында бардык чакан топтор баалоо үчүн жолугушушат. Жаштар тарабынан эң көп көлөмдө чогултулган стикерлерге жараша, алар коллаж түрүндөгү кызыктуу маалыматтарды камтыган «күчтүү жактардын» тиешелүү шкафына багытталышат. Мектеп окуучулары оюн түрүндө аныкталган күчтүү жактар алардын өздүк баалоосу менен дал келгендигин текшеришет: «Мен чынында эле кол менен иштегенди жакшы көрөмбү?», же «Мен сандарга жакынмынбы?». Модератор башка «күчтүү жактардын» шкафына ал жактан да өзүн кабардар кылуу үчүн өтүүгө мотивациялайт. Күчтүү жактар кесиптик тармактар менен байланышкандыктан, жаш балдар коллаждардын жардамы менен кандай кесиптер аларга туура келерин табышат.

Билдирүүлөр төмөнкүдөй формада болушу мүмкүн: «Сени эмне кызыктыраарын билип ал. Сен азыр ойлогондон да мыкты жасай аласың. Сага үйдө, мектепте жана кийинки практикада канааттануу алып келе турганды сынап көр».

Оюн жок дегенде үч күн аралыгында бир шаарда, мисалы, ишкана залында, маданий борбордо, шаардык залда же көп максаттуу залда өтөт.

Ар бир оюн эки саатка созулат. Эки класс болжол менен 15-17 адамдан турган төрт топ болуп бир убакта маршруттар боюнча өтүшөт. Эгер маршрутту бир күн аралыгында үч жолу басып өтүшсө, анда оюнга күнүнө 180-200 окуучу катыша алат.

## ЖЕТИ КҮЧТҮҮ ЖАКТАР ЖАНА КЕСИПТЕРДИН ЫЛАЙЫКТУУ ТАРМАКТАРЫ:

### Менин колдорум:

Күчтү жана шамдагайлыкты колдонуп, кубануу менен иштешет

Кол өнөрчүлүк, техника, сүрөт тартуу, жасалгалоо, тамак ичүү, отургузуу, түшүм жыйноо

### Бакчылыкка жана мал чарбачылыгына жөндөмдүүлүк:

Өсүмдүктөр/жаныбарлар менен кубануу менен иштөө, жаратылыш койнунда эмгектенүү

Отургузуу, түшүм жыйноо

### Менин кыял чабытым (фантазиям):

Жасалгалоодон жана тапкычтыктан (креативдүүлүктөн) канааттануу алам

Сүрөт тартуу, жасалгалоо, тамак ичүү, отургузуу, түшүм жыйноо

### Сүйлөгөндү жакшы көрүү, кеп-кеңеш берүү, сатуу:

Сатуу, сатып алуу, кеп-кеңеш берүү, кам көрүү, жардам берүү, башкаруу, жазуу, компьютер

### Менин сандарым:

Сандар/акча менен көңүл коюп иштейм

Сатуу, сатып алуу, кеп-кеңеш берүү, кол өнөрчүлүк, техника, башкаруу, жазуу, компьютер, тамак ичүү

### Менин тартибим:

Кубануу менен уюштуруу, тартипке келтирүүнү жакшы көрүү

Башкаруу, жазуу, компьютер

### Менин милдеттерим:

Адамдарга кубануу менен жардам берүү, колдоо көсөтүү

Кам көрүү, жардам берүү, тамак ичүү

**Күчтүү жактар аймагы.**

«Менин милдеттериме» жана « бакчылыкка жана мал чарбачылыгына жөндөмдүүлүккө» карата коллаждар.





Маалымат булагы: Федералдык медициналык агартуу борбору (орусча аббревиатурасы: ФЦМП - Федеральный центр медицинского просвещения) -www.kommauftour.de

BZgA Bundeszentrale für gesundheitliche Aufklärung

Bundesagentur für Arbeit

# 4.2. ЖОЖДОРДУН БҮТҮРҮҮЧҮЛӨРҮНӨ ЖАНА СТУДЕНТТЕРИНЕ КЕСИПТИК КЕП-КЕҢЕШ БЕРҮҮ

«Студенттер жана университеттердин бүтүрүүчүлөрү» кардарлар тобунун маанилүүлүгү тууралуу 3.3.3 бөлүмүндө айтылган. Кыргызстанда айрым кызмат көрсөтүүлөр иштелип чыккан жана кардарлардын ушул тобу үчүн ийгиликтүү сунушталат. Иш менен камсыз кылууга көмөк көрсөтүү кызматынын кызматкерлеринин тажрыйбасы  ошол топ тарабынан жогорку кызыгуу жана ири суроо-талап бар экендигин көрсөтүп турат. Студенттер маалыматка жана колдоого муктаж, ал эми университеттер болсо бүтүрүүчүлөрдү жумушка мыкты интеграциялоо үчүн иш  менен камсыз кылууга көмөк көрсөтүү кызматтары менен иштегенди каалашат.

Иш менен камсыз кылууга көмөк көрсөтүү кызматтары сунуш кылган мүмкүн болгон тейлөөлөр:

- Университетте «университеттик команданын» кызматкерлеринин кеп-кеңеш берүүчү үзгүлтүксүз сааттары.
- Иш менен камсыз кылууга көмөк көрсөтүү кызматтарындагы убакыт боюнча бекитилген жекече кеп-кеңештер.
- Экономика жана эмгек рыногу боюнча студенттер үчүн маалыматтар, мисалы, тармактык билимдер, компаниялардын тизмеси.
- Бизнес өкүлдөрү жана университеттер менен жармаңкелерди уюштуруу/катышуу.
- Кошумча семинарларды уюштуруу – эмгек рыногу, жумуш издөөнүн стратегиясы ж.б.
- Стажировкаларды уюштуруу.
- Кесиптик карьераны баштоо үчүн маалыматтык материал.
- Окуу жайлар жана бизнес менен кызматташуу деңгээлинде квалификацияны жогорулатуу боюнча так ылайыктуу сунуштар.

## КУРАЛДАР:

- ЖОЖдордун жармаңкелери Караңыз: 4.2 бөлүм
- Позицияны изденип алуу үчүн документтерди тапшыруу боюнча жетекчилик колдонмо *(иштелип чыкты)*
- Аңгемелешүү үчүн суроолор *(иштелип чыккан)*
- Кесиптик, жеке иш-билгиликти (компетенцияларды) талдоо үчүн жумушчу баракчалар – иш-билгилик (компетенциялар) профили *(иштелип чыккан)*

# 4.3. ЖАШ КУРАГЫ ЖЕТИЛГЕН ЖУМУШЧУЛАРГА КЕСИПТИК БАГЫТ БЕРҮҮ

Жумушсуздарга кеп-кеңеш берүүдө жумушту кыскартуу болбойт, тескерисинче кеп-кеңеш берүү боюнча сунуштарды күчөтүү жана бир адамга, анын жөндөмдүүлүктөрүнө, билимдерине жана көндүмдөрүнө жана анын кызыгууларына бөлүнгөн убакытты – эмгек рыногунун электрондук маалыматтык системасын кирүү жолу менен кеңешчиге болгон жүктөмдү азайтуусу күтүлөт.

Жаш курагы жетилген кардарлардын тобу өзгөчө ар кошкон келет. Кеңеш алуу үчүн кайрылуучулар ар кыл көйгөйлөргө туш болушат, алардын жашоо шарттары жана өбөлгөлөрү да ар башка келет. Жалпысынан жумуш издөө боюнча кеп-кеңеш берүүнү (интеграция боюнча кеп-кеңеш) жана карьера маселеси боюнча кеп-кеңеш берүү (багыт берүү боюнча кеп-кеңеш) айырмалоо зарыл.

Жаш курагы жетилгендерди кеп-кеңеш берүүнүн эки форматында тең толук профилдөө маанилүү, б.а. кеп-кеңештин жүрүшүндө ылайыктуу жумуштуу табуу же квалификацияны жогорулатуу же жаңы перспективаларды аныктоо үчүн кеңешке кайрылуучу менен биргеликте тиешелүү кесиптик жана жеке мүнөздөмөлөр, жөндөмдүүлүктөр жана кызыгуулар талданат. Ошентип, кеңешке кайрылуучу кайра багыттоодо же өтүнмө берүү процессинде компетенттүү жардам ала алат.

### ИШ МЕНЕН КАМСЫЗ КЫЛУУГА КӨМӨК КӨРСӨТҮҮ КЫЗМАТЫНЫН МҮМКҮН БОЛГОН ТЕЙЛӨӨЛӨРҮ:

**жеке кеп-кеңеш**

- Кесиптик кеп-кеңеш– жетиштүү көлөмдөгү убакыт жумшоо менен ресурстарга, жеке бир адамга багытталган.
- ӹ Интенсивдүү профилдөө так, ылайыктуу сунуштар үчүн негиз катары болот.

### Максаттык топтор үчүн спецификалык сунуштар жана маалыматтар:

- Максаттык топтор үчүн багытталган, маалыматтык иш-чаралар сыяктуу ылайыктуу убакыт ичиндеги сунуштар (мисалы: жаш курагы жетилген жумушчулар үчүн, аялдар үчүн ж.б.).
- Максаттык топтор жана эмгек рыногу үчүн ылайыктуу квалификацияны жогорулатуу боюнча сунуштар.
- Эмгек рыногу тууралуу актуалдуу маалымат.

### Өзүн-өзү маалыматтоо үчүн материалдар – кагазга басып чыгарылган же электрондук формада:

- Кагазга басылып чыгарылган материалдар: мисалы, жумуш издөө боюнча портал тууралуу маалыматтарды камтыган бош орундарды жигердүү издөө боюнча же башка кеңештер (балким, тармактар боюнча же окутуу багыттары боюнча эмгек биржалары) камтылган маалыматтык китепчелер сыяктуу маалыматтык материалдар.
- Өз бизнесин ачуу боюнча маалыматтар.
- Чет өлкөдө иштөө боюнча маалыматтар.
- Веб-баракча:кесиптик багыт берүү/кесиптик кеп-кеңеш берүү, эмгек рыногу боюнча маалыматтар, документтерди тапшыруу жана аңгемелешүү.
- Өз ишин/бизнести ачуу боюнча кеңештер.
- Кесиптердин бардык тармактарынын сереби – бардык кесиптер серепте.

## КУРАЛДАР

- Кеп-кеңешти өткөрүү боюнча колдонмо (иштелип чыккан)
- Бош орундар жармаңкелери караңыз: 5.3 бөлүмү
- Ыкмалар– кошумча, тескерисинен ойлонуу ыкмасы
- Иш-билгиликти тең салмактоо боюнча куралдар Орунду аныктоо жана максаты табуу боюнча куралдар
- Маалыматтык иш-чаралар
  Кесип тандоо боюнча семинарлар
- Кесипке багыт берүү боюнча вебсайт – кардарлардын тобу: мектеп окуучулары, студенттер жана университеттердин бүтүрүүчүлөрү, жумушта иштегендер жана жумуш издеп жатышкандар үчүн түз кирүү.

# Билим берүү жана бош орундар жармаңкелери

# 5

**Жарманкелерди уюштурууда аларды өткөрүү максаттык топторго карата тиешелүү багыттамадан көз каранды экендигин эске алуу кажет. максаттык топторго жеткен, жана алар үчүн маанилүүлүккө ээ болгон сунуштар аркылуу, эгер алар кийин да жармаңкени башкаларга сунушташканда гана келүүчүлөрдү тартууга болот. Бул «бирөө баарына туура келет» деген принципти жетекчиликке алуу керектигин билдирбейт, бирок мамиле, экспоненттер, сунуштар же презентациялар канчалык өзгөчө болуп саналса, ийгилик ошончолук көп болот жана аракеттер куру болбойт.**

## 5.1. КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАРМАҢКЕЛЕРИ

| | |
|---|---|
| Максаттык топ: | кесип/ билим алууну тандоонун алдында турган мектеп окуучулары жана алардын ата-энелери жана мугалимдери . |
| Узактыгы: | 2 күн |
| Жыштыгы: | жылына 1 жолу |
| Орду: | Борбордук зал (жармаңкелер үчүн зал, спорттук зал, салтанаттуу чогулуш өтүүчү зал) |
| Өнөктөштөр: | өнөр жай ишканалары, администрациялар, кесиптик лицейлер, университет, жумуш менен камсыздоо агенттиктери, бирикмелер |

Кесипке окутуу жана жаштардын квалификациясын жогорулатуу өлкөнүн келечегин түзүү үчүн коомдун жана саясаттын негизги милдети болуп саналат жана негизги милдети бойдон калат. Айрым жаштар үчүн жогорку билим алуу, ал эми башкалары үчүн – кесиптик билим алуу ылайыктуу болуп саналат.Бирок көптөгөн жаштар билим берүү боюнча сунуштар жана билим берүүнүн мүмкүнчүлүгөрү тууралуу эч нерсе билишпейт.

Кесиптер боюнча маалыматтык жарманке өзүнүн инновациялык коцепциясынын жардамы менен кесипке багыт берүүдөгү маанилүү курал (инструмент) катары кесиптик жана жогорку билим берүүнүн мүмкүнчүлүктөрү тууралуу багыттама берет.

### БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАРМАНКЕСИНИН ИННОВАЦИЯЛЫК КОНЦЕПЦИЯСЫ:

- Пленумдардагы форумдар жана талкуулар – мисалы: белгилүү бир темалар боюнча ачык микрофондор
- Катышуучулар үчүн «Катышуу жана биргелешип аткаруу» сунуштары мектеп окуучулары менен жарманкесинин катышуучууларынын ортосундагы дыңды (музду) бузат жана ачык кеп-кенештерге киришүүнү жеңилдетет ( мисалы зымдар менен иштөө, темир менен, жасалгалоочу иштер, коомдук тамактануунда туура сервировкалоонун эрежесин сактоо).
- Семинарлар боюнча сунуштар–кесиптер тармактарын жана окууну сунуштоо жана аларга жакын кесиптерди сунуштоо практикага багытталган.
- Чыгуудагы презентациялар – ишканалар боюнча виртуалдык экскурсиялар ж.б.
- Укмуштуу окуялар маршруттары.
- Тренингдер–документтерди тапшыруу, багыттама жардам.
- Ата-энелер, мугалимдер үчүн ишканалардан келген практиктер, билим берүү жаатындагы доцент- окутуучулар же темалар боюнча кесиптер боюнча кеңешчилер тарабынан семинарлар .
- Ата-энелер менен кафе – эксперттер ата-энелерди жана алардын балдарын колдоонун көп сандаган мүмкүнчүлүктөрү тууралуу ачык кеп-кеңеш беришет, ошондуктан кесипке багыт берүү процесси оптималдуу өтүшү мүмкүн.
- Мектептеги жармаңкелерди даярдоого жана кийин кайрадан карууга демилгелөө –текшерүү баракчалары, талдоо үчүн баракчалар, окуучулар үчүн анкеталар.
- Лотереялар: белектер – кирүү билеттери, мобилдик телефон, камера ж.б.

### ФОРУМДАРДЫН ЖЕ СЕМИНАРЛАРДЫН МИСАЛДАРЫ:

- Жогорку билим алуу же кесиптик билим алуу – мен үчүн кайсыл жол туура болуп саналат?
- Кош бол, университет! Менин карьералык жолум башкача болот – абитуриенттер үчүн маалыматтар: университеттеги окууга карата кандай альтернативалар бар?
- Өзүңүздүн болочок өнөрүңүздү таңгактаңыз!
- Келечекке багытталган, инновациялык кесиптердеги карьеранын мүмкүнчүлүктөрү.
- Мен мүдөө кылган кесибимди кантип таба алам? Күчтүү жана алсыз жактарды аныктоо.
- Документтерди тапшыруунун ар кыл формалары.
- «Окутуу боюнча элчилер» - кесиптик лицейлердин окуучулары өз кесиптерин сунушташат жана өздөрүнүн окуусу тууралуу маалымдашат.



- Болочок рыноктор жана карьералык өсүүнүн мүмкүнчүлүктөрү.
- ӹ ж.б.у.с.

# 5.2. ЖОЖДОРДУН/КАРЬЕРА ЖАРМАНКЕСИ

**Төмөнкүлөрдү айырмалоо зарыл:**

- Орто мектептердин окуучулары үчүн маалыматтык жарманке
- Студенттер жана ЖОЖдун бүтүрүүчүлөрү үчүн карьера жарманкеси

| | |
|---|---|
| Максаттык топ: | Абитуриенттер, студенттер, ЖОЖдордун бүтүрүүчүлөрү, ишканалар |
| Узактыгы: | 1-2 күн |
| Жыштыгы: | Жылына 1 жолу |
| Орду: | Университет /шаардык зал |
| Өнөктөштөр: | Университет, тиешелүү секторлордогу ишканалар, иш менен камсыз кылууга көмөк көрсөтүү кызматтары, кызмат көрсөтүүчүлөрдү сунуштоочу ассоциациялар (мисалы, персонал боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоочулар, квалификацияны жогорулатуу боюнча окуу жайлар). |

### ЖОЖДОРДУН ЖАНА КАРЬЕРА БОЮНЧА ЖАРМАНКЕНИН ИННОВАЦИЯЛЫК КОНЦЕПЦИЯСЫ:

- Максаттык топторго карата багытталгандык.
- Форумдар жана пленумдардагы талкуулар, семинарлар.
- Интерактивдик элементтер.
- Иш берүүчүлөрдүн катышуусу (адистиктер боюнча ылайык келүүчү) – дубал такталарда, иш менен камсыз кылууга көмөк көрсөтүү иш менен камсыз кылууга көмөк көрсөтүү биржаларында, жумуш берүүчүлөрдүн «Изденүүчүдөн эмне күтүлөт?», Биз эмнени сунуштайбыз?» аттуу темалар боюнча баяндамалары.
- JobSpeedDating – бүтүрүүчүлөр жана ишканалар менен таанышуу.
- Кеңешчилер семинарларда өздөрүн тааныштырышат.
- ж.б.у.с.

### ФОРУМДАРДЫН ЖЕ СЕМИНАРЛАРДЫН МИСАЛДАРЫ:

- Эмгек рыногунда тенденциялар кандай, сурамга ээ болгон тармактар же адистиктер?
- ЖОЖдордун бүтүрүүчүлөрүнөн Бизнестин күтүүлөрү.
- Жеке сапаттар канчалык маанилүү?
- Жумушчу дүйнөсүнө карата даярдануу үчүн студенттер эмне кыла алышат?

### СЕМИНАРЛАР ҮЧҮН ТЕМАЛАР:

- Документтерди тапшыруу боюнча тренингдер:
- Аңгемелешүү үчүн алтын эрежелер.
- Карьераны өнүктүрүү – Мен кайда баргым келет?
- Мага эмне ылайыктуу?
- Ишке орношууну жогорулатуу.
- «Мен эмнени каалайм», «Мен эмне кыла алам?», «Эмне жүзөгө ашышы мүмкүн?»
- Студенттердин жана бүтүрүүчүлөрдүн башка керектөөлөрү тууралуу сурамжылоо.

### ЖОЖДОРДУН СТУДЕНТТЕРИ ЖАНА БҮТҮРҮҮЧҮЛӨРҮ ҮЧҮН МҮМКҮНДҮКТӨР

Экспоненттер: катышып жаткан компанияларда такшалма өтүү үчүн сунуштары, студенттер үчүн жумуш орундары, квалификациялык (дипломдук, изилдөөчүлүк) иштер, такшалмалар жана туруктуу позициялар тууралуу маалыматтар.

Жолугушуулар: мисалы, SpeedDatingке катышуу, карьера боюнча портал.

Тренингдерди даярдоо: жармаңкеде документтерди тапшырууга үйрөтүү жана кесипкөй кеңештер.

Алкактык программа: компаниялардын баяндамалары жана презентациялары–сахна артындагы көз караштар, инсайдерлерди билүү

### ИШКАНАЛАР ҮЧҮН МҮМКҮНДҮКТӨР

Рекрутинг –студенттер, бүтүрүүчүлөр менен байланыштар.

Маркетинг: компания үчүн жарнама.

Университеттер менен кызматташуу –дипломдук жана изилдөөчүлүк иштер үчүн темаларды берүү, такшалмалар.

## 5.3. БОШ ОРУНДАР ЖАРМАНКЕЛЕРИ

| | |
|---|---|
| Максаттык топ: | Жумуш издегендер жана иштеп жаткандар |
| Узактыгы: | 1 күн |
| Жыштыгы: | Жылына 2 жолу |
| Орду: | борбордук чоң зал (жармаңкелер үчүн зал, спортзал); |
| Өнөктөштөр: | өнөр жай ишканалары, коомдук администрациялар, кесиптик лицейлер, университет, квалификацияны жогорулатуу боюнча мекемелер, иш менен камсыз кылууга көмөк көрсөтүү кызматтары, бирикмелер. |

### ИННОВАЦИЯЛЫК КОНЦЕПЦИЯ:

- Дубал такталарында, форумдарда, негизги баяндамачы катары жумуш берүүчүлөрдүн ири санынын катышуусу.
- Ийгиликтүү окуялардын презентациясы - кесиптик өмүр баян.
- Иш менен камсыз кылууга көмөк көрсөтүү кызматтарынын тиешелүү максаттык топ үчүн кызмат көрсөтүүлөрдүн спектрин сунуштоо менен даярдалган тактасы.
- Берилип жаткан документтердин топтомун текшерүү (иш  менен камсыз кылууга көмөк көрсөтүү кызматтары тарабынан сунушталат) – өтүнмөнүн документтерин квалификациялык баалоо жана жакшыртуу боюнча сунуштар.
- Таржымал үчүн фото сүрөтчүнүн кызмат көрсөтүүлөрү.
- Сунуштар боюнча семинар, талкуулар үчүн форумдар.
- Job Speed Dating – потенциалдык жумуш берүүчүлөр менен жеке баарлашуулар.
- Квалификацияны жогорулатууну сунуш кылуучулар окутуунун кошумча мүмкүнчүлүктөрүн сунуштайт.

### СЕМИНАРЛАР ҮЧҮН ТЕМАЛАР

- Позицияны изденип алууга документтерди тапшыруу боюнча тренинг – бош орундарды издөө жолдору, берүү үчүн документтерди түзүү.
- Карьераны өнүктүрүү – Мен кайда барууну каалайм? Мага эмне ылайыктуу?
- Жумуштуу жигердүү издөө – ал кантип иштейт?
- Негизги иш-билгилик (компетенциялар) канчалык маанилүү?
- Өздүк бизнес - кандайча жол менен?
- 40+ муунундагы адамдар жана эми кантип?

### ӨЗГӨЧӨ МАКСАТТЫК ТОПТОР ҮЧҮН АТАЙЫН ЖАРМАНКЕЛЕР

мисалы: WomenPower, МИЕТжармаңкеси, ITкесиптер ж.б.

# 5.4. БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА БОШ ОРУНДАР ЖАРМАНКЕСИ ҮЧҮН ИЙГИЛИК ФАКТОРЛОРУ - ТЕКШЕРҮҮ БАРАКЧАСЫ

**Максаттык топту көбүрөөк эске алуу менен жармаңкенин концепциясын бекитүү**

Мисалы: Кесиптик билим берүү жармаңкеси, жогорку билим берүү жармаңкеси, бош орундар (вакансиялар) жармаңкеси, атайын жармаңкелер, мисалы аялдар үчүн.

**Мазмундук чен-белгилер (критерийлер)**

- ☐ Максаттык топтун өзгөчөлүгүн аныктоо
- ☐ Корпоративдик дизайнды бекитүү (аныктап көрсөтүү) – коомчулук менен иштөө бөлүгү
- ☐ Кызматташуу үчүн иш берүүчүлөрдөн, билим берүү мекемелеринен, тренерлерден, бирикмелерден, мектептерден жана жарманкени өткөрө ала тургандардан, жарнамалык агенттиктерден турган, максаттык топтор үчүн ылайыктуу өнөктөштөрдү бекитүү
- ☐ Программаны ар түрдүү түзүү – такталар, форумдар, семинарлар, ачык микрофондор, «негизги спикерлер», подиумдук талкуулар, интерактивдик станциялар…
- ☐ Маалыматтык материалдарды топтоо жана сунуш кылуу
- ☐ Оюн-зооктор - сынактар, музыкалык топтордун эл алдына чыгуулары, кесиптерди байкап көрүү үчүн маршруттар
- ☐ Максаттык топторго ылайык маалыматтык материалдардын презентациясы – мисалы, ишканага виртуалдык экскурсиялар, «жергиликтүү каармандар», ийгиликтүү окуялар
- ☐ Убакыттык алкактар боюнча жол-жоболорду бекитүү (жылына бир жолу, жарым жылда бир жолу ж.б.)
- ☐ Кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу
- ☐ Координациялоо үчүн ресурстарды ачык көрсөтүү

**Уюштуруучулук чен-белгилер**

- ☐ Кесипке багыт берүү боюнча жоопкерчиликтерди Эмгек агенттигинин ичинде бекитүү –PR жетекчилик, такталарды башкаруу, модератор, коноктор үчүн кам көрүү (VIP)
- ☐ Инфратүзүм – IT, бөлмөлөр, такталар
- ☐ Жарманке үчүн материал – келгендер үчүн проспекттер, электрондук почта, социалдык түйүндөр
- ☐ Иш-чаралардын тизмеси –даярдануу, өткөрүү, кийинки иштеп чыгуу үчүн
- ☐ Координациялоо үчүн ресурстарды ачык көрсөтүү
- ☐ Башка катышуучулар үчүн байланыштыруучу адамды белгилөө

**Жол-жоболордун чен-белгилери**

- ☐ Ички жана тышкы айкындуулук
- ☐ Актерлор менен кесипке багыт берүү концепциясын макулдашуу
- ☐ Коммуникациянын стратегиясын жана жоопкерчиликтерди бекитүү (Сунуш: өнөктөштөр менен жазуу түрүндөгү макулдашуу)
- ☐ Баалоо процесси

**Жарманкенин документациялары**


- ☐ Фотодокументация, Интернетте болуу, жыйынтыктарды жалпылоо

**Жармаңкени баалоо**

- ☐ Бардык катышуучулардын кайтма байланышы
- ☐ Келгендердин саны жана семинарларга катышуу ж.б

# Кесип тандоо процессинде кесипке багыт берүүнүн башка катышуучулары менен кызматташуу 6

**КЕСИПКЕ БАГЫТ БЕРҮҮ ПРОЦЕССИНИН БАРДЫК КАТЫШУУЧУЛАРЫНЫН АР КОШКОН АРАЛАШМАСЫ!**




## Кесипке багыт берүү үчүн кызматташуу боюнча беделдүү өнөктөштөрдүн спектри кеңири:

- Иш менен камсыз кылууга көмөк көрсөтүү кызматтары ар кыл программаларга жооптуу катары.
- Ишканалар такшалмаларды сунуштайт, бирок мектептер менен окутуу боюнча өнөктөштүктүн катышуучулары катары.
- Соода палаталары, ассоциациялар жана консорциумдар жана профсоюздар.
- Мектептердеги жаштар менен социалдык иштер жаатында кызмат көсөтүүлөрдү берүүчүлөр катары Жаштар ведомстволору жана мекемелер.
- Такшалмалардын орду болуп саналган, кесиптик окуу жайлар жана окуу борборлору.
- Ар кыл чараларды жүзөгө ашыруучу билим берүү мекемелери.
- Өздүк программаларын аткарышкан же ар кыл демилгелерди, иш-чараларды жана сунуштарды бириктирүү максатына ээ болушкан муниципалитеттер.
- Инновациялык процесстерди колдонууну демилгелеген жана «маяк долбоорлорунан» мыкты тажрыйбаны кийирүү үчүн стратегияларды иштеп чыгуучу фонддор.
- ... жана, арийне,өздөрүнүн балдарын коштоп жүрүүчүлөр катары ата-энелер жана ата-энелер ассоциациясы!

## Катышуучулардын ийгиликтүү кызматташуусу үчүн төмөнкү багыттамалар маанилүү:

- Кесипке багыт берүү – бул иш менен камсыз кылууга көмөк көрсөтүү кызматынын милдети.
- Кесипке багыт берүү жалпы билим берүүчү мектептин бөлүгү болуп саналат.
- Кесипке багыт берүү билим берүү системасы жана иш менен камсыз кылууга көмөк көрсөтүү системасынын
- ортосундагы байланыштыруучу тогоо болуп саналат.
- Кесипке багыт берүү бардык мугалимдер үчүн негизги жана өтмө милдет болуп саналат жана бардыгы тарабынан өтүлүшү керек.

- Кесипке багыт берүү кийинки, айрыкча бизнес жаатынан, өнөктөштөрдү талап кылат.

### Кесипке багыт берүү жаатында кызматташуу бардык катышуучуларга пайда алып келет:

- Мектептер, кесиптик билим берүү жана ишканалар жалпы талаптарды биргелешип иштеп чыгуу жана кийирүү мүмкүнчүлүктөрүн алышат.
- Даярдоонун кесиптик сабактары студенттер үчүн түшүнүктүүрөөк жана салмактуураак болот,
- себеби жумушчу дүйнөнүн аспекттерине кошулган болот.
- Мектептер өзүнүн кызматташуусу аркылуу өздөрүнүн билим берүүчүлүк милдеттерин аткаруу үчүн кошумча потенциалга ээ.
- Мектеп окуучуларына өздөрүнүн болочок кесиби тууралуу чечим кабыл алууга жардам көрсөтүлөт. Тандалган кесипти өздөштүрүү тилеги аларды өздөрүнүн мектептеги бааларынын үстүндө иштөөгө мотивациялайт.
- Ишканалар болочок кызматкерлерин өнөктөш катары тарта алышат жана өздөрүн кызыктуу жумуш берүүчү катары презентациялай алышат.
- Мектептер, иш менен камсыз кылууга көмөк көрсөтүү кызматтары жана ишканалар, качан алар өз аймагында өсүп келе жаткан муун үчүн социалдык жоопкерчиликти бөлүшкөн учурда, коомдогу өзүнүн беделин жакшыртышат.

Бардыгын эле жаңыдан ойлоп табуунун кереги жок. Айрым аймактарда өнөктөштөр жер-жерлерде жигердүү болушкан аймактык түйүндөр бар.

Мындай аймактык түйүндөр биргелешкен максатка багытталган аракеттер үчүн маалыматтардын универсалдуу булагын билдиришет. Бул жерде ассоциациялар, мектеп жетекчилиги жана жаштар фонддору бар муниципалитеттер сыяктуу башка өнөктөштөр катышууга тартылышы мүмкүн.

Бир нече катышуучулардын ортосундагы координацияланган кызматташтыктан улам жаш балдар мектептен-кесипке өтүүдө жекече керектөөлөрүнө ылайык ачык жана жекече коштолушу мүмкүн. Эң жакшысы алардын ар бири үчүн уттурбас жагдай жаралат. Түйүндөрдө иштөөнүн артыкчылыгы – бул тартылган өнөктөштөрдүн күчтүү жактарына ылайык милдеттерди кеңири бөлүштүрүү. Мындан тышкары, түйүн аймакта бекем орун алат. Биргелешип иштөө да коом тарабынан жакшы кабыл алынат.

*(Караңыз: Билим берүүчү пакт Кесипке багыт берүү)*

## ИЙГИЛИКТҮҮ КЫЗМАТТАШУУНУН ЧЕН-БЕЛГИЛЕРИ

Долбоор ийгиликтүү болушу үчүн кесипке багыт берүү концепциясын иштеп чыгуу боюнча чараларды пландаштырууда коммуникациянын жана кызматташуунун ачык түзүлүшү олуттуу мааниге ээ. Ийгиликтүү  кызматташуу  үчүн ийгилик факторлору болуп улантуучулук, коомуникация жана жоопкерчилик сезими саналат. Ошондуктан тиешелүү уюштуруучулук түзүмдү жана кызматташуу түзүмүн түзүү максаттарды баяндап жазуудан башталат. Мүмкүн болушунча чынчыл баяндалган, ачык максаттар бардык катышуучулардын мотивациясына оң таасирин тийгизет. Бардык кызыкдар тараптар жана демилгелерге жана долбоорлорго кызыкдар болгондор үчүн тиешелүү маалыматтарга карата, мисалы, маалыматтык панелге же түйүндөгү белгилүү бир тармакка карата эркин кирүү мүмкүндүгү болууга тийиш.

Маалыматтар менен дайыма алмашып туруу бардык катышуучу тараптардын байланышын камсыз кылат. Маал-маалы менен болуп турган жолугушуулар багыт берүү үчүн мыкты жардам боло алат.

# 6.1 КЫЗМАТТАШУУ БОЮНЧА ӨНӨКТӨШТӨРДҮ ТАНДОО БОЮНЧА ТЕКШЕРҮҮ БАРАКЧАСЫ

**СУРООЛОР / ИШ-ЧАРАЛАР:**

Сиздин максаттарыңызга жетишүүдө сизге пайдалуу жардам көрсөтө алган аймактык институттарды аныктаңыз ☐

Сиз кайрыла турган аймактык демилгелер барбы? Учурдагы демилгелерге кошулуу максатка жетишүү үчүн пайдалуу боло алабы? ☐

Кызматташуу боюнча өнөктөштөрдү издөөдө ким жардам көрсөтө алат? ☐

Сиздин максатка жетишиңиз үчүн ар бир өнөктөш кандай салым кошо ала тургандыгын жана кошушу керектигин аныктаңыз. Ошентип, сиз ылайыктуу өнөктөштөрдү аныктап аласыз. ☐

Сиз менен кызматташуудан өнөктөштөр канчалык пайда көрөрүн ойлонуп көрүңүз. ☐

Өз ресурстарыңызды жана сиздин өнөктөштөрдүн ресурстарын текшериңиз. ☐

Мамиле-байланышты түзүү жана кийин да мамиле–байланышты бекемдөө үчүн жоопттууларды так аныктаңыз. ☐

Ишкана/мектеп менен биринчи мамиле-байланышты жетекчилик аркылуу орнотуңуз. ☐

Биринчи мамиле-байланышты жетекчилик менен (ишкананын/мектептин) жөндөңүз. ☐

Жалпы максаттарды жазуу түрүндө бекитиңиз жана ар бир өнөктөштүн салымын макулдашууда жазып өтүңүз. ☐

Айкын байланыштыруучу адамдарды атап бериңиз. ☐

Убакыттык план түзүңүз. ☐

Кайтма байланыш үчүн туруктуу аңгемелешүүлөрдү пландаштырыңыз. ☐

# 6.2. АТА-ЭНЕЛЕР МЕНЕН КЫЗМАТТАШУУ

Кесипке багыт берүүнү иштеп чыгуу – студенттерди билим алууга жана кесипке карата даярдоо үчүн маанилүү процесс. Ата-эне үйүнүн тарбиясы бул учурда негизги жоопкерчиликти көтөрөт. Бирок бардык эле ата-энелер бул жагынан алганда бирдей жоопкерчиликти алышпайт. Ошондуктан бул үй-бүлөлүк көз караштарды эске алуу менен бардыгы үчүн мүмкүндүктөрдү көбөйтүүгө карата мүмкүн болушунча бирдей мүмкүнчүлүктөрдү түзүүгө умтулуу болушу керек.

## 6.2.1. Кызматташуунун принциптери

Мектептен – кесипке/кесиптик окууга өтүүлөрдөгү ата-эненин иши жаштар ийгиликтүү болушуна жана өз кесибине каниет болушуна көмөк көрсөтүшү керек. Бул инсанга гана пайда келтирбестен, ошондой эле бүтүндөй коомчулукка пайдасы тийет.

Ата-энелердин ишин жигердентүүгө негизги көңүл бөлүнөт. Иш менен камсыз кылууга көмөк көрсөтүү кызматтары кесип тандоо процессинде жана ата-энелер менен биргелешип жигердүү жардам көрсөтүүнү колдоп турушу керек. Ата-энелерге карата оң, сыйчыл мамиле бул учурда алмаштырылгыс. Ата-энелер өздөрүн баалуу жана керектүү сезиши керек. Бири-бирин уга билүү жана сунуштар менен конструктивдик-сынчыл пикирлер үчүн ачык болуу кызматташууну өбөлгөлөйт.

**МААНИЛҮҮ КИРИШҮҮ СУРООЛОРУ:**

- Өз балдарына карьера тандоодо ата-энелерди эмне кызыктырат?
- Ата-энелер кантип максатына жете алышат жана мотивацияланышат?
- Ата-энелер менен кантип мамиле-байланышты жөндөөгө болот?

Ата-энелер тууроо үчүн үлгү болуп саналышат жана өз балдары тарабынан ар кыл ролдордо - адискөй катары, изденүүчү катары, квалификациясын жогорулаткан жаш курагы жетилген адам катары жана башка көптөгөн ролдордо кабыл алынат. Ата-энелер жаштар үчүн чечимдерди кабыл алуу процессинде эң маанилүү жардамчы болуп саналышат. Өспүрүмдүк өнүгүүнүн көп учурдагы татаал баскычына карабастан, өспүрүмдөр көбүнчө бул тармактагы кеңеш берүүнү суранышат. Ошол эле учурда ата-энелер көп учурда өздөрүнүн балдарынын күчтүү жана алсыз жактарын да жакшы баалай алышат.

Ата-энелер жаштар үчүн үлгү болуу ролун гана карманбастан, ошондой эле маалыматтык процессте колдоо көрсөтүүчү маанилүү кеңешчилер болуп саналышат, алар дем берип турушат, эмоционалдык жактан колдоп турушат. Ошондуктан ата-энелер өздүк кесиптик өмүр жолуна, тажрыйбасына жана билимине таянуу менен кесипке багыт берүү процессине жигердүү өнөктөш катары алгачкы баскычтарда эле эртерээк катышышы керек.

### АТА-ЭНЕЛЕР ТӨМӨНКҮЛӨР ТУУРАЛУУ МААЛЫМАТТАРДЫ АЛЫП ТУРУШУ ЗАРЫЛ:

- Жаштардын кесип тандоо процессинде ата-энелердин дем берүүсү маанилүү ролду ойнойт.
- Мектептен кийинки ар кыл жолдор – балким, Кыргызстандагы билим берүү жолдоруна сереп.
- Кесиптик тандоо кадамдары – кесип тандоо өзүн- өзү таанууну, кесиптик ачууну, салыштырууну, жана тажрыйбалык колдонууну камтыган процесс катары.

Бул жерде жалпы билим берүүчү мектептердеги ата-энелер кечеси, ата-энелер жана билим берүү жармаңкелериндеги маалыматтык иш-чаралар же кеп-кеңештер тууралуу сунуштар болушу мүмкүн.

### АТА-ЭНЕЛЕРДИН КАТЫШУУСУНУН ПРИНЦИПТЕРИ:

- Ата-энелер маанилүү жана алардын катышуусу ыктуу болот
- Ата-энелер аларды баалап жатышкандыгын сезиши керек
- Максат кызматташууда жатат
- Күчтүү жактарды издөө
- Тилдик, маданий, диний айырмачылыктарга көңүл буруу
- Кызматташууну процесс катары көрө билүү
- Убакытты кызматташууга инвестициялоого даяр болуу
- Сунуштарга жана сынга ачык болуу
- Ата-энелер менен иштөөдө башка катышуучулар менен кызматташуу.

### АТА-ЭНЕЛЕРДИН КАТЫШУУСУНУН ПРИНЦИПТЕРИ:

- Ата-энелер маанилүү жана алардын катышуусу ыктуу болот.
- Ата-энелер аларды баалап жатышкандыгын сезиши керек.
- Максат кызматташууда жатат.
- Күчтүү жактарды издөө.
- Тилдик, маданий, диний айырмачылыктарга көңүл буруу.
- Кызматташууну процесс катары көрө билүү.
- Кызматташууга убакыт бөлүүгө даяр болуу.
- Сунуштарга жана сынга ачык болуу.
- Ата-энелер менен иштөөдө башка катышуучулар менен кызматташуу.

### МҮМКҮН БОЛГОН ФОРМАТТАР

- **Ата-энелер чогулушу** – баяндамалар, презентациялар, топтук баарлашуулар, пикир алмашуу
- **Эксперттердин баяндамалары**
- **Иш менен камсыздоо кызматтарындагы ата-энелер күнү** кеп-кеңештер жана маалыматтар
- **Долбоордук күн**
- **Иш-чаралардын бир катары** – кесип жармаңкелери, ачык эшик күндөрү
- **Ата-энелер устолу** – ачык кирүү мүмкүндүгү, мисалы жармаңкеде.

## 6.2.2 Идеялар кутусу – ата-энелер менен иш алып баруу

**(Германиядан апробацияланган Федералдык эмгек боюнча агенттиктин бизнес менен кызматташуу тажрыйбасы).**

### АТА-ЭНЕЛЕР ЧОГУЛУШУ ҮЧҮН ИЙГИЛИКТИН ЧЕН-БЕЛГИЛЕРИ.

Чакыруулардын мазмуну:

- Сый-урмат мазмундагы чакыруулар.
- Жеңил тил менен баяндоо.
- Кызыктуу, «Жалпы максат, сиздин балаңыздын ийгилиги» деген сыяктуу өзөктүү сөздөрдү колдонуңуз.
- Жеке кайрылуу, мисалы, «Кош келиңиздер» ж.б.

Мүмкүн болушунча айкын так жазылган темалар:

- Иш менен камсыз кылууга көмөк көрсөтүү кызматынын кеңешчиси X айым кесип тандоо боюнча айкын кеңештерди сунуштайт.
- X теги кесиптик лицей өз сунуштарын XY тармагында сунуштайт.
- X өзүнүн курстары жана мүмкүнчүлүктөрү тууралуу маалымдайт.
- Же достук чагымчыл: Сиз билесизби, автоунаа тандоо сиздин балаңызга карьера тандоого караганда көп убакыт алат? Келиңиз…

Кечении түзүмү:

- Оюн-зооктору мазмундук бөлүк менен айкалыштыруу – мисалы, көргөзмөгө баруу, ишканага баруу үчүн сүрөт тактасы же башка релеванттык темалар: класс менен сапарга баруу, тамактануу, интернет ж.б. менен айкалыштыруу менен.
- Коноктор эксперттер катары – жумуш берүүчүлөр, мурунку окуучулар, билим берүү программаларынын бүтүрүүчүлөрү.
- Ата-энелер үчүн анкета (мурдатан даярдалган) – тематикалык сунуштар, ачык суроолор, каалоолор.
- Ата-энелер үчүн анкета (мурдатан даярдалган) – тематикалык сунуштар, ачык суроолор, каалоолор.

## «СИЗДИН БАЛАҢЫЗДЫН КЕСИБИН ТАНДОО» АТТУУ ТЕМАДАГЫ АТА-ЭНЕЛЕР КЕЧЕСИ

Кесип тандоо кадамдары боюнча маалыматтар:

1. Өзүн-өзү таануу–кызыгуулар, жөндөмдүүлүктөр
2. Кесиптер дүйнөсү менен таанышуу – Кесиптердин 9 тармагы, көксөгөн кесиптер, тест.
3. Салыштыруу – кызыгуулар тести, жөндөмдүүлүктөр тести – кесиптер тармактары менен салыштыруу.
4. Кесип менен таанышуу – тажрыйба, таанышуу күндөрү, ишканаларга баруу, эксперттердин отчёттору.
5. Чечим – мүмкүнчүлүктөрдү текшерүү жана документтерди тапшыруу.

## ИШ МЕНЕН КАМСЫЗ КЫЛУУГА КӨМӨК КӨРСӨТҮҮ КЫЗМАТЫНДАГЫ АТА-ЭНЕЛЕР КҮНҮ – БАЯНДАМАЛАР ЖАНА АЧЫК КЕП-КЕҢЕШ БЕРҮҮЛӨР

Узактыгы: Болжол менен эки саат.

Максаты: Кеп кеңеш берүүнүн мүмкүнчүлүктөрү, кесиптер жана окутуу боюнча . кеңешчилердин баяндамалары

Материал: Аймактык эмгек рыногу жана билим берүү тууралуу маалыматтар, кесип тандоодо ата-эненин ролу,кеп-кеңеш берүү боюнча сунуштар;

Өнөктөштөр: Кесиптик лицейлер, университеттер, бизнес

## АТА-ЭНЕЛЕР ӨЗДӨРҮНҮН КЕСИПТЕРИ ТУУРАЛУУ АЙТЫП БЕРИШЕТ

Узактыгы: 15 мүнөт.

Өнөктөш: Фирманын өкүлү, мектеп, жумуш менен камсыздоо агенттиги.

Орду: Окуу жылы мезгилинде, ата-энелер жана мектеп окуучулары кечелери, мектеп майрамы.

## АТА-ЭНЕЛЕР ИШТЕГЕН ИШКАНАГА ЭКСКУРСИЯЛАР

## АТА-ЭНЕЛЕР ҮЧҮН КАФЕ – КЕСИП ЖАНА ОКУУНУ ТАНДОО БОЮНЧА АЛМАШУУ

Узактыгы: Ордуна жараша эки сааттан тартып эки күнгө чейин;

Өнөктөш: Жумуш менен камсыздоо кызматы, кесиптик лицейлер, университеттер, жумуш берүүчүлөр;

Орду: Жармаңкелер, университеттер, мектептер, кесиптер боюнча маалыматтык борборлор – столдор боюнча отургузуу, «Кафенин атмосферасы».

**Эки сааттык иш-чаранын үлгүсү:**

Модератор: Киришүү - Менин кесип тандоомо эмне таасир тийгизген? – Ата-энелердин пикир алмашуусу;

Жалпылоо: Кесип тандоо факторлору, кызыгуулардын жана күчтүү жактардын мааниси, тестке көрсөтмө берүү жана балдарга колдоо көрсөтүүнү суранууу;

Кеңеш: Ресурстарды аныктап таануу, дем берүү, баланын күчтүү жактарын өнүктүрүүдө колдоо көрсөтүү.

## ИНТЕРАКТИВДИК АТА-ЭНЕЛЕР КЕЧЕСИ – АТА-ЭНЕЛЕР АТА-ЭНЕЛЕР ҮЧҮН

# 6.3. ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ МЕКТЕПТЕР МЕНЕН КЫЗМАТТАШУУ.

Иш менен камсыз кылууга көмөк көрсөтүү кызматтары мектеп менен кызматташтыкта окуучуларга, ошондой эле алардын ата-энелерине максаттуу түрдө кайрыла алышат жана алардын көңүлүн кызмат көрсөтүүлөргө бура алышат.

Төмөнкү минималдык сунуш сөзсүз түрдө окуучуларга кеп-кеңешке чейин сунушталууга тийиш:

- Ар бир мектеп классы же бир жылдагы бардык класстар үчүн мектепте жалпысынан эки саатка созулган жолугушуу.
- Кесиптер боюнча маалыматтык борборлорго баруу.
- Мектептердеги ачык жумушчу сабактар.

Карьераны тандоо–узакка созулуучу процесс. Бул процессте ар бир мектеп окуучусунун жекече орду ар башка болушу мүмкүн.

### УШУЛ СЕБЕПТЕН УЛАМ, МЕКТЕПТЕГИ КЛАССТАРДА МЕКТЕПТИК ТАЛКУУЛАР МААЛЫМАТТЫК ИШ-ЧАРАЛАРЫН АЧУУДА НЕГИЗИНЕН, МИСАЛЫ, ТӨМӨНКҮЛӨР ТУУРАЛУУ ЖАЛПЫ МААЛЫМАТТАР БЕРИЛЕТ:

- Ишке орноштуруу боюнча кеңседе кесиптик кеп-кеңеш берүүгө колдоо көрсөтүү.
- Жоопту кесиптик кеңешчи туруктуу байланыш катарында сунушталат.
- Кесиптик кеп-кеңештердин жекече маалыматтык сунуштары берилет – кесиптер боюнча маалыматтык борборлор, китепчелер, веб-сайт ж.б.у.с.
- Билим алуунун негизги мүмкүнчүлүктөрү жана анын мөөнөттөрү түшүндүрүлөт.
- Кесип тандоого карата базалык мамилеси.
- Кызыкчылыктар тести, жөндөмдүүлүктөрдү аныктоо тести сыяктуу сунуштар түшүндүрүлөт.
- Билим берүү жармаңкелерине чакырылат.
- Мүмкүнчүлүккө жараша финансылык колдоо берилет.

Иш-чаралардын датасы кеңешчи тарабынан мектеп менен макулдашуу боюнча аныкталат. Көбүнчө мектептеги кеңешме сабактын ажырагыс бөлүгү болуп саналат, ошондуктан ага баруу милдеттүү болуп эсептелет.

Мугалимдер жана кеңешчилер мектептеги кеңешменин жүрүшүн мугалимдер жыйынтыктарды сабактын иштелмесине кошушу үчүн биргелешип талдашы керек.

### КЕСИПТЕР БОЮНЧА МААЛЫМАТТЫК БОРБОРЛОРГО БАРУУ

Маалыматтык борбор эмгек рыногун, кесиптерди, кесиптик тандоону, билим алууну, окууну

жана кесиптик билим алууну жана окутуунун мүмкүнчүлүктөрүн өзүн-өзү таануу үчүн борбордук түйүн  болуп саналат. Мектеп окуучуларына, сунуштарды, мисалы, кызыкчылыктар тестин ж.б. колдонуу тууралуу нускама берилет.

### МЕКТЕПТЕРДЕГИ КАБЫЛ АЛУУНУН АЧЫК СААТТАРЫ

Окуучулар өздөрүнүн суроолору менен жалгыз калбашы үчүн мектепке ачык жумушчу сааттар сунушталат. Бул мектеп окуучулары үчүн тоскоолдуктарды   азайтат жана башка жолугушуулар, мисалы, иш менен камсыздоо кызматтарында же маалыматтык борбордо, уюштурулушу мүмкүн.

### АТА-ЭНЕЛЕР КЕЧЕЛЕРИ МЕКТЕПТЕР МЕНЕН КЫЗМАТТАШТЫКТА

*Караңыз: Ата-энелер менен кызматташуу.*

### ЖУМУШ МЕНЕН КАМСЫЗДОО КЫЗМАТТАРЫНДАГЫ МУГАЛИМДЕР ҮЧҮН ПЕДАГОГИКАЛЫК КҮН/СААТ

# 6.4. КЕСИПТИК ЛИЦЕЙЛЕР ЖАНА УНИВЕРСИТЕТТЕР МЕНЕН КЫЗМАТТАШУУ

Кесиптик лицейлер жана университеттер өздөрүнүн билим берүүчүлүк сунуштарынын эксперттери катары кесипке багыт берүүдө маанилүү роль ойношот. Алардын тиешелүү талаптары, мазмуну жана эмгек рыногундагы мүмкүнчүлүктөрү менен окутуу курстарынын презентациясы кесип тандоо процессиндеги алардын негизги милдети болуп саналат. Маалыматтык материалдарды иштеп чыгууда да кесиптик салым зарыл.

Ал төмөнкүдөй түрдө ишке ашырылышы мүмкүн:

- Билим берүү жарманкелеринде университеттердин катышуусу (Караңыз: 5-бөлүм).
- Ачык эшиктер күндөрү – кесиптик маршруттар, лотереялар, белектери бар сынактар, «окуучулардан окуучулар үчүн суроолор» сыяктуу кызыктыруучу сунуштары менен.
- Мектептердеги же кызыкчылыктар топторундагы конок күндөрү.
- Ата-энелер кечелери.

# 6.5. ЖЕКЕ ЖАНА МАМЛЕКЕТТИК ЖУМУШ БЕРҮҮЧҮЛӨР МЕНЕН ЖАНА МЕКТЕПТЕР МЕНЕН КЫЗМАТТАШУУ

Иш берүүчүлөр үчүн иш менен камсыз кылууга көмөк көрсөтүү кызматчылары көрсөтүүлөрдүн кең спектрин сунушташат. Иш берүүчүлөр командаларынын кызматкерлери жумушчуларды издөөдө ар кыл темалар боюнча кеп-кеңешке карата талаптар коюлганда же квалификацияны жогорулатуу тууралуу суроо-талап болгон учурларда компетенттүү, ишенимдүү, жеке жана өз убагындагы колдоо менен камсыз кылат.

Иш менен камсыз кылууга көмөк көрсөтүү кызматкерлери ишканаларга  эмгек рыногу жаатындагы алардын керектөөлөрүнө, талаптарына багыталуу менен жардам көрсөтүшөт.

### ИШ БЕРҮҮЧҮЛӨР ҮЧҮН СУНУШТАР:

- Так шайкеш келүүчү ортомчулук, б.а. иш менен камсыз кылууга көмөк көрсөтүү кызматкерлери позициянын профилине шайкеш келе турган талапкерлерди сунушташат.
- Эмгек рыногу жана квалификация маселелери боюнча, анын ичинде юридикалык кеп-кеңештер жана альтернативалык кызматка алуу же квалификацияны жогорулатуу мүмкүнчүлүктөрүн кошкондогу жекече кеңеш.
- Бул учурда кызматкер башка өнөктөштөр менен кызматташат.

### КЫЗМАТТАШУУНУН ПАЙДАЛУУ КУРАЛДАРЫ:

Иш менен камсыз кылууга көмөк көрсөтүү кызматтарынын сапаттын бекитилген стандарттарына ылайык иштеген жумуш берүүчүлөрдүн командасын түзүү:

- Кеп-кеңештерди көрсөтүү боюнча колдонмо Иш берүүчүлөр (иштелип чыккан);
- Өтүнмө (электрондук формада да) (иштелип чыккан);
- Электрондук жиберүүлөр (иштелип чыккан);
- Иш берүүчү аймактагы ар кыл темалар боюнча сүйлөшүүлөрдү жүргүзөт;
- Иш берүүчүлөрдүн конференциясы(негизги баяндама жасоочулар, талкуу форумдары, пленардык кеңешме, көргөзмөлөрү менен) – ошондой эле улуттук деңгээлде жана башка катышуучулар менен кызматташтыктада;

*(Караңыз: Эмгек рыногунун кызмат көсөтүүлөрү боюнча жетекчилик колдонмо).*

Кесипке багыт берүүнүн контекстинде жаштар жана мектеп окуучулары үчүн жумуш берүүчүлөр кызматташуу боюнча маанилүү өнөктөштөр болуп саналышат. Башында, аларды кызыктырып тартуу жана алардан кесипке багыт берүүгө салым кошууну талап кылуу оңой эмес. Бул өнөктөштөр өз компаниясынын максаттары үчүн пайдалууну көргөндө гана жетишилет.

Жакшы кызматкерлер – компаниядагы эң баалуу актив. Квалификация жана мотивацияланган кызматкерлер компаниялар үчүн жакшы убактарда өсүүгө карата ачкыч жана ошол эле учурда оор баскычтардан чыгуу үчүн чечүүчү фактор болуп саналат. Алар сапатты, өсүүнү жана атаандаштыкты камсыз кылышат.

Ылайыктуу кызматкерлерди издөө көп учурда көйгөй болуп саналат. Көпчүлүк компанияларда бош орундарды квалификациялуу адистерден турган кызматкерлер менен толтурууда көйгөйлөр бар. Дал ушул жерде жумуш берүүчүлөр, иш менен камсыз кылууга көмөк көрсөтүү кызматтарынын жана кесиптик окуу жайларынын ортосунда ийгиликтүү кызматташуу башталат.

Мамлекеттик келишим же биргелешкен жумушчу топ кызыкдар тараптар менен кызматташтыкта жумуш менен камсыздоо маселелери боюнча узак мөөнөттүү даярдыкты жана Кыргызстандагы квалификациялуу жумушчу күчүн камсыз кылууга жардам беришет.

Өз ара аракеттенишүүдө жана катышуучулардын түйүндөрүн түзүүдө гана кесипке багыт берүү ийгиликтүү боло алат. Бул учурда бизнес менен интенсивдүү кызматташуу биринчи даражадагы мааниге ээ.

Мектеп окуучуларына жакшы кесипке багыт берүү жана алардын кесип тандоосу тажрыйбалык көз караш менен биргеликте гана ишке ашырылышы мүмкүн. Бул үчүн компаниялардын тажрыйбасы алмаштырылгыс болуп саналат. Алар өздөрүнүн кесиптик каалоолорунун,

өздүк жөндөмдүүлүктөрүнүн жана шыктарынын сынчыл чагылуусу катары кызмат кылышат. Бул жерде өздөрүнүн жумуш берүүчүлөр менен болгон байланыштарынан улам, иш менен камсыз кылууга көмөк көрсөтүү кызматтары байланыштарды орнотуу жана ар кыл сунуштарды уюштурууга көмөктөшүү менен жалпы билим берүүчү мектептерди колдой алышат.

# Идеялар кутусу – Иш берүүчүлөр менен кызматташуудагы кесипке багыт берүү

## СЕРЕП: ӨНДҮРҮШТӨГҮ ПРАКТИКАЛЫК ТАЖРЫЙБА

- Мектептик өндүрүштүк практика жана практикалар күнү
- Ишканалар менен таанышуу жана экскурсиялар
- Менторинг/ насаатчылык
- Ата-эненин жумуш ордундагы күн
- Ишканалардагы окуу практикасы
- Баарлашуудагы/ сабактагы эксперттер

### МЕКТЕПТИК ӨНДҮРҮШТҮК ТАЖРЫЙБАТАЖРЫЙБА ЖАНА ТАЖРЫЙБАЛАР КҮНҮ

Иштеп көрүүдөн, эмгек шарттарын жана жумушчу процесстерди өздөштүрүүдөн улам эмгек дүйнөсү тууралуу билимдер окуучулар үчүн көрүнүктүү, терең жана кеңири болуп чыга келет.

### ИШКАНАЛАР МЕНЕН ТААНЫШУУ ЖАНА ЭКСКУРСИЯЛАР

Ишканаларга экскурсияга баруу менен мектеп окуучулары жумуш жана кесиптер дүйнөсү, корпоративдик түзүмдөр жөнүндө, ошондой эле кесиптик ишмердүүлүктүн ар кыл тармактарында билим алуунун мүмкүнчүлүктөрү тууралуу маалыматтарды алышат. Таанышуу мектеп окуучусунун такшалмасы сыяктуу эле даярдоо, жүзөгө ашыруу жана талдоо деген үч баскычта ишке ашырылышы керек. Бирок мектеп окуучуларынын экскурсия тажрыйбасына салыштырмалуу бул азыраак убакытка созулат жана интенсивдүүлүгү да аз болот.

Окуучулар көптөгөн (байкоочулук) тапшырмаларды алышкандыктан, таанышуу максаттуу жана жыйынтыкка багытталган боло алат.

Ишканалар менен таанышууга кошумча окутуунун шарттары да же башка окуу борборлору, кесиптик лицейлер жана университеттер сыяктуу мекемелерде билим алуу да кесиптик даярдоонун алкагында сыналышы мүмкүн.

Иш менен камсыз кылууга көмөк көрсөтүү кызматкелери кадимки окуу тажрыйбаларынан тышкары таанышуу үчүн компанияларды издөөдө жардам бериши мүмкүн.

### МЕНТОРИНГ/ НАСААТЧЫЛЫК

Өзгөчө пайдалуу ыкма болуп насаатчылык эсептелет, мисалы Германияда окуудагы насаатчылык деп аталган мекеме иш жүргүзөт.. Насаатчылыктын негизги идеясы жаш балдардын жөндөмдүүлүктөрүн жекече колдоо жана менторинг жолу менен жакшыртууда жатат. Бул үчүн, кесиптик мектептен тышкаркы, насаатчылар тарабынан окуучуларды кесиптик турмушка кирүүгө даярдоо болуп эсептелинет . Алар мектептен кесипке өтүүдө жардам беришет. Жардам мектептеги учурда эле башталат жана кесипке окууга чейин улантылышы мүмкүн.

Кесипкөйлөр, жетекчилер, белгилүү инсандар же мурунку машыктыруучулар сыяктуу ардагерлер насаатчы боло алышат. Алар өз тажрыйбаларын жана мамиле-байланыштарын жаш балдарга карьера менен жекече алектенүүгө жана керектүү көндүмдөрдү өнүктүрүүгө жардам берүү үчүн колдонушат. Алар бул жардамды ыктыярдуу негизде көрсөтүшөт.

Кызматташып жаткан компаниялар жана мекемелер ылайыктуу насаатчыларды табууну суранышы мүмкүн. Насаатчыларды пайдалануу, айрыкча, жардамга өзгөчө муктаж болгон жаш балдарга сунушталат.

### АТА-ЭНЕНИН ЖУМУШ ОРДУНДАГЫ КҮН

Эгер мүмкүн болсо, окуучулар бир күндү же күндүн жарымын ата-энесинин жумуш ордунда же башка жаш курагы жетилген адамдардын жумуш ордунда өткөрө алышат. Мындай күндө алар жумуш шарттары жана тиешелүү кесип боюнча иштин өзү

менен тааныша алышат. Иштин көзүн таанууну тандоо процессинин жалпы контекстинде классификациялоо үчүн алдын- ала даярдануу жана сабакта жыйынтыктарды талдоо колдоого ээ болот.

### ИШКАНАЛАРДАГЫ ОКУУ ТАЖРЫЙБАСЫ ЖАНА КЕҢЕШЧИЛЕР ҮЧҮН ТАЖРЫЙБА/ БАРУУЛАР

Кесипке багыт берүү жана кесип тандоого карата даярдоо кызмат көрсөтүү максатынан улам тажрыйба орду жана баруучу жерлер мааниге ээ жана бизнес менен кызматташууда милдеттүү келет. Ошентип, мугалимдер же кеңешчилер

экономикадагы учурдагы кырдаал менен тааныша алышат жана ошону менен кесипке багыт берүү процессинде жана карьерага даярдануу процессинде өздөрүнүн иш-билгилигин (компетенттүүлүгүн) жогорулатышат.

### ИШКАНАЛАРДАГЫ ЭКСПЕРТТЕР САБАКТА

Компаниялардан келген эксперттердин активдүү жана маал-маалы менен класста катышуусу окуучулар, ошондой эле мугалимдер үчүн окуу орундарынын өзгөрүшү сыяктуу эле маанилүү. Бул кадамдар бардык тартылган тараптар үчүн окуу процессин чечет, ал– жаңы методдорду жана окутуу методдорун иштеп чыгуунун, өзүн жумуш менен камсыздоого жана ишкерлик менен алектенүүгө көмөк көрсөтүүнүн эсебинен мектеп менен компаниянын ортосундагы ар кыл пикирлердин кыскарышынан улам терең өзгөрүүлөргө алып келет.

### КЫЗЫККАН МЕКТЕП ОКУУЧУЛАРЫ ҮЧҮН КЕСИПТЕР ТАРМАКТАРЫ ЖАНА БЕДЕЛ БОЮНЧА ИШКАНАЛАРДАГЫ ТЕМАТИКАЛЫК СЕМИНАРЛАР.

Ишканаларда компаниянын кызматкерлери тарабынан иштеп жаткан кесиптер сунушталат. Бул кесиптерге окутуунун жана тажрыйба өтүүнүн мазмуну жана талаптары, ошондой эле тажрыйба түзүлө турган өбөлгөлөр баяндалат. Натыйжада, студенттер тажрыйба иш жүзүндө түшүнүк алуу жана бул кесиптерде алгачкы тажрыйба өздөштүрүү үчүн такшалмадан өтө алышат.

Макулдашуу мектеп менен ишкананын ортосунда жүргүзүлөт.

### GIRLS' DAY - BOYS' DAY (КЫЗДАР КҮНҮ, БАЛДАР КҮНҮ)

Бул жаattaгы кызыктуу иш-чаралар катары ишканалардын Girls'Day же Boys'Day сыяктуу иш-чаралары саналат. Бул демилгелер болочок кесиптердеги, өнөр жай жана техникалык кесиптердеги карьеранын спектрин кеңейтүүгө

багытталат жана гендердик уюлдуулукка каршы аракет көрсөтөт.

#### Кыздар күнү

Кыздар күнүндө компаниялар, ишканалар, университеттер жана мекемелер өз эшиктерин окуучу кыздарга ачышат. Кыздар бул тармактарда аялзаты азыр да сейрек сунушталган тармактардагы, мисалы маалыматтык технологиялар, устачылык, табигый илимдер жана техника жаатындагы кесиптик окутуу жана адистиктер тууралуу билишет же бизнес менен саясатта айымдар жетишкен ийгиликтер менен үлгү алуу катарында таанышышат.

Даярдык: тематикалык тармактар жана станциялар камтылган маршруттар - IT, техникалык, устачылык, табигый илимдер (ММТТИТ – Математика, маалыматтык технологиялар, табигый илимдер, техника ).

#### Балдар күнү

Балдар күнүндө балдар бакчасы, ооруканалар, ишканалар, мектептер жана университеттер, ошондой эле башка мекемелер окуучуларды эркектердин үлүшү мурункудай эле төмөн болгон кесиптер менен таанышууга чакырат. Эркек балдар билим берүү, социалдык, медициналык тейлөө жана тейлөө тармактарындагы келечек тууралуу көбүрөөк маалымат алышат. Boys›Day – бул эркек балдар үчүн гана сунуш. Ошол күндү кыздарсыз өткөрүү - – эркек балдар өздөрүнүн жекече күчтүү жактарын биле турган маанилүү тажрыйба болуп саналат.

Boys›Day азырынча эркек балдарды сейрек кызыктырган кесиптик тармактарга кирүүнү сунуштайт. Алардын биргелешип иштөө жана чыр-чатактык (конфликттик) жөндөмдүүлүктөрү

сыяктуу социалдык көндүмдөрү да эркек балдарды чыңдай алышы мүмкүн. Boys›Dayде эркек балдар алгачкы тажрыйба топтошот жана мамиле-байланыштарга ээ болушат. Ошентип, ири ар түрдүүлүк жана жекече өнүгүү үчүн эшиктер ачылат.

Буга даярдык: айыл чарбасындагы маршруттар.

# ТИРКЕМЕ 7

## КОЛДОНМОЛОР


Жаштардын кызыгууларынын көрсөткүчү – 4.1.2 44

Компетенцияларды аныктоого карата тест – 4.1.4 46

Жаштар үчүн кесип тандоо күндөлүгү – 4.1.5 48

«Бешти колдонуп көр» укмуштуу окуялуу каттамы – 4.1.6 49


## КОЛДОНМО


«Бешти колдонуп көр» укмуштуу окуялуу каттамы – 4.1.6 51


## КОЛДОНМО


Студенттерди/ЖОЖдордун бүтүрүүчүлөрүн ишке орноштуруу боюнча колдонмо - 4.2.Бөлүмгө 62

«Маектешүүдөгү суроолор» - студенттер/ЖОЖдордун бүтүрүүчүлөрү үчүн маалыматтык баракчалар – 4.2 Бөлүмгө 63

ЖОЖдордун бүтүрүүчүлөрүнүн компетенцияларын талдоо үчүн иш баракчалары – 4.2 Бөлүмгө 64

**АТА-ЭНЕЛЕРДИН ДЕПТЕРИ 66**

# 4.1.2 БӨЛҮМГӨ. ЖАШТАРДЫН КЫЗЫГУУЛАРЫНЫН КӨРСӨТКҮЧҮ - КОЛДОНМО

## 1 КЫСКАЧА БАЯНДАМА

«Кызыгуулардын көрсөткүчү» - өзүн-өзү баалоо тести болуп саналат, ал жаштарга кесип издөөдө жана тандап алууда жардам берет. Тестте бош убактыларындагы кызыгуулары, кесиптик кызыгуулары, ошондой эле жөндөмдүүлүгүн өзү баалашы эске алынат. Ал жеке кызыгууларын кесиптик чөйрөнүн талаптары жана анык турмушу менен салыштырат. Кызыгуулардын көрсөткүчү жеңил жана акысыз, 30 мүнөт ичинде аткарылат, анын негизин катышуучулардын өзүн-өзү баалоосун тестирлөө иш тартиби түзөт. Натыйжада, кайсы кесиптик тармактарда өзгөчө кызыгуу бар экендиги көрүнөт.

## 2 КОЛДОНУУ МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРҮ

Тест кесиптик тандоонун башталышына арналган жана андан ары кесипке багыттоо үчүн негиз катары кызмат кылат!

## 3 МАКСАТТУУ ТОП

Максаттуу топтор –кесип тандоо алдында турган 14 жаштан 17 жашка чейинки жаштар.

## 4 НЕГИЗГИ ОЙ- МАКСАТЫ

«Кызыгуулардын көрсөткүчү» ар түрдүү колдонулат жана жаштарга кесип тандоодо жардам берет.

Ал өздүк кызыгуулар менен кесиптик дүйнөнүн ортосунда байланышты орнотот. Тестти жекече кесипке багыттоодо да, ошондой эле класста да колдонууга болот. Бул субъективдүү процесс болуп саналат жана мектептеги, бош убагындагы жана кесиптик кызыгууларын, ошондой эле өзүн-өзү баалоо көндүмдөрүн камтыйт. Тест мазмуну боюнча бирдей тогуз бөлүмдөн турат, алар кызыгууларды көрсөткөн тогуз кесиптик тармактарга шайкеш келет.

1. Жаратылыш;
2. Тамактануу;
3. Конструкциялоо;
4. Курулуш иши, инженердик жабдуулар, интерьердин дизайны, жыгачты кайра иштетүү;
5. Өнөр жай, техникалык кол өнөрчүлүк;
6. Мерчемдөө, эсептөө, чийүү, информатика, изилдөө жүргүзүү;
7. Соода, башкаруу, сатуу, транспорт, экономика, информатика;
8. Тил, адабият, баарлашуу, театр, музыка, искусствотаануу, гуманитардык илимдер;
9. Адамдар менен мамиле түзүү, билим берүү, саламаттыкты сактоо, кеңеш берүү, кам көрүү.

«Кызыгуулардын көрсөткүчү» тесттин катышуучуларына кайсы ишмердүүлүк түрү ылайык келерин билүүгө мүмкүндүк берет. Максаты - өздүк кызыгууларына өзү талдоо жүргүзүзгөн тесттин негизинде кесиптик мүмкүнчүлүктөрүнө жана ылайыктуу кесиптик тармактарга алгачкы чектөө киргизүү болуп эсептелет.

Окуучу тесттин жыйынтыктары менен обочодо калбашы керек, ал эреже катары кошумча кеңеш берүүгө жана колдоо көрсөтүүгө муктаж болот.

## 5 МАТЕРИАЛ

Тест санариптик колдонууга жеткиликтүү (Бастырып чыгаруу үчүн нускалары да бар – кеңеш берүүчүлөр үчүн эскертмелер берилген суроолор баракчасы жана баалоо баракчалары).

Тесттин жыйынтыктары окуучуларга көрсөтмөлүү графикалык түрдө көрсөтүлөт жана айрыкча даана көрүнгөн кесиптик тармактарды көрсөтөт.

Мындан тышкары, тесттин тогуз кесиптик тармактары менен шайкеш келген кесиптердин тизмеси керек болот. Бул өспүрүмгө тесттин жыйынтыктарын колдонууга жардам берет жана кесиптик окутуу курстарын/тиешелүү кесиптик ишмердүүлүктө окутуу жайларын сунуштайт.

Тест кыргыз жана орус тилдеринде берилет.

## 6 КОЛДОНУУ ЖАНА БААЛОО

Тестти жекече да жана класста да колдонууга болот. Тесттин алдында жаштар үчүн оозеки түшүндүрмө берүү жана киришүү сөзүн айтуу өтө маанилүү.

Тест аларга кесипти тандап алууда жардам берерин жаштар түшүнүшү зарыл. Тесттен өтүүгө 30 мүнөт убакыт берилет.

Тест аяктагандан кийин, бардык катышуучулар өздүк кызыгууларынын профилине жекече берилген бааны жана бул кызыгуулардын профилине шайкеш келген кесиптик окутуу курстарын/ЖОЖдордун адистиктеринин тизмесин алышат.

Баалоо үчүн упайлар электрондук түрдө ар бир кесиптик кызыгуу тармагынын жалпы упайларына кошулат (кызыгуу тармагы үчүн максималдуу мүмкүн болгон упай 30 га барабар, мүмкүн болгон эң аз упай 0 гө барабар).

Бул упайлар пайыздар менен көрсөтүлөт.

Пайыздык сумма төмөнкүлөрдү билдирет:

33% чейин - анча көп эмес кызыгуу;

66% чейин - орто кызыгуу;

100% чейин - жогору кызыгуу.

Баалоо кайсы кесиптик тармакка өзгөчө кызыгуу бар экенин көргөзөт, багыттайт. Жаштар, ата-энелер менен кошумча талкуу жүргүзүү жана кесип тууралуу кошумча маалымат берүү кесип тандоону тастыкташы зарыл.

## 7 ИШТИ ӨТКӨРҮҮ ТАРТИБИ

Кесипке багыттоо боюнча кеңешчи окуучуларга жеке кеңеш берүүдө же класста адегенде тестирлөө тартибин түшүндүрөт. Ал кызыгуулар

- силерге жаккан нерселердин баяндамасы экендигине жана эмнеге көңүл бурушуңар керектигине көңүл бурат.

Окуучулар көп ойлонбой, ички сезим-туюмуна таянып, чын дилден жооп бериши жана коркпостон чечим кабыл алышы зарыл, демек,

«эч тарапка кошулбаган калыс» деген жазууну белгилебеши керек. Бул жерде туура же туура эмес деген жооп жок, бирок жаштар өзүнө чынында эле бул жазгандарым аныкпы, аталган ишмердүүлүк түрлөрү мага кубаныч тартуулайбы деген суроолорду берип көрүшү зарыл.

Тест бул жеке кызыгууларды кесиптик чөйрөнүн талаптары жана анык турмушу менен

салыштырат. Тесттин натыйжасы кызыгуулардын көрсөткүчүнүн кайсы кесиптик тармактарына көбүрөөк кызыгуу бар экенин, кесиптик кызыгуулардын багытын көрсөтөт. Балким, упайлары же пайыздык көрсөткүчү жогору болгон кызыгуу тармагында ылайыктуу кесип табууга болот.

Бул жерде тогуз тиешелүү кесиптин тармагына бөлүнгөн кесиптердин тизмеси/кызмат милдеттердин баяндамасы колдонулат жана мүмкүн болгон кесиптик окутуу сунушталат.

Кесиптердин тизмеси жаш адамдын кызыгуу профилине шайкеш келген жана ал үчүн ылайыктуу кесиптик окууну табууга көмөктөшөт.

Бюллетенде же китепчеде кесиптик кызыгуу жараткан ар бир тармак үчүн кесиптик даярдоо курстары же адистиктер боюнча окуу программалары тизмеленип берилген. Тест аяктагандан кийин, өспүрүм жалпы маалымат алуусу үчүн жана андан ары багыт берүү максатында кызыгуулары өзгөчө ачык көрүнгөн үч кесипке багыттоо боюнча китепчелер берилет.

Жаштар, ата-энелер менен талкуу жүргүзүү жана кесиптер, окууну улантуу жана мүмкүнчүлүктөр тууралуу кошумча маалымат берүү кесип тандоого көмөк көрсөтүшү зарыл!

## 8 ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

Натыйжаларды баалоо үчүн төмөнкүлөрдү эске алуу зарыл:

- Эгерде бир нече кесиптик тармактарга кызыгуу байкалса, тармактарды айкалыштыруу мүмкүнчүлүгүн колдонууга болот. Көп кесиптер кызыгуу жараткан бир нече тармактарга шайкеш келет, мисалы: сатуучу кесиби дайыма тилге жөндөмдүүлүктү жана баарлашууга кызыгууну билдирет.
- Эгерде эч бир кесиптик тармакка кызыгуу жок болсо, тестти кайрадан өткөрүүгө болот. Сиз окуучуга бир нерсени «кайраттуураак» баалоосун сунуштап көрүңүз! Бирок, окуучуда бир дагы кызыгуу тармагы азырынча анчалык билине элек болушу да ыктымал.

## КИРИШҮҮ ҮЧҮН

Маанилүү нерсе: тест жаштар бош убагында эмне менен алектенери тууралуу сурамжылоо жүргүзүү эмес, эмнеге кызыгары жана кайсыл ишти кызыгуу менен аткарарын аныктоо экендигин белгилеп өтүү зарыл. Мисал: өспүрүм кыз үй чарбачылыгына көп жардам берет жана кичинекей бөбөктөрүн багууга каралашат, бирок бул иштер ага жакпайт. Ал искусство жана

дизайнга кызыгат, бирок алар менен алектенгенге убактысы жетишпейт жана башка иштерден орун тийбейт.

Окуучуларга ошондой эле өздөрүн угуу керектигин жана суроолорго чын дилден жооп бериши зарыл экендигин түшүндүрүү маанилүү. Мына ошондо гана шайкеш келген кесиптик тармакты табууга болот.

## ТИРКЕМЕ: КИРИШҮҮГӨ МИСАЛ

*Кымбаттуу окуучу балдар жана кыздар,*
*1. Менин атым ________________*

*Мен иш менен камсыз кылууга көмөк көрсөтүү борборунда эмгектенем жана бул жерге кеңешчи катары силерге кесипти тандап алууга жардам берүү үчүн келип отурам. Албетте, силердин араңардан кимдир бирөөңөр келечегиңерди азыртан ойлонуп койгонсуңар жана кайсы кесиптин ээси болоруңарды мүмкүн так билесиңер.*

*2. Бүгүн мен силерге «Кызыгуулардын көрсөткүчү» деген тестти өткөргүм келет. Бул тест силердин бош убактыңардагы, мектептеги кызыгууларыңарды аныктайт жана кайсы кесиптер бул кызыгууларга шайкеш келерин көрсөтөт. Ошентип, ал силердин жекече кызыгууңар менен кесиптик дүйнө жана анын талаптарын салыштырат. Тесттин жыйынтыгы силерге кесипке багыттоо берип, кайсы кесиптер силерге ылайык экендигин көрсөтө алат. Албетте, силер бул жыйынтыктарды мугалимиңер, ата-энеңер же кесипке багыттоо боюнча кеңешчи катары мени менен да талкууласаңар болот.*

*3. Кызыгуу – демек бир ишти ырахаттанып аткаруу, бир максат үчүн иштөө*

*Кайсы ишти чын көңүлүңөр менен, ырахаттанып, бир максатка жетейин деп аткарасыңар, тест мына ушуну билгиси келет! Демек, көп ойлонбой, ички сезим-туюмуңарга таянып, чын дилден жооп бергиле. Бул жерде мектептегидей ТУУРА же ТУУРА ЭМЕС деген жооп жок, мында силердин гана жекече кызыгууңар эске алынат!*

*4. Тест төмөнкүдөй аткарылат: 9 блоктогу суроолор берилет, ар биринде 10 аныктама бар. Аныктамалар тогуз кесиптик тармактар боюнча бөлүштүрүлгөн, мисалы: жаратылыш, дизайн, соода же техника.*

*Өтүнүч, жазылгандарды көңүл коюп окугула жана тышкы таасирлерди эске албастан, ички сезим-туюмуңарга жараша, биринчи кайсы ой келсе, ошондой жооп бергиле. Өзүңөргө: «Чынында эле жазгандарым аныкпы, бул ишмердүүлүк мага кубаныч тартуулайбы», - деген суроолорду берип көргүлө.*

*Силердин 4 түрдүү жооп берүү мүмкүнчүлүгүңөр бар:*

*Жок | Жарым жартылай | Ооба | Абдан.*

*Ар бириңер тестти өз алдыңарча жана өзүңөр үчүн иштейсиңер. Бул үчүн силерге 30 мүнөт убакыт берилет.*

*Эгерде суроолоруңар болсо, мага айткыла, мен бардык суроолоруңарга жооп бергенге аракет кылам.*

*Анда эмесе, тестти баштадык! Ийгилик каалайм!*

# 4.1.4 БӨЛҮМГӨ. ЖАШТАРДЫН ЖӨНДӨМДҮҮЛҮГҮН АНЫКТОО БОЮНЧА ТЕСТ - КОЛДОНМО

**Жаштардын жөндөмдүүлүгүн аныктоо боюнча тест - колдонмо.**

### 1 КЫСКАЧА БАЯНДАМА

Жөндөмүн аныктоо боюнча тест - мүнөзүнүн күчтүү жактарын жана жөндөмдүүлүгүн өзү баалоо үчүн берилген тест болуп саналат. Ал башынан өткөргөн окуяларга өспүрүмдүн өзү талдоо жүргүзүүсүнө түрткү берет жана өзүнүн инсандык сапаттарын алгачкы иликтеп талдоодо көмөк көргөзөт.

Ал кесиптик жана «жумшак көндүмдөр» деп аталган дисциплиналар аралык көндүмдөрдү эсепке алат.

Албетте, ар бир жаштын мүнөзүнүн күчтүү жактары бар жана кандайдыр бир ишти өзгөчө жакшы аткарат. Өспүрүмдөр муну жөндөмдүүлүгүн аныктоо боюнча тест аркылуу биле алышат.

Жөндөмдүүлүгүн аныктоо боюнча тест жөнөкөй, тез аткарылат жана каржы чыгымдарын талап кылбайт. Тесттин узактыгы 15 мүнөт жана катышуучулардын жеке баалоосуна негизделген.

Тесттин натыйжасы жаш адам кайсы тармакта мүнөзүнүн күчтүү жактары жана жөндөмдүүлүгү менен айырмаланарын көргөзөт.

### 2 КОЛДОНУУ ТАРМАГЫ

Тестти кесипке багыттоого киришүү, кызыгуулардын көрсөткүчүнө кошумча катары жана/же кесипти тандоо жөнүндө чечимди кайра карап чыгуу үчүн колдонууга болот.

## 3 МАКСАТТУУ ТОП

Жаштар.

## 4 КӨЗДӨГӨН ОЮ ЖАНА МАКСАТЫ

Өспүрүмгө кесип тандоодо кызыгуулары менен бирге жеке инсандык сапаттары да маанилүү.

Айрым кесиптер белгилүү бир атайын компетенцияларды талап кылат. Мисалы, медайым абдан тыкан жана жоопкерчиликтүү иштеши керек, багбан ишенимдүү жана тырышчаак болушу зарыл, наабайчыдан ишти уюштура билүү жана эсеп негиздерин өздөштүрүү талап кылынат.

Жөндөмдүүлүгүн аныктоо боюнча тест өспүрүмгө жөндөм-шыгына ылайыктуу кесип табууга жана өзүнүн инсандык сапаттарын иликтеп тартипке келтирүүгө көмөк көрсөтүшү зарыл. Башкача айтканда өспүрүм кайсы ишти өзгөчө жакшы аткарарын жана кайсы иш- милдеттер ага жагарын аныктоо керек. Тест ошондой эле өспүрүм кайсыл багытта өнүгүшү керектигин көрсөтө алат.

Тест төрт тармактагы: кесиптик, социалдык, инсандык жана методологиялык компетенцияларды камтыйт.

Компетенциялардын ар бир категориясы үчүн 8 жөндөмдүүлүктү алты деңгээлдик шкала боюнча эки пикирди билдирүү менен сурамжылоо жүргүзүлөт.

Кесиптик компетенциялар ар түрдүү тармактардагы адистик билимдерди жана көндүмдөрдү баяндайт. Тапшырма-милдеттерди ийгиликтүү аткаруу үчүн биринчи кезекте керектүү материалды өздөштүрүү зарыл. Мектеп окуучулары үчүн тестте алардын базалык билимдерин жана көндүмдөрүн баалоо тууралуу сөз болот. Негизги суроо мындайча берилет: менин кандай кесиптик көндүмдөрүм бар?

Инсандык компетенциялар дүйнөгө жана өзүнө карата жекече мамилесин чагылдырган жөндөм-шыктарды жана мамилени камтыйт. Бул жерде инсандык сапаттар каралат, кесиптик турмушта алар да маанилүү болуп эсептелет. Негизги суроо мындайча берилет: Мен өзүмө кандай мамиле кылам?

Методикалык компетенциялар тапшырма-милдеттерди ийгиликтүү аткарууда жана максатка жетүүдө мааниге ээ. Алар жаш адис тапшырылган милдеттерди кантип жана кандай жолдор менен чечерин жана көйгөйлөрдү кандайча жеңерин билдирет. Мында тандоо, мерчемдөө жана чечимдерди сарамжалдуу ишке ашыруу эске алынат. Негизги суроо мындайча берилет: Милдеттерди чечүүгө мен кандай жолдор менен киришем?

Социалдык компетенциялар биздин  башка адамдарга карата талаптагыдай жана шартка жараша аракеттенүүгө мүмкүндүк берүүчү бардык жөндөм- шыктарыбызды бириктирет. Мисалы, мектеп окуучулары курбу- досторуна, ата-энелери жана башка өздөрүнөн улуу адамдар менен баарлашууда кандай жүрүм-турумда болору жөнүндө сөз болот. Негизги суроо мындайча берилет: Башкалар менен мамиле түзүүдө менин мүнөзүм кандай?

Тестти жекече кесипке багыттоодо, ошондой эле класста өткөрүүгө болот. Өткөрүү методикасы субъективдүү жүргүзүлөт жана өз алдынча баа берилген мүнөзүнүн күчтүү жактарын эске алат.

## 5 МАТЕРИАЛ

Тест орус жана кыргыз тилдеринде санариптик тиркемеде берилген.

Тесттин натыйжалары окуучуларга көрсөтмөлүү графикалык түрдө берилет жана компетенциялардын кайсы категорияларында кандай жөндөм-шыктар өнүккөндүгүн көргөзөт.

## 6 КОЛДОНУУ ЖАНА БААЛОО

Тестти жекече кеңеш берүүдө жана класста колдонууга болот. Жаш өспүрүмдөргө тест тууралуу маалымат берүү маанилүү. Тест алардын мүнөзүнүн күчтүү жактарын жана талант-шыктарын аныктоого жардам берерин жаштар түшүнүшү зарыл. Белгилүү бир кесипке ээ болуу үчүн ишти аткаруудагы айрым бир көндүмдөр керек экендигин жаштар мойнуна алышы керек.

ест менен иштөө убактысы 15 мүнөттү түзөт.

Тестти аткарып бүткөн соң, катышуучулар алардын компетенцияларынын же мүнөзүнүн күчтүү жактарынын өздүк профилине жекече баа алышат. Баа берүүдө жаштардын мүнөзүнүн күчтүү жактары 4 тармактагы компетенцияларда көрсөтүлөт.

Алынган жыйынтык өспүрүмгө андан ары кеңеш берүүдө же анын кесип тандоо тууралуу кабыл алган чечимин текшерүүдө олуттуу негиз катары каралат. Өз профилин таанып-билүү менен жаш өспүрүмдүн өзүнө болгон ишеними артылат.

Буга карабастан, жаш өспүрүмдөр кесип тандоо жыйынтыктарын ишке ашырууда колдоо көрсөтүүгө муктаж болот. Кеңешчи алынган жыйынтыктарды чечмелеп түшүндүрүүгө көмөк көрсөтүшү жана өспүрүмдүн мүнөзүнүн күчтүү жактарын кесиптин же көздөгөн ишинин талаптары менен шайкеш келтирүүгө жардам көргөзүшү зарыл.

## 7 ТЕСТИРЛӨӨ ТАРТИБИ

Кеңешчи адегенде окуучуларга тестирлөө тартибин жекече маектешүүдө же класс ичинде түшүндүрөт. Өспүрүмдүн мүнөзүнүн күчтүү жактары жана жөндөм- шыктары кесип тандоодо маанилүү экендигин мисалдар менен түшүндүрөт (медайым- тыкандык, ишенимдүүлүк; дыйкан – оор милдет- жүктү көтөрө алуу, табигый илимдердин негизин билүү; чачтарач – чыгармачылык, эпчилдик, шамдагайлык ж.б.).

Окуучулар тест учурунда ойлонбостон тез жана олуттуу жооп берүүлөрү талап кылынат. Жооп берүүдө жообум туурабы же туура эмеспи, жакшы жооп бердимби же начар жооп берип калдымбы деген түшүнүк болбошу керек. Кеп мүнөзүндөгү чабал жактарын эмес, күчтүү жактарын аныктоодо турат! Жаш өспүрүм өзүнө баа берип, айтылган ырастоолор ага шайкеш келерин аныкташы жана жооп бериши керек.

Жаш өспүрүмдөр менен биргеликте кесиптер койгон талаптардын профилине талкуу жүргүзүү жана кошумча маалымат берүү кесип тандап алууга колдоо көрсөтөт!

### 8 ТЕСТ ӨТКӨРҮҮНҮН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

Алынган жыйынтыктарга баа берүүдө эске алчу нерсе: компетенциялардык категориялардын алкагында жогорку упайларга ээ болгон көндүм-шыктарды белгилегиле жана алынган натыйжаларды мектептеги көнүгүүлөрдүн, кызыгуулардын көрсөткүчүнүн же кеңеш берүүлөрдүн жыйынтыктары менен байланыштыргыла. Ошондой эле, өспүрүмдүн көздөгөн кесибин мүнөзүнүн күчтүү жактарынын көрүнүшү менен салыштыргыла. Кесип талап кылган профиль менен өспүрүмдүн компетенцияларынын профилинин ортосунда өтө чоң айырмачылык келип чыкса, анда ыктымал болгон жетишпегендиктерди теңдештирүү үчүн же кесип тандоону кайра карап чыгуу үчүн талкуу жүргүзүү зарыл.

Жөндөм-шыктарды аныктоо боюнча тест кесип тандоо жөнүндөгү чечимге негиз боло албайт! Ал дайыма толуктоо катары гана каралат!

# 4.1.5 БӨЛҮМГӨ: ЖАШТАР ҮЧҮН КЕСИП ТАНДОО КҮНДӨЛҮГҮ – КОЛДОНМО

### 1 КЫСКАЧА БАЯНДАМА

Кесип тандоо күндөлүгү тикеден-тике жаштар үчүн арналган. Бул силерди кесип тандоо жолунда коштоп жүрүүчү иш дептери. Жаштарга багыт жана жетектөө берилет. Кесип тандоо күндөлүгүндө кесип тандоого даярдануу үчүн кадамдар чечмелеп берилген, аларды өз алдынча иштеп чыгуу сунушталат. Иш барактарын иштеп чыгуу учурунда жаштарда

өзүн-өзү талдоого кызыгуу пайда болот жана андан алынган жыйынтыктар документтештирилет.

### 2 КОЛДОНУУ МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРҮ

Иш дептерин ар түрдүү жол менен пайдаланууга болот. Дептер кесип тандоо боюнча түзүмдүү чечим кабыл алуу үчүн беш баскычтагы негизден турат.

- Дептерди өз алдынча иштөө үчүн колдонууга болот, б.а. өспүрүм аны акырындык менен, шашпастан, жакшылап иштеп чыга алат.
- Ошону менен бирге эле сабак учурунда жана чакан топтор менен иштөө үчүн негиз боло алат. Бул максатта бир нече кезигишүүлөр учурунда өзүнчө тема бөлүп берүү ылайыктуу
- Кесипке багыттоо боюнча кеңешчи дептерди кеңеш берүү үчүн көрсөткүч же негиз катары колдоно алат. Кеңеш берүү учурунда ал өспүрүмгө иш баракчалары түрүндө «үй тапшырмасын» берет, өспүрүм аларды кийинки кездешүүгө даярдап келиши керек. Андан соң маектешүү учурунда жыйынтыктар талкууланат, талданат жана баалоо жүргүзүлөт.

### 3 МАКСАТТУУ ТОП

Максаттуу топтор – өспүрүмдөр жана жаштар.

### 4 НЕГИЗГИ ОЙ, КӨЗ КАРАШ

Кесип тандоо күндөлүгү Швейцарияда Эглоф жана Юнго тарабынан түзүлгөн, көп ирет тестирлөөдөн өткөн, окуучулар жана мугалимдер менен биргеликте дайыма актуалдаштырылып турат.

Кесип тандоо күндөлүгү окуучуларга багытталган жана өтүүнүн бардык баскычтарында аларга айрым бир жоопкерчиликтерди жана демилгелерди тартуулайт. Иш дептери өспүрүмдөрдү кесип тандоонун жүрүшүндө кадам сайын коштоп жүрөт. Алар өзүн, кесиптик дүйнөнү таанып билишет жана бир нече кесиптерди иликтеп үйрөнүшөт.

Кесип тандап алуу тууралуу чечим кабыл алышат жана ал чечимин иш жүзүнө ашырышат. Көп сандаган иш баракчаларын узак убакыт ичинде жекече тартипте жана өз алдынча иштеп чыгууга болот. Өз алдынча иштеп чыгуу өзү менен өзү болуу дегенди түшүндүрбөйт, өспүрүм кесибин тандоодо өзү демилге көтөрүп, өз жолу аркылуу баратканын жана ата-энелер, кеңешчилер жана мугалимдер менен биргеликте иштей алууга жөндөмдүүлүгүн билдирет.

Китеп кесип тандоонун мезгил текшерүүсүнөн өткөн дидактикалык-теориялык үлгүсүнө негизделген.

Ал өспүрүмдөргө жана жаштарга төмөнкү нерселерди:

- Алардын кызыкчылыктарын жана жөндөмдүүлүгүн.
- Кесиптер тууралуу маалыматтарды иликтеп үйрөнүүнү.
- Кесиптик умтулууларды жана кесип тандоону кантип аныктоону.
- Кесип тандоого ата-энелер, мектеп, кесипке багыттоо жана башка иштер кантип көмөктөшө аларын анык көргөзөт.

## 5 МАТЕРИАЛ

Кесип тандоо күндөлүгү орус жана кыргыз тилдеринде чыгарылат.

## 6 КОЛДОНУУ ЖАНА БААЛОО

Кесип тандоо күндөлүгү жаштарга жекече кеңеш берүүдө же мектепте өтүлгөн кесипке багыттоо боюнча сабактарда пайдаланылат. Күндөлүк баарыдан мурда жаштар үчүн арналган жана аларды кесип тандоо жолунда коштоп жүрөт. Күндөлүк менен иштөөдө жаштарга жекече кеңеш берүү аркылуу же класста мугалим тарабынан багыт берүү максатка ылайык.

Кесипке багыттоо боюнча сабактарда кесипти тандап алууда умтулууга жана мотивацияга көмөктөшүүчү, өзүн таанып билүүдө жана социалдык окутуу тармагында прогресске шыктандырган кырдаалдарды жана шарттарды түзүүгө болот. Мектеп жана кеңешчилер жаштарды иш дүйнөсүнө жана кесиптер тармагына чөмүлтүү менен окутуунун үлгүлүү баскычтары аркылуу өз кесибин тандап алуу тууралуу чечим кабыл алуусу үчүн шарттарды туруктуу негизде жакшыртышат.

Иш дептери менен иштөөдө жаштар багыт жана түзүмдүү нускама алышат:

- Жаштар өзүнүн кызыкчылыктарын жана жөндөмдүүлүгүн аныктап билишет.
- Кесиптер тууралуу маалыматтар менен таанышат.
- Алар өздөрүнүн жекече инсандык өзгөчөлүгүн кесиптердин талаптары менен салыштырат.
- Кесиптерди иликтеп үйрөнүшөт.
- Чечим кабыл алышат.

Иш дептери жекече кеңеш берүү үчүн колдонмо катары кызмат кылат жана түзүмдүү курам алууга мүмкүндүк берет. Аны жаштардын керектөөсүнө жараша комплекстүү түрдө же бөлүп-бөлүп пайдаланууга болот. Иш материалын кандай колдонуу керектиги жөнүндө чечим кабыл алуу кесипке багыттоочу кеңешчинин компетенциясына кирет.

## 7 ЫРААТТУУЛУК

Ырааттуулук күндөлүктүн түзүмү жана кесипти тандап алуу боюнча илимий негизделген кадамдар менен аныкталат.

# 4.1.6 БӨЛҮМГӨ. «БЕШТИ КОЛДОНУП КӨР» УКМУШТУУ ОКУЯЛУУ КАТТАМЫНА КОЛДОНМО

## 1 КЫСКАЧА БАЯНДАМА

Бул курс жаштардын компетенттүүлүгүн жана мүнөзүнүн күчтүү жактарын талдоо максатында укмуштуу окуяларга багытталган компонент болуп саналат. Курстан өткөн окуучулар оюн түрүндө өздөрүнүн купуя таланттарын аныкташат жана муну менен мүнөзүнүн күчтүү жактары жана кызыгууларынын үстүндө иштөө үчүн андан аркы шыктандыруучу күчкө ээ болушат. Ошентип, «Бешти колдонуп көр» курсу жаштардын дараметине талдоо жүргүзүүнүн бир бөлүгү, ийгиликтүү кесипке багыттоонун негизи катары кызмат кылат.

Курс беш бекеттен турат, алар беш сезим-туюмга карайт. Ар бир окуучу бекеттерде айрым бир тармактар аралык көндүмдөрдү талап кылган тапшырмаларды аткаруусу керек.

«Бешти колдонуп көр» курсу жөнөкөй жолдор менен ишке ашырылат, көп чыгымдарды талап кылбайт жана катышуу үчүн анча психологиялык тоскоолдук түзбөйт. Курс жаштарды компетенттүүлүктү талдоо темасы менен тааныштыруунун эң ылайыктуу куралы болуп саналат.

## 2 КОЛДОНУУ МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРҮ

Курсту ар түрдүү иш чараларда, мисалы бош иш орундарынын жарманкелеринде, Ачык эшиктер күнүндө, мектептик акцияларда, сабактарда, класстан тышкаркы иштерде колдонууга болот!

## 3 МАКСАТТУУ ТОП

Максаттуу топ – кесип тандоо алдында турган 13-17 жаштагы өспүрүмдөр.

## 4 КӨЗДӨГӨН ОЮ/МАКСАТЫ

Ар бир жаш адамдын мүнөзүнүн күчтүү жактары бар, ар бир адам кандайдыр бир ишти өзгөчө жакшы аткара алат. Курстун жүрүшүндөгү тапшырмаларды аткарууда анын бул жөндөмдөрү ачык көрүнөт. «Бешти колдонуп көр» курсунун милдеттери

конкреттүү иш-аракеттерге багытталган жана кесиптик чөйрөдө өз орду бар тармактар аралык компетенциялар үчүн тажрыйбалык мааниге ээ.

Окуучулар курстун жүрүшүндө беш бекетте ой-сезимин топтоо, ишти аткаруу арымы, эске тутуу же көйгөйлөрдү чечүү сыяктуу беш сезим-туюмун колдонуп оюн түрүндө өздөрүнүн тармактар аралык көндүмдөрүнө талдоо жүргүзүшөт. Ой-туюмун топтоо жөндөмдүүлүгү көптөгөн кесиптер үчүн маанилүү болсо, көйгөйлөрдү чечүү жөндөмү өнөр ишинде керек болот, ал эми ишти аткаруу арымы соода тармагында зарыл нерсе.

Өспүрүмдөрдүн бул компетенциялары курстун жүрүшүндө оюн түрүндө эсепке алынат жана тикелей өспүрүмдөргө кабарланат.

Кесипке багыттоо боюнча бардык иш-чаралардын максаты кесиптик чөйрөгө өтүүнү жакшыртуу болуп эсептелет.

## 5 МАТЕРИАЛ

Курсту өткөрүү боюнча колдонмо, материалдардын тизмеси, кураторлор үчүн нускама жана даярдануу үчүн текшерүү тизмеси иштелип чыккан.

## 6 КОЛДОНУУ ЖАНА БААЛОО

Курсту ар түрдүү иш-чараларда колдонууга болот. Ага катышуу үчүн психологиялык тоскоолдук жокко эсе, ошондуктан кеңешчи көптөгөн жаштар менен жолугушуп, алардын көңүлүн кесипке багыттоонун тематикасына буруу мүмкүнчүлүгү бар.

Ишти баалоо ар бир бекетте куратордун вербалдык кайтарым байланышы аркылуу жана карточкаларына упайларды кошуу жолу менен ишке ашырылат

## 7 ЫРААТТУУЛУК

### Даярдык көрүү:

Курсту өткөрүүгө даярдык көрүү зарыл. Бул үчүн колдонмону пайдаланып, анын жардамы менен бекеттерди жана керектүү бардык материалдарды уюштура аласыз. Бул ишти бир адам аткарышы мүмкүн. Мындан тышкары, иш-чараны өткөрүү күнүндө кызматкерлердин тиешелүү ресурсу болушу керек. Ар бир бекетте бир куратор жана каттоо жайында же маалымат бурчунда бир адам болушу зарыл, ал иштин башында түшүндүрмө берет, ошондой эле курс аяктагандан кийин белектерди тартуулайт.

Кураторлор курстун баяндамасы, милдеттери жана эске алынуучу тармактар аралык компетенциялар менен тааныш болушу талап кылынат. Тапшырмалар жаштардын мүнөзүнүн кайсы күчтүү жактарын же жөндөмдөрүн камтый тургандыгы ачык болушу керек.

### Аткаруу:

Катышуучуларга адегенде курстун кыскача баяндамасы жана ар бирине жекече «упайлардын карточкасы» берилет. Алар тапшырмаларды ар кандай тартипте аткарса болот. Тапшырманы аткарып бүтөр замат, бекеттин кураторунан жекече жооп алышат. Мисалга алсак, «сен абдан көңүл бөлүп иштедиң/сен иштеп жатканда алаксыган жоксуң/сен тапшырмаларды өтө тез аткардың» деген сөздөр менен мүнөзүнүн күчтүү жактары баса белгиленет. Тапшырмалар аткарылып бүткөн соң, окуучунун ийгиликтүү катышкандыгы белгинин, чаптаманын же мөөрдүн жардамы менен баалоо карточкасында тастыкталат. Бардык бекеттерден өткөндөн кийин, катышуучулар каттоо жайында чакан белек алышат, мисалы: маалыматтык материалы бар баштыкча, калемсап, маркер ж.б. таркатылуучу материал.

Курстун жүрүшүндө жаштар башка кесиптик сунуштар менен таанышып жана чакырык алышы ыктымал.

# 4.1.6 БӨЛҮМГӨ. «БЕШТИ КОЛДОНУП КӨР» КУРСУНА КОЛДОНМО





| **СЕЗҮҮ БЕКЕТИ**<br>Ой туюмун топтоо жөндөмдүүлүгү. | **А ТАПШЫРМАСЫ:**<br>Картон кутучасын кармалап көрүү. | **ЭСКЕРТҮҮ:** |
|---|---|---|
| Материалы: | ‣ 2 түстөгү картон кагазы<br>‣ Өлчөмү болжол менен 18 x 12см<br>‣ Көзөгүч<br>‣ Желим<br>‣ Кайчы<br>‣ Сызгыч | |

**ДАЯРДЫК:**

2 түстөгү картон кагазына 6x6 см өлчөмүндөгү 6 квадрат чийгиле жана кесип алгыла. Бардыгы 12 квадрат болушу керек. Бир түстөгү 6 картаны алгыла, көзөгүчтүн жардамы менен 15 көзөнөк жасагыла, мисалы 1x6, 1x4, 2x2, 1x1, 1x көзөнөгү жок. Эми көзөлгөн карточкаларды көзөнөгү жок карточкаларга чаптагыла. Ошондо асты-арты ар түрдүү түстөгү 6 карточка калат. Аларды көзөнөгүн ылдый каратып үстөлгө жайгаштыргыла.

**АТКАРУУ:**

*Бул жерде ой-туюмун топтоо талап кылынат. Өспүрүм карталарды бирден алып, ылдыйкы бетиндеги көзөнөктөрдү кармалап көрүп, канча экенин эсептеши керек. Жыйынтыгын текшериңиз.*

*«Сенин алдыңда карточкалар жатат. Аларды колуңа ал да, кармалап көр.*
*Канча чуңкурча бар экенин сездиң?»*




| **АЛЬТЕРНАТИВА:**<br>**СЕЗҮҮ-ТУЮУ БЕКЕТИ:**<br>Көйгөйлөрдү чечүү жөндөмдүүлүгү | **В ТАПШЫРМАСЫ:**<br>Салмакты баалоо. | **ЭСКЕРТҮҮ:** |
|---|---|---|
| Материалы: | › 6 бош бөтөлкө же банка<br>› банкаларды жабуу үчүн<br>› желимдүү жука каптама же боёк<br>› 1 кг жакын майда таш<br>› өлчөмү 12 мм ге жакын<br>› 6 желимдүү чекит. | |

**ДАЯРДЫК:**

Сизге ар түрдүү өлчөмдөгү алты бош бөтөлкө же банка керек болот. Идиштер бирдей көрүнүшү үчүн жана ичиндеги азыктар же бренддин сүрөтүн көргөзбөө максатында идиштерди сыртынан чаптап же боёп коюу зарыл. Андан соң аларга майда таштарды ар кандай өлчөмдө салып чыгыңыз. Эң жакшысы: таш толтурулган идиштерди салмагына жараша кезеги менен 1ден 6 га чейин туура жайгаштыруу үчүн, алардын салмагын так өлчөп коюу керек. Желимдүү кичинекей чекиттерди 1 ден (жеңил) 6 га чейин (оор) номурлап, жеңилинен оорго карай идиштердин ылдый жагына туура белгилеп чаптап коюңуз. Катышуучулар салмагы өлчөмүнө жараша болот деп туура эмес жыйынтыкка келбеши үчүн, кичинекей идиштин салмагы чоң идишке караганда оорураак болгону максатка ылайык. Бардык идиштер бекеттин үстөлүнө аралашкан тартипте коюлат.

**АТКАРУУ:**

Оорбу же жеңилби? Катышуучу эми идиштерди өйдө көтөрүп же колунда салмактап көрүп көйгөйдү чечиши керек. Андан соң идиштерди салмагына жараша туура тартипте коюп чыгуу талап кылынат.

*«Сенин алдыңда ар түрдүү салмактагы идиштер турат . Аларды кезектүүлүк тартиби боюнча жайгаштырууга аракет кыл жана адегенде эң төмөнкү салмагынан башта».*






| УГУУ БЕКЕТИ: Эсинде сактап калуу жөндөмдүүлүгү. | ТАПШЫРМА: Эки окшош үнду аныктоо. | ЭСКЕРТҮҮ: |
|---|---|---|
| Материалы: | › каптама үчүн 10 куту же бирдей банкалар<br>› болжол менен Ø 12 мм өлчөмүндөгү 10 желимдүү чекит<br>› толтуруу үчүн 5 масса<br>› мүмкүн болгон массаларды тандоо: күрүч, туз, төөнөгүчтөр, майда таштар, кургатылган жер- жемиштер: буурчак/ төө буурчак/ жасмык, мык, басмактар | Цвет банок не имеет значения. |

## ДАЯРДЫК:


Каптама үчүн 10 куту же бирдей банкаларды алыңыз жана 5 толтурма тандаңыз. Ар бир 2 кутуга бирдей толтурма салынат. Эми желимдүү чекиттерди мындай түрдө номерлеңиз: 2 желимдүү чекитке эки жолу 1 деген санды жазыңыз жана ушинтип 5 ке чейин улантыңыз. Же болбосо ар бир жуп санга окшош түстү тандаңыз, ошондо 5 түрдүү желимдүү чекит болот. Банкалардын түбүнө тиешелүү сандарды чаптап бекеттин үстөлүнө аралашкан тартипте коюңуз

## АТКАРУУ:

Открыть уши и быть внимательным! Чтобы проверить, насколько сильна память подростка, он должен всегда найти 2 банки, которые производят один и тот же звук. Чем больше слышно фонового шума, тем сложнее становится эта задача.

*«Сенин алдыңда чакан банкалар турат. Аларды колуңа ал жана аларды чайкаганда кандай үн чыгарына кулак сал. Банкаларды үнүнүн бирдей чыкканына карата жайгаштыр».*





| **«ЖЫТ СЕЗҮҮ» БЕКЕТИ:** Тапшырма эскертүү иштин аткарылышы. | **ТАПШЫРМА:** Жыттарды салыштыруу. | | **ЭСКЕРТҮҮ:** |
|---|---|---|---|
| Материалы: | • каптама үчүн 10 куту же бирдей банкалар<br>• болжол менен Ø 12 мм өлчөмүндөгү 10 желимдүү чекит<br>• толтурмалардын тизмеси (1 барак)<br>• алакан өлчөмүндөгү 2 карточка<br>• суюк толтурмалар үчүн кебез | | Цвет банок не имеет значения. |
| | Ашкана үчүн:<br>• Ванилдүү кумшекер Жасмык<br>• Корица<br>• Кофе (күлмайдасы) Чай<br>• Уксус Чөптөр<br>• Идиш жуучу каражат. | Жуунма бөлмөсү үчүн:<br>• Дене үчүн крем/лосьон Самын<br>• Күндөн коргоочу крем<br>• Жуунуу үчүн сууга кошулмалар<br>• Дезодорант<br>• Атырлардын сынамы<br>• Тазалоочу каражат. | |

**ДАЯРДЫК:**

Ашкана жытынан 5 ти, ванна жытынан 5 ти тандап алып, 10 кутуга жайгаштырыңыз. Крем жана тазалоочу каражаттар төгүлүп калбашы үчүн кутуларга кошумча кебез толтуруп коюңуз. Толтурмаларды тандап алууда бат бузулуп кетүүчү заттар пайдаланылбаганын текшериңиз.

Атырлардын сынамы колдонулса, жыты дайыма сакталып турушу үчүн улам толуктап туруу керек. Кутуларга желимдүү чекит чаптаңыз жана номурлап коюңуз. Чекиттер катышуучуларга көрүнөө болушу мүмкүн. Номерлөө үчүн толтурмалардын тизмеси түзүлөт, демек кураторлор ашкана жана жуунма үчүн кутуларды тез шайкеш келтире алат. Кутуларды бекеттин үстөлүнө аралаштырып коюңуз. Үстөлдүн четине биринде «Ашкана», экинчисинде «Жуунма» деген жазуулары бар 2 карточка коюлат.

**АТКАРУУ:**

Ишти тез аткаруу керек! Өспүрүм ар бир кутуну катары менен удаа ачат, жыттап көрүп, мүмкүн болушунча тездик менен карточкалардын биринин тушуна коёт. Бардык жыттар туура аныкталдыбы?

*«Сенин алдыңда чакан кутучалар турат . Алардын жыты ар түрдүү. Кутучаларды кезеги менен ач жана «Жуунма» же «Ашкана» бөлмөлөрүнө тиешелүү жытты мүмкүн болушунча тез тандап алууга аракеттен».*

Өтүнүч: «Жыт сезүү» бекетинин катышуучуларына аллергия ыктымалдыгы тууралуу эскертиңиз. Буга тиешелүү эскерткич көрсөтмөлүү түрдө бекетке жайгаштырылышы/илиниши/орнотулушу зарыл.





| **«ДААМ» БЕКЕТИ:**<br>Көйгөйлөрдү чечүү жөндөмдүүлүгү. | **ТАПШЫРМА:**<br>Шоколаддын сортун аныктоо. | **ПРИМЕЧАНИЯ:** |
|---|---|---|
| Материалы: | › ынак сүттөн жасалган шоколад<br>› кыйгыл даамы бар (жартылай ачуу) шоколад<br>› ак шоколад<br>› бир жолу кийме мэелей<br>› 3 табак | 3 шоколад плиткасы болжол менен 20 катышуучуга жетет. Бул чыгымдарды мурдатан чечип алыңыз! |

**ДАЯРДЫК:**

Үч табактын ар бирине шоколаддын бирден сорту коюлат. Шоколаддардын плиткасын мурунтан кичинекей кесимдерге бөлүп, табактарды бекеттин үстөлүнө коюңуз. Гигиеналык талап боюнча катышуучуларга шоколадды бөлүп берүү үчүн бир жолу кийме мэелей пайдаланыңыз.

**АТКАРУУ:**

Таттуу шоколадбы же бир аз кыйгыл даамы барбы? Көзү байланган өспүрүмгө сунушталган шоколаддын үч түрүнөн: ынак сүттөн жасалган, кыйгыл даамы бар (жартылай ачуу) жана ак шоколаддан 2 түрдүү сорту берилет, ал даамдап көрөт. Эми даамы боюнча кайсы эки сорту экенин аныкташы керек.

*«Сага ар түрдүү сорттогу шоколаддын бирдей эки кесими берилет, аны сен бир убакта оозуңа салышың керек. Ал сорттор төмөнкүлөр: ынак сүттөн даярдалган шоколад, кыйгыл даамы бар шоколад жана ак шоколад. Сенин милдетиң – көзүңдү ачпай туруп, даамы боюнча эки сорттогу шоколадды аныктап беришиң керек».*

Өтүнүч: «Жыт сезүү» бекетинин катышуучуларына аллергия ыктымалдыгы тууралуу эскертиңиз. Буга тиешелүү эскерткич көрсөтмөлүү түрдө бекетке жайгаштырылышы /илиниши/орнотулушу зарыл (түпнускасын караңыз).



| «КӨРҮҮ» БЕКЕТИ: Оюн топтоо жөндөмдүүлүгү. | ТАПШЫРМА: Басмактарды ылгап алуу. | ЭСКЕРТҮҮ: |
|---|---|---|
| Материалы: | › 55 х 40 см өлчөмүндөгү картон даярдама<br>› 75 х 60 см өлчөмүндөгү (өзү желимдөөчү) жылтырак 1 каптама<br>› 30 кара топчу, мисалы Ø 23 мм жана 2 көзөнөк<br>› 15 кара топчу, мисалы Ø 22 мм жана 4 көзөнөк<br>› топчуларды салуу үчүн 2 идиш<br>› 1 секунда өлчөгүч<br>› Кайчы<br>› Сызгыч | Топчулар формасы, түсү жана өлчөмү боюнча окшош болушу маанилүү.<br>Ошондой эле эки катышуучунун ортосунда мелдеш уюштурса болот. Бул үчүн материалды эки эселенген өлчөмдө даярдап алуу. |

**ДАЯРДЫК:**

55 см х 40 см өлчөмүндөгү картон дайындама кесип алыңыз. Ага бир бетин толук жапкандай кылып, жылтырак фольганы чаптаңыз. Топчуларды (30 чоң жана 15 кичинекей) каптама га ар кандай жайгаштырыңыз.

**АТКАРУУ:**

*Бул тапшырманы аткарууда кабыл алуу, аткаруу жана оюн топтоо зор мааниге ээ! Тездик менен 15 кичинекей топчуну тандап алуу жана четке коюу керек. Убакытты өлчөп коюңуз*

*Тапшырманын экинчи варианты катары эки эселенген материал даярдап койсо болот. Бул учурда 2 секунда ченегич менен эки катышуучунун жыйынтыгын өлчөө керек.*

*«Сенин алдыңда 2 башка өлчөмдөгү кара топчулар салынган батнус турат. Мүмкүн болушунча тезирээк 15 кичинекей топчуну тапканга аракеттен жана аларды батнустун жанына коюп чык. Бул иш үчүн сага 1 мүнөт берилет».*

## ҮЛГҮЛӨР ЖАНА КӨЗӨМӨЛ ТИЗМЕЛЕР

### Материалдардын тизмеси – тажрыйба үчүн материал 1:

| Материал | Саны | Өлчөмү |
|---|---|---|
| Картон (Көрүү бекети үчүн) | 1–2 | 55 см х 40 см |
| Картон (Сезүү-туюу бекети үчүн) | 2 (ар түрдүү түстө) | Ар бири 18 см х 12 см |
| Жалтырак фольга | 1–2 | 75 см х 60 см |
| Желимдүү чекиттер | 26 | болжол менен Ø 12 мм |
| Каптама үчүн кутулар | 20 | стандарттуу |
| Картон карта («Жыт сезүү» бекети) | 2 | handgroß |
| Кебез | 1 таңгак | стандарттуу |
| Кара топчулар I | 30 - 60 | Ø 23 мм |
| Кара топчулар II | 15 - 30 | Ø 22 мм |
| Сактоо үчүн идиш/баштыктар | 2 | Басмактардын салмагына жараша |
| Бөтөлкөлөр/банкалар | 6 | ар түрдүү өлчөмдө |
| Бөтөлкөлөр/банкалар үчүн боёк/ жабышкак каптама | 1 окшош боёк / жабышкак тасма | Бөтөлкөлөрдүн/банкалардын өлчөмүнө жараша |
| Таштар | 1 кг | майда таш |
| Көзөгүч | 1 | стандарттуу |
| Желим | 1 | стандарттуу |
| Кайчы | 1 | стандарттуу |
| Сызгыч | 1 | стандарттуу |
| Калемдер | 1–20 | стандарттуу |
| Дем берип сыйлоо үчүн белектер/ азембелектер | Катышуучулардын санына жараша | Кесипке багыттоо боюнча маалыматтык материалдар салынган калемсаптар, блокноттор, маркерлер ж.б. |
| Табактар | 3 | Аш табак өлчөмүндө |
| Бир жолу кийме мээлей | 1–5 жуп | стандарттуу |
| Кыйгыл даамдуу шоколад | 1 (катышуучулардын санына жараша) | стандарттуу |
| Ынак сүттөн жасалган шоколад | 1 (катышуучулардын санына жараша) | стандарттуу |
| Ак шоколад | 1 (катышуучулардын санына жараша) | стандарттуу |

### Материалдардын тизмеси – тажрыйба үчүн материал 2:

| Матерал Саны Өлчөмү | Количество | Размер |
|---|---|---|
| Сарпталуучу материалдардын төмөнкү тизмеси сиздин тандооңуз үчүн сунушталат. Өтүнүч: Угуу жана Жыт сезүү бекеттери үчүн кайсы толтурмаларды пайдаланарыңызды алдын ала чечип алыңыз. | | |
| Күрүч | 2 аш кашык | стандарттуу |
| Туз | 2 аш кашык | стандарттуу |
| Буурчак/маш буурчак/ жасмык/ кургатылган жер- жемиштер | 2 аш кашык | стандарттуу |
| Төөнөгүчтөр | 2 аш кашык | стандарттуу |
| Мыктар | 2 аш кашык | кичинекей |
| Басмактар | 2 аш кашык | стандарттуу |
| Ванилдүү кант | 1 аш кашык | стандарттуу |

| Матерал Саны Өлчөмү | Количество | Размер |
|---|---|---|
| Кофе | 1 аш кашык | стандарттуу |
| Уксус | 1 аш кашык | стандарттуу |
| Чай | 1 аш кашык | стандарттуу |
| Чөптөр | 1 аш кашык | стандарттуу |
| Корица | 1 аш кашык | стандарттуу |
| Жасмык (гвоздика) | 1 аш кашык | стандарттуу |
| Идиш жуучу каражат | 1 аш кашык | стандарттуу |
| Денеге сүйкөөчү крем | 1 аш кашык | стандарттуу |
| Самын | 1 аш кашык | стандарттуу |
| Күнгө күйүүдөн сактоочу крем | 1 аш кашык | стандарттуу |
| Тиш пастасы | 1 аш кашык | стандарттуу |
| Жуунуу үчүн кошулмалар | 1 аш кашык | стандарттуу |
| Атырлардын сынамы | 1 чай кашык | стандарттуу |
| Тазалоочу каражат | 1 аш кашык | стандарттуу |

**Материалдардын тизмеси – басылып чыгуучу материал:**

| Продукт | Указания/советы |
|---|---|
| Баруучу жайлардын картасы | нуска: күтүлгөн катышуучулардын санына жараша болот, бир адамга бирден карточка берилет |
| Стикер (же сезимдерди билдирүүчү айрым бир белгилер) | › Баруучу жайлардын картасы үчүн Ø 16 мм өлчөмүндө чаптамаларды даярдап койсо болот.<br>› ар бир катышуучуга бардык бекеттер үчүн беш чаптама даярдап коюу керек<br>› альтернатива катары: бурчмөөр басуу же калемсап менен чымчыкча коюу |
| Бекеттердин колдонмосу | Ар бир бекетке жок дегенде бир колдонмо |
| Жетекчинин колдонмосу | Ар бир кураторго аткарууга даярдык көрүү/ нускама үчүн бир колдонмо |
| «Аллергия» көрнөгү | «даам» жана «Жыт сезүү» бекеттери үчүн бирден көрнөк |
| «Кош келиңиздер» көрнөгү | Каттамды баштоо үчүн бир көрнөк |
| Логотип | өздөрү даярдаган материалдарга чаптап койсо болот |
| Ачык каттар | Таркатылуучу материал үчүн даярдап коюуга болот |

## «БЕШТИ КОЛДОНУП КӨР» КУРСУН ДАЯРДОО ҮЧҮН КӨЗӨМӨЛ ТИЗМЕ

Төмөнкү жадыбал багыттама катары келтирилет. Бул мисалда идеалдуу шарттардагы иштизме болжолдонот. Курсту азыраак убакыт ичинде өткөрүүгө болот, бул үчүн айрым бир элементтерден (мисалы, плакаттарды, ачык каттарды ж.б.бастырып чыгаруудан) баш тартуу керек.

### «Бешти колдонуп көр» курсу башталарына 1–2 ай калганда:

- ☐ Максаттуу топ, максаттуу топтун жеткиликтүүлүгү, датаны аныктоо»
- ☐ Бюджетти мерчемдөө»
- ☐ Имаратты мерчемдөө (издөө жана сактап коюу)»

### Курс башталарына 2 жума калганда:»

- ☐ Кызматкерлерди тандап алуу жана сурам-талап
- ☐ Курс тууралуу кабарлоо (мисалы веб-сайтта, плакаттар, чакыруу кагаздары ж.б.)
- ☐ Иштер, максаттуу топко жараша

### Курс башталарына 1 ай калган мезгилде:

- ☐ Материалдарды иштеп чыгуу (колдонмо, баруучу жайлардын картасы, чаптамалар же бастырып чыгаруу, «таркатылуучу материал, маалыматтык материал ж.б.)
- ☐ Айрым бекеттер үчүн материалдарды сатып алуу, топтоо; көнүгүүлөрдү даярдоо, потенциалдуу «катышуучуларга чакыруу кагазын жөнөтүү
- ☐ Бекеттерди жайгаштыруу/мерчемдөө (өтүлүүчү жайга ыңгайлаштыруу)

### 1 ай калган мезгилде:

- ☐ Кызматкерлерди даярдоо – мазмуну жана уюштуруу боюнча маалымат
- ☐ Кызматкерлер үчүн өздүк белгилерин (бейджик) даярдоо.
- ☐ Материалды ташып келүүнү жана каттамдын курамын аныктоо
- ☐ Потенциалдуу катышуучуларга эскертме жөнөтүү

### Курс башталарына алдында же бир күн калганда:

- ☐ Материалды даярдоо жана сатып алуу
- ☐ Бекеттерди жана маалыматтык бурчту куруу
- ☐ Кызматкерлерге бекеттерде нускама берүү, балким сүрөткө тартуу

### Курс аяктагандан ошол эле күнү же кийинки күнү:

- ☐ Катышуучулардын курстагы ишин баалоо
- ☐ Бардык катышуучуларга ыраазычылык кат жөнөтүү
- ☐ Веб-сайт ж.б. үчүн иш кагаздарын даярдоо же максаттуу топ менен биргеликте жыйынтыктарды карап «чыгуу

## КУРАТОРЛОР ҮЧҮН МААЛЫМАТ PARCOURS

Урматуу кураторлор,

«Бешти колдонуп көр» кызыктуу курсун коштоп жүрүүгө даяр экениңер үчүн чын жүрөктөн ыраазычылык билдиребиз.

### Ишти аткарууда Сиз үчүн төмөнкү нускама маанилүү:

- Сиз «Бешти колдонуп көр» кызыктуу курсунун бекеттеринин биринде турасыз.
- Жаштар бекетке бирден же экиден болуп келишет.
- Эгерде эки өспүрүм бир бекетте бир убакта болсо, канча материал даярдалганына жараша тапшырмаларды удаалаш же кезектешип аткара алат. Эгерде өспүрүмдөр бекетте күтүп туруп калышса, кыска убакытка ченелген аралык тапшырмаларды аткарууга болот.
- Тапшырмаларды аткаргандан кийин, өспүрүмдөр ар бир бекетте тиешелүү кураторлордон чекиттердин карточкасына бурчмөөр/стикер алышат. (Альтернатива катары: картадагы тиешелүү белгини чымчыкча менен белгилеп коюуга болот).

### Кырдаалдарга мисал/көрсөтмөлөр:

Тапшырмалар биринчи кезекте жаштардын өз сезимдерин пайдаланышы жана сезип-туюсу үчүн түзүлгөн. Ошол эле убакта бул тапшырмаларды аткаруу үчүн ар түрдүү дисциплинардык көндүмдөрдү пайдалануу зарыл. Тапшырмаларды аткаруу алдында тиешелүү бекетте кайсы сезимдер көңүл борборунда болушу керектигин жана кайсы дисциплинардык компетенция талап кылынарын өспүрүмгө кыскача түшүндүрүңүз.

«Сезүү-туюу» бекетине кош келдиң. Бул жерде баарыдан мурун оюнду топтоо жөндөмдүүлүгүң талап кылынат».

Тапшырма аткарылып бүткөндөн кийин кыскача маектешүү – кайтарым байланыш жүргүзүлөт.

Катышуучуларга бул тапшырма канчалык туура аткарылганын түшүндүрөсүз. Баалоонун классикалык кырдаалы жаралбашы үчүн, оң натыйжалуу багыттарын баса көрсөтүү керек. Эгер тапшырмалар туура эмес аткарылган болсо, чечимге жетишүү үчүн катышуучу чыгармачылык менен же тутумдуу аракет кылганын эске алыңыз.

«Сен тапшырманын жарымын туура аткардың. Бирок мага – сен адегенде тапшырманы кантип аткаруу керектигин ойлонуштуруп алганың өзгөчө жакты».

Мындан аркы маектешүүдө – бекеттеги кайтарым байланышта компетенциянын зарыл белгиси жана анын канчалык деңгээлде көрсөтүлүшү конкреттүү каралат. Мында катышуучулардын инсандыгына эмес, бул милдетти чечүүгө багытталган позитивдүү коммуникация болушу маанилүү.

«Сен картон карточкалардагы чуңкурчаларды кармалап жана санап көргөн учурда абдан көңүл бөлүп, оюңду ошого топтодуң. Башка нерсеге алаксыбаганың эң жакшы. Ошондуктан, сен тапшырманы өтө тез аткардың».

Мындан тышкары, эгер убакыт болсо, жаштарга ар бир бекетте алардын өздүк кабылдоосу тууралуу сурамжылоо мүмкүнчүлүгү берилет. Жаштар өзүн баалоого үйрөнүшү ыктымал. Сиз катышуучулардын айткандарына баа бербейсиз.

«Сага тапшырманы аткаруу жеңил болдубу же оор болдубу? Бул тапшырмада сага кайсы нерсе көбүрөөк жакты?»

Курсту аяктагандан кийин жаштар менен тажрыйба алмашуу мүмкүнчүлүгү болот, бул учурда бардык тапшырмаларды аткаргандан кийин, кайсы компетенциялары күчтүү экенин алар баамдап билишет.

«Өтүнүч: сенин эң башкы талантың кайсы экендигин аныктаганга аракет кыл. Курс учурунда өзүң жөнүндө эмнелерди билдиң?»

Жыйынтыктап айтканда, кесиптик багыттоонун жана кесиптик мансапты колдоонун башка мүмкүнчүлүктөрүн көрсөтүүгө болот!!!

Курс аяктаган соң, өздөрүнүн карточкаларын тапшырууда катышуучулар маалыматтык материалдардын топтомун/сыйлык алышат.

Жаштар менен иштөөдө ийгилик жана кубаныч каалайбыз!

**БЕЛГИЛЕР:**



**«Сезүү-туюу» бекети:**

«Сенин алдыңда ар түрдүү салмактагы идиштер турат. Аларды иреттүүлүк тартиби менен жайгаштыр. Адегенде эң кичине салмактан башта».



**«Угуу» бекети:**

«Сенин алдыңда чакан банкалар турат. Аларды колуңа ал жана аларды чайкаганда кандай үн чыгарына кулак сал. Банкаларды үнүнүн бирдей чыкканына карата жайгаштыр»



**«Жыт сезүү» бекети:**

«Сенин алдыңда чакан кутучалар турат. Алардын жыты ар түрдүү. Кутучаларды кезеги менен ач жана «Жуунма» же «Ашкана» бөлмөлөрүнө тиешелүү жытты мүмкүн болушунча тез тандап алууга аракеттен».



**« Даам» бекети:**

«Сага ар түрдүү сорттогу шоколаддын бирдей эки кесими берилет, аны сен бир убакта оозуңа салышың керек . Ал сорттор төмөнкүлөр: ынак сүттөн даярдалган шоколад, кыйгыл даамы бар шоколад жана ак шоколад. Сенин милдетиң – көзүңдү ачпай туруп, даамы боюнча эки сорттогу шоколадды аныктап беришиң керек.»



**«Көрүү» бекети**

«Сенин алдыңда карточкалар жатат. Аларды колуңа ал да, төмөнкү бөлүгүн кармалап көр. Канча чуңкурча бар экенин сездиң?»

# 4.2 БӨЛҮМГӨ. СТУДЕНТТЕРДИ/ ЖОЖДОРДУН БҮТҮРҮҮЧҮЛӨРҮН ИШКЕ ОРНОШТУРУУ БОЮНЧА КОЛДОНМО

## 1 КЫСКАЧА БАЯНДАМА

Колдонмодо ишке орноштуруу боюнча маалыматтар жана кеңештер топтолгон. Алар студенттерге жана бүтүрүүчүлөргө ишке орношууда кезиккен суроолорго жооп табууга көмөктөшөт. Биринчи бөлүмдө ишке орношуу боюнча стратегияны иштеп чыгуунун негизги эрежелери берилген. Экинчи бөлүмдө ишке ийгиликтүү орношуу боюнча кеңештер сунушталган. Акыркы бөлүмдө маектешүүгө керектүү жалпыланган маалыматка негизги көңүл бөлүнөт. Колдонмо студенттерге жана бүтүрүүчүлөргө багышталган..

## 2 ОБЛАСТЬ ПРИМЕНЕНИЯ

Ишке орношуу боюнча колдонмо кесиптик багыттоо көрсөткөн кеңешчи тарабынан келип чыккан суроолорго байланыштуу кызыкдар тараптарга колдоо көрсөтүү максатында сунушталат. Колдонмону өз алдынча иштөө үчүн колдонууга болот, б.а. студент маалыматты иштеп чыгат жана өз алдынча ишке ашырат.

Ишке орношуу боюнча колдонмо ошондой эле университетте, бош иш орундарынын жарманкесинде ж.б. максаттуу топтор менен чакан семинар өтүү үчүн негиз боло алат.

Мындан тышкары, маалыматка эркин жеткиликтүү болууну камсыздоо максатында электрондук түрдө жүктөп алуу максатка ылайыктуу.

## 3 МАКСАТТУУ ТОП

Руководство по трудоустройству адресовано студентам последних курсов, выпускникам, молодым специалистам на этапе трудоустройства.

## 4 КӨЗДӨГӨН ОЮ/МАКСАТЫ

ЖОЖдордун бүтүрүүчүлөрү менен жаш адистерге арналган колдонмо өз алдынча иштөө үчүн маалыматтык китепче түрүндө түзүлгөн. Мындан тышкары, материалдардын топтому катары кесиптик багыттоо боюнча кеңешчи тарабынан кесиптик ишмердүүлүгүндө жана университеттер менен кызматташуу үчүн колдонулат.

Китепче киришүү түрүндө түзүлгөн жана окурман үчүн толук маалыматты камтыбайт.

Ошол эле учурда колдонмодо ишке орношуу процессинин баяндамасы, негизги эрежелери берилет, ишке орношуу кадамдарын кезек ирети менен аткаруу ыкмасы түшүндүрүлөт. Китепче силерге өзүңөр, өз максатыңар жөнүндө ойлонууга, эмгек рыногу тууралуу маалымат алууга, туура мамиле кылууну өнүктүрүүгө жана жигердүү болууга түрткү берет! Андан соң китепчеде ишке орношуу тартиптерине жана документтерге негизги көңүл бөлүнөт. Китепчеде мисалдар келтирилет жана жаштарга өзүнүн кесиптик келечегин түзүүдө демилгени өз колуна алуу сунушталат. Аягында окурманды маектешүүдөн ийгиликтүү өтүү үчүн даярдайт. Сунуштар, болжолдуу суроолор баяндалат, дененин тили, тышкы келбети боюнча түшүндүрмөлөр берилет.

Эгер бул маалыматтар окурман үчүн жетишсиз болсо, андан ары суроолорду тактап алуу максатында китепченин аягында иш менен камсыздоо кызматынын жана кесиптик багыттоо боюнча кеңешчинин байланыш телефондору көрсөтүлөт. Максаты – бүтүрүүчүнү ишке орношуу жараянына жана өзүнүн жекече жолун табууга максаттуу даярдоо болуп эсептелет. Ургалдуу даярдоонун натыйжасында баарыдан мурун өз күчүнө ишеним пайда болот.

Ишке орношуу боюнча колдонмону бүтүрүүчүлөр үчүн иш баракчалары, компетенцияларга өзү талдоо жүргүзүү жана маектешүүдөгү суроолор менен толуктоо максатка ылайыктуу.

## 5 МАТЕРИАЛ

Ишке орношуу боюнча колдонмо орус жана кыргыз тилдеринде чыгарылат.

## 6 КОЛДОНУУ

Ишке орношуу боюнча маалыматтык китепче жекече кеңешме берүүдө же максаттуу топ үчүн семинар өтүүдө колдонулат. Кеңешчи жардам сурап кайрылган бүтүрүүчүгө бул китепчени сунуштай алат жана зарылдыгы болсо бул документ боюнча аны менен биргелешип иш алып барат.

Кандай болсо да, кеңешчи андан ары колдоо көрсөтүшү керек.

Ишке орношуу боюнча колдонмо - бүтүрүүчүлөр менен жаш адистер сыяктуу маанилүү максаттуу топ үчүн сунуш, нускама болуп саналат. Анын жардамы менен иш менен камсыздоо кызматынын кызматкерлери максаттуу топторго өзүнүн ишмердүүлүгүн жарнамалайт жана андан аркы кызматтарды сунуштайт.

# 4.2 БӨЛҮМГӨ. МАЕКТЕШҮҮДӨГҮ СУРООЛОР - СТУДЕНТТЕР/ЖОЖДОРДУН БҮТҮРҮҮЧҮЛӨРҮ ҮЧҮН МААЛЫМАТТЫК БАРАКЧАЛАР – КОЛДОНМО

## 1 КЫСКАЧА БАЯНДАМА

«Маектешүүдөгү суроолор» маалыматтык баракчалары потенциалдуу талапкерлерге маектешүүдө кездешүүчү суроолор менен таанышууга жана жоопторун даярдап алууга мүмкүнчүлүк түзөт. Баракчалар тиешелүү суроолор берилүүчү маектешүү баскычына багытталган. Алар талапкерди маектешүүгө даярдоо, уяңдыкты төмөндөтүү, өзүн талдоого дем берүү, ошондой эле «өздүк маркетингге» же жекече ийгиликтүү презентация кылууга колдоо көрсөтүү үчүн арналган.

## 2 КОЛДОНУУ МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРҮ

Маалыматтык баракчалар кесипке багыттоо боюнча кеңеш берүүчү тарабынан кызыкдар тараптарга суроолор жаралган учурда жардам көргөзүү үчүн берилет.

Маселелерди андан ары жекече кеңеш берүүдө талкуулоого же семинарларда, мисалы, ролдук оюндарда колдонууга болот. Мындан тышкары, маалыматты жүктөп алуу үчүн электрондук түрдө берүү максатка ылайыктуу.

## 3 МАКСАТТУУ ТОП

Маектешүүдөгү суроолор жөнүндөгү маалымат бүтүрүүчүлөр жана жаш адистер тарабынан берүү баскычында колдонууга арналган.

## 4 НЕГИЗГИ ОЙ, КӨЗ КАРАШ/МАКСАТТАР

Маалыматтык баракчалар өтүнмө берүү баскычында пайдалануу максатында жана маектешүүгө ыкчам даярдануу үчүн түзүлгөн. Көптөгөн жаш адистер маектешүүдөн өтүү жана аларга берилиши ыктымал болгон суроолорго жооп берүү тажрыйбасына ээ эмес.

Алар иш берүүчү менен маектешүүгө таптакыр даярдыгы жок барышат, натыйжада мындай маанилүү мүмкүнчүлүк менен толук кандуу пайдалана албай калышат, ал түгүл иренжип жана үмүтүн үзүп калуусу да ыктымал.

Иш дептери окурмандарга даректелген жана ар түрдүү кырдаалдардагы маселелерге: тапшырык берүү кырдаалы, компетенциялардын профили, ишке мотивация, жекече инсандык сапаттар, ишке мамиле, иш издөөчүнүн компания тууралуу билими сыяктуу суроолорго көңүл бурат. Бул маалыматтар бул маселелерге кызыгуу жаратуу үчүн арналган.

Иш дептеринин негизги максаты – толкунданууну азайтуу, өзүн кармоо кыялын жакшыртуу жана максатка багытталган даярдыктан өтүү аркылуу өзүнө ишенүүчүлүктү жогорулатуу болуп саналат.

## 5 МАТЕРИАЛ

Маектешүүдөгү суроолор орус жана кыргыз тилдеринде берилген.

## 6 КОЛДОНУУ

«Маектешүүдөгү суроолор» маалыматтык баракчалары жекече кеңеш берүүлөрдө же максаттуу топтор үчүн уюштурулуучу семинарларда колдонулат. Кеңешчи кеңеш сурап кайрылган кардарлардын көңүлүн сөзсүз бул баракчаларга жигердүү бурушу керек.

Ал кеңеш сурап кайрылган кардарларга кеңеш берүү учурунда маектешүү үлгүсүн түзө алат жана суроолорго болжолдуу жоопторду даярдашат.

Ошондой эле чакан семинарда бүтүрүүчүлөрдүн айрым бир тобу менен суроолорду карап чыгып ролдоштурулган оюндарды өткөрүүгө болот.

Дегинкиси, чыгармачылык менен мамиле кылышы зарыл. Кеңешчи жаштардын иш издөө аракетин тыкат иштеп чыгуу үчүн аларды кызыктырган суроолорго жооп берүүгө, колдоо көрсөтүүгө жана дем берип шыктандырууга даяр болушу талап кылынат.

# 4.2. БӨЛҮМГӨ. ЖОЖДОРДУН БҮТҮРҮҮЧҮЛӨРҮНҮН КОМПЕТЕНЦИЯЛАРЫН ТАЛДОО ҮЧҮН ИШ БАРАКЧАЛАРЫ - КОЛДОНМО

## 1 КЫСКАЧА БАЯНДАМА

Компетенциялардын профилинин иш барактары университеттердин бүтүрүүчүлөрүнө компетенцияларын тез өнүктүрүүгө дем берет. Алар бүтүрүүчүлөрдүн билим алуу баскычтарын, окутуу, дасыкка ээ болуу жана башка иш тажрыйбаларынын тоомчекитин чагылдырат. Бүтүрүүчүлөргө өзүнүн өмүр баянын дыкат үйрөнүү сунушталат, бул ага баскан жолунун ар түрдүү баскычтарында ээ болгон компетенцияларын баамдап түшүнүү үчүн көмөкчү болот. Иш баракчалары бүтүрүүчүнү өзүн өзү талдоого шыктандырышы керек.

Алар бүтүрүүчүнүн компетенциясынын жекече профилин көрсөтмөлүү түрдө чагылдырышы зарыл, анткени бош иш орунду издөөдө документтерди максатка багыттап тапшыруу үчүн пайдаланууга болот.

## 2 КОЛДОНУУ МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРҮ

Иш баракчалары ЖОЖдордун бүтүрүүчүлөрүнө өз алдынча баалоодо жардам берет, ЖОЖдоо/иш менен камсыздоо борборлорунда кеңешчилердин ишине көмөктөшөт жана жүктөп алуу үчүн электрондук түрдө жеткиликтүү болушу ыктымал.

## 3 МАКСАТТУУ ТОП

Максаттуу топ – акыркы курстун студенттери, бош иш ордун издөө үчүн документтерди тапшырып жаткан баскычтагы ЖОЖдордун бүтүрүүчүлөрү, аспиранттар.

## 4 НЕГИЗГИ ОЙ, МАКСАТЫ

Иш баракчалары бүтүрүүчүлөр тарабынан бош иш ордун издөөгө документтерди тапшыруу жана өздөрүнүн компетенцияларын интенсивдүү иликтөө үчүн иштелип чыккан.

Академиялык билим алгандыгына карабастан, көпчүлүк бүтүрүүчүлөрдүн эмгек рыногу тууралуу жана арыздарды тапшыруу тартиби жөнүндө маалыматы жок. Алар сынакка максатсыз, мерчемсиз жана стратегиясыз катышат, бул алардын аракетин оорлоштурат же тоскоолдук жаратат. Алар көп учурда мамилелерди (үй-бүлөлүк) пайдаланышат жана эреже катары өздөрүнүн профилин, дасыгын колдонушпайт же чектелүү түрдө гана колдонушат. Бул «мээни ысырап кылууга» алып келет (мисалы, инженер-куруучу байкесинин мейманканасында тейлөө кызматында же меймандарды каттоо бөлүмүндө иштейт, экономист болсо аталаш агасынын тигүү цехинде тигүүчү болуп иштейт), ошондой эле жеке инсандык өнүгүшүнө жана экономикалык өнүгүүгө терс таасирин тийгизет.

Мындан тышкары, жаш адистер бош иш ордун издөөгө документтерди тапшырууда ЖОЖду бүтүргөндүгү тууралуу маалыматты гана көрсөтүшөт, бул жагынан профили боюнча өздөрүнүн атаандаштары менен бирдей эле орунда болот. Алар өздөрүнүн артыкчылыктуу өзгөчөлүктөрүн, мисалы тилдерди билүүсүн, эл аралык тажрыйбасын, маалыматтык технологиялар жаатындагы билимдерин же тажрыйбалык иш тажрыйбасын баса көрсөтүшпөйт.

Өзүнүн өмүр баянын карап чыгуу аркылуу жаш адистер өз профилин айырмалай билишет жана иш издөөгө кошо алышат.

Жаш адистерге оорчулук келтирбеш максатында же ыңгайсыздык жаратпаш үчүн, иш баракчалары көлөмү боюнча чектелүү болот.

Өзүн талдоонун жыйынтыктары төмөнкү учурларда пайдалуу болушу ыктымал:

- адистик билимдерин же тажрыйбасын көрсөтүү үчүн арыз-катты түзүүдө.
- маектешүүдө презентациясын көргөзүү үчүн.
- кесиптик максаттуу иш ордун/милдеттерин же тармактарын чектеп көрсөтүү үчүн.
- конкреттүү кесиптик өнүгүү тууралуу стратегиялык чечим кабыл алуу үчүн.
- өзүн бир кыйла аң-сезимдүү түрдө кабылдоо үчүн.

Иш баракчалары менен иштөөнүн максаты – бүтүрүүчүнүн өзүнө ишенимин арттыруу, мүнөзүнүн күчтүү жактарын, таланттарын жана тажрыйбасын ачыктоо жана өзүн баамдап билүү. Иш баракчалары иш ордун издөөгө документтерди тапшыруу боюнча колдонмо жана маектешүүгө белендетелген суроолордун каталогу менен бирге сынакка катышуу стратегиясын иштеп чыгуу үчүн бекем пайдубал түптөйт.

## 5 МАТЕРИАЛ

Маектешүүдөгү суроолор орус жана кыргыз тилдеринде берилген.

## 6 КОЛДОНУУ

Тажрыйбалуу кеңешчи бүтүрүүчүлөргө кеңеш берүүдө маанилүү роль ойнойт жана максаттуу топко өзгөчө маани берет.

Университеттердин бүтүрүүчүлөрү Кыргызстанда бир катар себептерден улам маанилүү максаттуу топ болуп саналат жана ошондуктан иш менен камсыздоо борборлорунда кардарга багытталган сунуштарды алышы керек.

- Жаштар - Кыргызстандын келечеги.
- Бул максаттуу топко буга чейин эле көп экономикалык капитал инвестицияланган.
- Бүтүрүүчүлөр расмий жумушсуздардын олуттуу бөлүгүн түзөт.
- Жаш адистер өз потенциалдарын эмгек рыногунда жана экономикада колдонуу менен иш менен камсыз кылууга көмөк көрсөтө алат.

Бүтүрүүчүлөр үчүн иш материалдарын кеңешчи өзүнүн кеңеш берүү ишмердүүлүгүндө пайдаланат.

Колдонмо ошондой эле мансап куруу маселелери боюнча студенттер менен баарлашууда, кеңеш берүүгө даярдык көрүүдө жана ишенимди бекемдөөдө пайдалуу болушу мүмкүн.

Эреже катары, университеттердин бүтүрүүчүлөрүнө кеңеш берүүдө компетенттүүлүк профили тууралуу өзүн талдоодон баштоо максатка ылайык. Бул жаш адиске ар тараптуу талдоо жасоого, өзүнүн профилин таанып-билүүгө жана ага жараша максаттарды табууга мүмкүндүк берет. Бул иштен кийин гана иш ордун издөө үчүн колдонмо боюнча иш аткарылат жана аягында маектешүү үчүн суроолор каралат.

Кеңеш берүүнүн жүрүшүндө талапкерлерге дайыма колдоо көрсөтүп жана дем берип туруу зарыл. Кеңешчи кеңеш берүү учурунда иштин ар түрдүү багыттарынын талаптарын тактайт, деталдарына көңүл бурат жана ишти жигердүү издөөгө көмөктөшөт. Ошону менен бирге кеңешчи талапкердин жекече демилгесин талап кылат жана тиешелүү жардам көргөзөт.

**Deutsche Gesellschaft für Internationale Zusammenarbeit (GIZ) GmbH**
**Программа «Содействие занятости и профессиональному обучению»**

Ул. Исанова 96
720001, Бишкек,
Кыргызстан

Т 47 91 90 312 996+
Ф 58 65 90 312 996+
I www.giz-employment.kg